
С кырг
К 23

Жээнбек
Каримов

КЫЗГАНЧААК ЭРКЕК





Жээнбек
Каримов

КЫЗГАНЧААК ЭРКЕК

ХРАНЕНИЕ



С кирг
К 23

Жээнбек
Каримов

КЫЗГАНЧААК ЭРКЕК

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ.№ 438880

ХРАНЕНИЕ

ББК84.Ки 7—4
К 23


К. Ж. С. А. Ж. Б.
Бишкек—1993

Жазуучу Жээнбек Каримов окурман журтуна «Чоконун жоруктары» аттуу сатиралык китеби аркылуу таанылган эле. Бул жаңы китебинде да сатиранын салтын улап, китепкөйлөргө күлкү тартуулоого аракет кылат. Ошондой эле ал терең психологиялык маанайда жазылган аңгемелеринде да жоргосун бузбагандыгы ушул китептен таасын көрүнөт.

© Кыргыз жазуучулар Союзунун адабият жайылтуу бюросу.
1993

К4702300100

ЮМОРДУК АҢГЕМЕЛЕР



«ӨЗҮБҮЗДҮН» НЕМИСТЕР

Согуш талаасында Чонтой немистин өлүгүнө кабылат. Ал бечара сууга түшөм дегенби, айтор тыш кийимдерин чечип, этиеттик менен бүктөп, таш үстүнө койгон экен, өзүнө ошондон кийин ок жаңылган окшойт. Чонтой кийимге кызыга «ашык дөөлөт баш жарбайт» деп аны колтукка кыса жөнөдү. Ой-тоону таңыркай ыбырсып жүрүп биздикилердин чегинип кеткенин да сезбептир. Аңгыча немистер катуу чабуул коёт, өлөт деген ушубу деп жүрөгү түшкөн Чоко шашыла немис формасын кийип, өзүнүкүн дайрага ыргытат. Ошол учурда биздикилер кайра чабуулга өтүп, эми немистер чегинет. Чындап шаштысы кетет Чонтойдун. «Кудай уруп кайдагы форманы кие койдум эле, немис деп өзүбүздүкүлөр гана атып салат» — деп чебелектейт. Ошондо бекинүүгө шышып окопко боюн таштайт. Секирип баратып окоптогу төрт немисти көрө, неси болсо да ылым санамыш этип «здравствуйте» деп барк этет. Кайра чочуйт: «эми балакет баспадыбы, здравствуйтени немис түшүнмөк беле?». Аңгыча төрт немис Чонтойго шарт бурула:

— Здравствуйте! — дешет.

— Көрсө алар да «өзүбүздүн немистер» тура!

КҮЙГҮЗӨТ ДА ЧОНТОЙ

Отуздай немис Чоко менен Чонтойду ороп келе жаткан. Чоко огу түгөнүп Чонтойду шаштырат: «Бол эй, ыбырсыбай октон бер тез!» Себеби Чонтой автоматын жоготуп жиберип, октору толугу менен белдигинде жүргөн. Базар экономикасын көрүп калган Чонтой:

— Ар бири беш сомдон, — десе болобу.

ПАРТБЮРО

Чоко жаңыдан баш агрономдукка дайындалган, а кезде ал «партия, партбюро» дегендин маани-мазмунун кайдан билсин! Ар жумада эле директору баш адистери менен «бюрого» деп жөнөп калат да, сен беспартийныйлыгыңа карабай биз менен жүр, бирдеке сураса, керегиң тиет деп, аны да ээрчитип алат. Алар партбюрого кирет, Чоко көчөдө күтмөй. Бюродон тээ каш караранда чыгышат. Атасы өлгөнсүп баарынын кабагы карыш түшүп, директор болсо: «өлтүрдү да өлтүрдү, сокту да сокту, сойду да сойду» деп совхозго жеткенче кайгырат. Соксо, сойсо, урса бу партбюро деген өзү эмне экенине түшүнө албай Чоконун башы маң. Ошондойдун бир күнү директорду бошотуп, анын ордуна Чокону дайындашат. Бюросуз иш жүрбөсүн «далысында сезген»Чоко айылдагы Чонтой деген дөөпөрөстү чакырып, «Сен, дос, мындан ары биздин совхоздогу партбюросун, маяна аласың, өзүңчө иш бөлмөң болот. Анан мен начар иштегендерди чакырып сага жиберем, сен ура бересиң, ура бересиң, эси көөнүнөн чыккыс кыласың» дейт. Ошентип, бир жыл өтөт, иш жакшырат. Күндөрдүн биринде райкомдун биринчиси Чоконун совхозун кыдырып, анын иш аракетине ыраазы боло:

— Молодес, Чоко! Бу сен жаш туруп иштин көзүн кантип таптың? — деп сурайт.

— Сиздин жолду улап, бюро уюштурдум,— дейт.

— Кайдагы бюро, совхоздо бюро эмес, дирекция болот го?

— А мен партбюро уюштурдум. Ишенбесеңиз тиги кабинетке кириңиз,— дейт. Ачуусу келген биринчи «партбюрого» кирип кетет. Чонтой биринчини кайдан таанысын, адаттагыдай уруп кирсе:

— Ой, акмак, сен кандай зөөкүрсүң? Мен деген биринчимин, биринчи! — деп айкырат.

— Сен биринчи да, акыркы да эмессиң,— деген экен Чонтой.

ШЫБЫРАШЫП...

Чоко дагы эки шериги менен жунглиде адашып жүрүп, киши жегич адам-жапайыларга туш келишет. Үчөөнү кармап алышып, адам-жапайылар оюн курушат. Алар сөздү кадимкидей түшүнүп, өздөрү да кадыресе сүйлөшөт имиш. «Табышмак айткыла, эгер жандырмагын таппай калсак тирүү каласыңар, таап алсак силерди жеп коёбуз» дептир. Чоконун бир шериги шашкалактап «телевизор» дей салат. Жапайылар беркилерге угузбай көпкө шыбырашат да:

— Айнеги бар төрт бурчтукпу, ичинен киши көрүнөбү? Аны билебиз,— деп табышмак айтканды тытып-тытып жеп коюшат. Экинчи шериги тигини көрүп муун-жүүнү бошой, өң алеттен кете «самолет» дейт. Тигилер дагы бир дем шыбырашып:

— Асманда учкан темирби? Аны билебиз,— деп тигини да жеп жиберишет. Кезек Чокого келет. Чоко тобокел кыла, «партбюро» дейт. Тигилер бир аш бышым шыбырашса да таба алышпайт, анан алардын атаманы: «Сен тирүү калдың, эми жандырмагын өзүң айтып бер» — деп суранат. Анда Чоко:

— Партбюро деген куду ушу силерге окшоп шыбырашып-шыбырашып туруп, ар кандай адамды жеп коёт,— деген экен.

КУДАЙ УРУП...

— Ай, ушу күйгүзөт да! Карга бок чокуй электе таттуу уйкуну бузган кайсы чокунду жегир экен? — деп наалый тилпонго жетти Чонтой.

— Ало, ало, Чонтойсуңбу?

— Айта бер дартыңды, эмне керек менден?

— Тааныбай турасың го, кайбарым, мен Сакишиңмин.

— Оо, Сакишсиңби! Салам Сакишжан, как дела? Жүз сомдуктай болуп көрүнбөй кеттиң го? Өзүңдү өлгүдөй сагындым, бүгүн жолугалычы! — Чонтойдун уйкусу умачтай ачыла, жүрөгү алеп-желеп.

— Ээй, Чонтой! О, Сакишиң ким өзү, өлүгүңдү гана көрөйүн десе! — деген айкырыктан улам чочуган Чонтойдун колунан тилпондун трубкасы ыргып кетти. Кудай уруп кечээ эле үйлөнгөнү эсинен чыгып кеткен тура, караң калгырдыкы!

ДЕМОКРАТИЯ

Ала күү келген Чокону аялы астанадан аттата койбой каарып, зер-зеберине жетип баратканда чыдабаган Чоко:

— Эй, катын, эмнеге эле айкырасың, я? Асманынды карап

айкырсаң болоо! Бюрократтык-командалык заманың эбак өткөн, азыр деген демократия, өзүн-өзү башкаруу заманы, — деп аялынан өтө бакырганда укkан кулагына ишенбей аялынын оозунан сөзү учуптур.

КОТОРМО

Орус тилинен экзаменде окутуучу: «Испольняющий обязанности директора непольной средней школы имени Льва Толстого» дегенди кыргызчага которууну Чокого буйрат. Анда орус тилин семичкедей чаккан Чоко мындайча которуп койгон экен: «Жоон арстан атындагы толор-толбос мектептин болор-болбос деректири.»

БАЛАНЫН БАЙКАГЫЧТЫГЫ, АЙ!

Илгери ичкиликке азгырылып жүргөн жылдарынын биринде Чоко жумуштан чарчап келсе, алты жашар уулу алдынан чыгып, тааныбай калгандай атасына тигиле карап:

— Ата, бүгүн эмне жумушка барбадың? — деп сурайт.

— Бардым, уулум. Азыр жумуштан келатам,— деп аябай чарчаган Чоко сиркеси суу көтөрбөй, же баланын көңүлүн калтыра албай ооз учунан күңк этти.

— Калп айттың ээ, ата.— Баласы да Чокону кетире койбой алдын тороду.

— Чын, уулум, чын.

— Калп, ата, чын болсо эмне үчүн мас эмессиң,— деп тир уулу.

КАСАПЧЫГА МАЛ КАЙГЫ

Партия күчүндө күжүлдөп турган кез. Чонтой жеңил машинеңин шопуру, башкарманы ташыйт.

Бир күнү уктап кетип ташты сүзөт да, башкарма мүрт кетет. Эмне кылар айласын таппай башын мыжып отурса, жолдон атчан Чоко өтүп калат. Чонтойдун абалын түшүнүп:

— Башкарманы набыт кетирип шоруң куруган турбайбы — десе Чонтой:

— Башкармага кайгырганым жок, бул өлсө эртеге райком башкасын жиберет, мына бу моторду айтсаң,— деп каңырыгы түтөгөн экен.

КҮЙРУКПУ?

Башкарма Чонтой малдын бир айлык кириш-чыгыш отчетун карап жаткан. Аңгыча чабан Чоко атынын канжыгасындагы 3 койдун башын Чонтойдун алдына тоголотуп, бир айда ушу үч кой набыт болгондугун кабарлады.

— Бу малчы дегениң бир сөз жебес, кежир болот экен. Антпесе күн сайын малдын башын аман сактагыла, о айланайындар, малдын башын сактай көргүлө деп кан какшайбыз. А булардын кылганы тигине,— деп зеркилдесе Чоко:

— Ой, аксакал, ошо сиздин буйрукту аткаруу үчүн ушу 3 малдын башын көздүн карегиндей сактап келбедимби, же муну куйрук деп турасыңбы? — дептир.

ЫСЫРЫК

Чонтойдун уюнун желини ооруп, жаткан жеринен жылбай калат. Билгендерден кеңеш сураса, майлап коюуну сунуш кылышат. Чонтой май издеп таба албай, акыры бир челек бензин таап, уюнун желини эле эмес «ушу балакетке экинчи кабылбасын» деп бүт тулку боюн майлайт да, арчанын куу бутагы менен ысырыктап койсо ую өрттөнүп кеткен имиш.

МАЙРАМГА КЕЛГИЛЕ

Маркс колхозундагылар четтен эле Марксчасынан колунан калем түшпөй, баш оту менен жазмакерликке кирип кеткен учур. Бир айырмасы Маркс «Капиталды» жазса, Марксчылар кээде атын койсо, кээде койбой арыз жазышат. Алардын арызын ревизор Чоко жыйырма жолу текшерди окшойт. Марксчылар жазгандан, Чоко текшергенден жадабады.

Апрель айынын башында кезектеги текшерүүсүн бүтүп облуска кайтып жатканда алиги жазгычтардын атаманы «көп кыйналдыңыз көрүнөт, эми май майрамында келип конок болуп кетиңиз» дептир. Анда ачуусу келген Чоко:

— Кезектеги арызды эртеге жөнөтсөңөр, кудай кааласа май майрамына келип калаарбыз,— деген экен.

АКСАКАЛ ӨЗҮҢҮЗ ЭЛЕ...

Чонтой башкарма кезинде шопурларды текшерип калат. Бир шопурдун кабинасынан арак таап алган Чонтой ызырынып:

— Эй, атаңдын оозун урайын! Машине деген атаңдын көк эшеги эмес, акмак. Рулда арак ичип, өлөөрүнө көрүндүбү, я? Аңтарылып кетсең эмне болот. Өзүң өлмөктөн доңуз коп, мына бу өкмөттүн машинесин аябайсыңбы! — деп тилдейт. Анан: «Ыргыт, өз колуң менен тиги аңгелге ыргытып жибер» — деп шоопурду демитет. Шопур бир кызарып, бир бозоруп,

арақты күүлөп барып, бирок ыргытып жибере албай колу калтырап, анан башкармага:

— Ыргытышка колум эч барбай жатат, аксакал, өзүңүз эле ыргытып жибериңизчи,— деп жалоруйт.

Ошондо Чонтой арақты мойнунан кармап күүлөп-күүлөп туруп ыргыта жаздап барып токтойт да (а кезде өзү да көп ичип, арактын «баркын» билип калган):

— Менин колум да барбады, бу да бышылуу тамак эмеспи, ме катып кой,— деп басып кеткен экен.

ЖАҢЫЛЫШТЫК

Эрте менен келип эми эле жумушка кызуу киришкенде бизде иштеген Чонтой жүгүрүп кирди:

— Достор, кайненемдин көзү өтүптүр, мен ошого жөнөйм. Силер да менин кайда иштегенимди билгизип, чогууңар менен саат бирге барып койгула, достор,— деп шашкалактап чыгып кетти.

Мындайда чогулуп баруу мусулманчылыктын парзы да. Начальник көнүмүш адат боюнча профкомго уюштуруу иштерин дайындады. Ошентип, автобазадан килейген автобус жалдап, Чонтойго жапканга пальто, көңүл айтканына деп үч ак моюн алып, түшкө жакын жөнөп жатсак, алактап чуркап Чонтой келе жатат. Кулак түрүп калдык.

— Айланайындар, каңырыш угуп алыпмын. Менин эмес кайдагы бир Чоко дегендин кайненеси өлүптөр дейт.

ЭШЕГИНЕ ЖАРАША ТУШАГЫ

Чонтой уулун үйлөнткөндүн эртеси уулу чайга кечигип чыгат (белгилүү да), анан дасторконго отурааарда «ты смотри» деп жылмайып коёт. Андан кийинки үч күндө да «ты смотрини» уга берген атасы:

— Ты смотриң эмнең? — деп сурап калат уулунан.

— Ты смотри, папа. Мамам экөөң ушунча жыл маз-за кылып келип, бизге бир ооз айтып койбопсуз, а! — деген экен өзүн кынтыксыз тарткан баласы.

СЫРАК ЭТИП

— Чонтой кар уруп турган кыш чилдеде машине тосуп эртеден бери зарыгат. Колу, буту кожоюп, бети-башы тоңуп калаарда бир машинеиин карааны көрүнөт. Чонтой «кудай жалгап ала кеткей эле» деп, өлө-тала кол көтөрөт. Машине токтоп, Чонтойду алып алат. Үшүгөн Чонтой жылуу жайга

кирип, не бир убакта өзүнө келип, алдыда отурганга серп салса, ал райондун чоңу Чоко турбайбы кудай уруп.

— Ассалоому алейкум,— дейт шаша, коркуп кеткен Чонтой түштөн кийин. Чоко тигинин оңтойсузданганы байкамаксанга сала аркы-берки сөзгө алаксытат. Аңгыча Чонтой айлына жетет.

— Аксакал мен жеттим,— дейт шаша,— бир козум бар эле жеп кетиңиздер. Тигинин оозу бош айтканына өчөшө, анан Чонтойдун зыкымдыгын мурдатан угуп жүргөн чоң:

— Жакшы адам чакырганга барбасаң уяттыр, бур машиненди Чонтойдун үйүнө,— дептир шоопуруна. Ошентип жок шылтоодон союлган козусуна ичи ачышып жанын коёрго жер таппай минтип кайгырат дейт Чонтой:

— Чоңдун машинесин пок жеп тосомбу десең? Мына бул колум мага баш ийбей сырак этип көтөрүлүп кетпедиби,— деп оң колун дубалга муштап, алат дейт. «Бу кол сырак этпегенде кайран козум тирүү калмак» деп эки жыл кайгырган имиш.

КЫЗАРГАНЧА

Чоко чоңколордун айылына чоң болуп барып калат. Бул элдин таамай сөздү чукугандай тапкычтыгын мурдатан угуп, «бул эл менен биринчи жолугушум кандай өтөөр экен, кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болбосом экен» деп кабатырланып жүргөн. Эртеге эртең менен чогулуш өтүлөт деген күнү облустан меймандар келип, алар менен Чоко түн жарымына дейре бирге отурууга туура келет да, эртеси уйкусу канбагандыктан чогулушка көзү кызарып, жүзү шишимек тартып келет. Чогулуш аяктаарына жакындаганда бир аксакал:

— Чоко мырза, зор аракет менен белсенип кириштиңиз, эми тиги көптөн бери бүтпөй келе жаткан мончону бүтүрүп бергениңизде бетибиз шишип, көзүбүз кызарганча жуунат элек,— деген куйкум сөз ыргытат.

— Бир айга жетпестен бүтүртөбүз, ошондо көзүңүз эле эмес көчүгүңүз кызарганча жуунасыз,— деп Чоко шарт жооп бергенде эл дуу күлүп жиберген экен.

САРЫМСАКТЫ АЙТСАҢ

Чонтой элүүгө чыкканында кызматташтары той өткөр деп асылышат. Бир сомдун артынан тогуз тоголонгон Чонтой кайдан той өткөрсүн. Ары кетип, бери кетип, акыры кызматташтарын үйүнө конокко чакырууга аргасыз болот. А кезде ичкилик арзан кез эмес беле, намыстандырышкангабы, айтор

ичкиликтен арбын алыптыр. Кызматташтарын Чоко уюштуруп барат.

— Бу, Чонтой закым, элүү жылда бир эриптир, жалаң гана коньяк ичебиз. Кимде-кимиң арак же вино-сино ичсеңер капа болбогула,— деп көкүтөт.

Ошентип, жалаң коняк ичишет...

— Арактан да ичсеңер, бу сухой да сонун, шампанга карагыла,— деп чыйпыйы чыгат Чонтойдун. Анда да коньяктан башкасынан ооз тийишпейт. Коньягы жетпей Чонтой дүкөнгө үч жолу жүгүртүп, күйбөгөн жаны күл болот. Анан күйүтүнө чыдабай бир апта ооруп калган экен. Көрүнгөнгө арызданып «Пай-пай-пай! Ботом, жанагы сасыган виного зарыкчу алкаш Сарымсак да жалаң коньяк ичип күйгүзбөдүбү» — деп безеленет имиш.

ЗЫКЫМ

Элүүгө чыкса да Чонтойдун зыкымдыгы калбаптыр. Бир айылдан экинчи айылга автобуста каттап иштептир. Жол кирээ төлөбөстүн касында «майдам жок эле үкө» деп жүз сомдук сунат экен.

«Болоор-болбоско жүз сомду майдаламак беле, кийинкиде берээрсиз» дешет экен шоопурлар. Бир жолкусунда шоопур Чоко Чонтойдун жүз сомун алып коюптур. Кайтарымын сураган Чонтойго:

— Кайдагы кайтарым, аксакал. Жыйырма жылдан бери бекер ташыйм, жол кирээге мунуңуз да аздык кылат,— деген экен Чоко.

КУДАЙДЫН КҮНҮ КӨП

Анда партия чакчырылып, анын жетекчилеринин оозунан жалын аралаш көк түтүн бүркүлүп турган кез. Баш зоотехник Чоконун жакшы иш ыкмаларын жардыктоону оозунан түшүрбөгөн райком бүгүн жүзү үйрүлүп, түрмө кайтаргыч солдаттан бетер күнү-түнү даяр турган бюросун чакыртты да, бетине көө сүйкөгөндө кечээги ап-пак Чоко бүгүн бир заматта капкара болду да калды. «Кызматынан бошутулуп, партиядан чыгарылсын» деп түнөрдү биринчи: Бюро мүчө сөрөйлөр адаттагыдай эле дудук, залдагы эл да дымып калды. Эч жактан жардам жыттанбаганын сезе айласы кеткен Чоко:

— Аксакал, (биринчиге) тил кесмей жок эмеспи, аксакал, ракым этип эки ооз сөзүмдү угуп коюңуз. Төл алуу жарым боло элек, мени бошотсоңуз жаңысы келип ишти алгыча

убакыт керек. Төлдү өзүм көзөмөлдөбөсөм мээнетим текке кетээр. Эмне көп, кудайдын күнү көп, эмне көп — райкомдун бюросу көп, кийин деле бошотууга үлгүрөсүз,— дегенде залдагы эл дуу күлүп, райком да жазылган экен.

ШЫЛТОО

Чонтой баш бухгалтер, ревизия келип калбаспы. Ревизор текшерип, эч кимди орденге көрсөтпөшүн колхозчулар билет. Бардык материалдык жооптуулар чак челекей түшүп, айрыкча бухгалтер аттуулар буту күйгөн тооктон бетер тызылдап ары-бери жүгүрүп жүрүшөт. Чонтойго баш бухгалтер катары жүктүн эң оорун көтөрүп, ревизор өл десе өлүп, тирил десе тирилип, бир жылдыгын же сиңирип, же кусуп берчү кез келди...

Ревизор менен чайлашкандан кийин абат болмок беле, күндө үйүнө алагүү келет. Аялы да түшүнөт ревизия дегенди, ошон үчүн үндөбөйт бечара. Ошентип, күндөр өтө берди, өтө берди, а Чонтой болсо арактан көзү ачылууга чамасы жок. Акыры чыдабай аялы:

— Азыраак ичсеңер растрат тартасыңарбы, бу ревизорундун курсагы курсак эмей кудук го сыягы?,— деп тиши кычырайт.

— Ой, сенде баш барбы өзү? Сен деп ичпей койсом, ревизор эмне кылаарын билесиңби, я? Бир килейген чарбанын тос-тополоңун чыгарсын дегени турасыңбы? — деп күпүлдөйт Чонтой. Асти аялына өйдө карай албаган Чонтой ушу ревизия убагында бир эшек жайлоого чыгып алганына ичинен корстон. Кийинки күндөрү аны өзү басалбай калганынан көтөрүп келишчү. Буга чыдабаган аялы колхоздун раисине арызданды. Анда раис Чоко:

— Ээ, кызым, кайдагыны айтасың, ревизордун кеткенине эки ай болбодубу дептир. Ошентип, Чонтойдун абийири айрандай төгүлгөн экен.

КУУРАП КЕТПЕЙБИ

Чоко арык бойлоп атчан келе жатып, оң тарабынан онтогон добуш угуп кайрыла калса, бир адам баткакта оонап жатыптыр. Чонтой экен бечара. Аны баткактан сүйрөп чыкты да, алдын кургактап жаткырды.

— Суу,— дейт Чонтой. Чоко канжыгадагы чаначты ала коюп айран жуткурду.

— Өх-х,— дейт Чонтой бир аз өзүнө келип.

— Эмне болду сага? Эч болбосо курук жерге жатпайсыңбы, тообо?

— Антүүгө дарман кайда,— үлдүрөп жүүнү бош унчукту Чонтой.

— Кечээ эле куландан соо жүрбөйт белең?

— Жүргөнү жүргөм, анан кичине чырыктап дуктурга көрүнсөм, «суук тийиптир, жат» дейт. Азыр жата турган заманбы, жүгөрүнү сугарыш керек, картөшкөнү чабыш керек. Жатпайм десем: «он күн катык-ирик жумуш жасабай ичесиң» — деп огеле көп дары берген. «Катык-ирик жумуш жасабай он күн дары ичкиче жүгөрү күйүп, картөшкө куурап кетпейби, андан көрө эртерээк айыгайын» деп дарынын баарын жолдо келатып эле ичип алгам. Анан ушерге жеткенде жыгылып түшпөдүмбү, дептир.

ДОС

Илгери Чонтой чабан кезинде өлгүдөй мас абалында совхоздун конторуна келет. Жаан жаап, баткакчылык учур эле. Килейген өтүгүнө «бир тонна» ылайды жабыштырып алып, көрүнгөнүн демитип «деректир менин досум болот, мен досума келдим. Таап бергиле досумду» деп контордогулардын мазесин алды. Аксакал деп сыйлаганды мас неме кайдан түшүнмөк. Утуру жетелеп кетчү жолуна жөнөтүшөт, ал кайра эле темселеп келип алат.

Ошол учурда деректир Чоко машинеден түшүп калбаспы, аны көргөн Чонтой чап жабышты. Ал мезгилде деректирлер жөн жүрбөй, чабан же жумушчунун баарын эле «досум» деп көңүлүн көтөрүмүш этип, алдап кете берчү да. Чонтойдон оңой кутулбасына көзү жеткен Чоко аны кабинетине ылай бутуна карабай тамтаңдата колтуктап кирди да, кассирди чакырды.

— Досум келип калыптыр, ме арак апкеле кал,— деп 5 сом сунду (ал кезде кайран кашаба 5 сом эмес беле).

— Тим коюңуз өзүм...

— Ал муну, досума өз тыйыныман куям аракты, тез жетип кел.

— Ой-ой, моло... молодее-ес,— деп Чонтой ык тутуп сөзүнүн аягына чыкпай токтоду. Өз акчасына арак куйуп берген деректир досуна ыраазылыгын айтмак да бечара. Тияк-быягын карап коёт. Мактанайын десе эч ким көзгө илешпей жатканына нааразы окшойт.

Кассир жетип келип, эпчилдик менен аракты ачып, деректир сунган стаканга куйду.

— Толтур,— деди деректир. — Менин досум толо ичет.

— Т-ту-ур-а,— деп Чонтой сунулган аракты алып, кыйналып кысталып жатып жутуп жиберди. Анан бир дем үн-сөзсүз отурду да, «шалак» этип кулап түштү.

— Ушуну да билбейсиңер, алып чыгып таштагыла,— деп күпүлдөдү деректир кассирге.

«Ырас эле, ушуну билбей эртеден бери бекер эле алпурушуппуз» деди ичинен кассир.

САДИРБАЙ

Ош-Өзгөн жолунда Садирбай деген кыштак бар. Чоконун бригадасы чөп орууну бүтүп, чаалыгып чарчап, ырп этерге дармандары калбай, өз ара сүйлөшмөк түгүл булбулдун үнүн да жактырбай, эптеп-септеп үйгө жетсек экен дегенде эки көздөрү төрт болуп келе жатышса, караң калгыр, машине бузулуп калбаспы. Шоопур машинесин чукулайт, күн кечкирип баратат. Чоколор жол четинде ачкадан шилекейлерин жута, кулдураган ичтерин колдору менен басып отурушат. Бир адам келип, алар менен сөзгө аралашып отуруп калат.

— Кайсы кыштак? — дейт Чоко.

— Садирбай,— дейт бейтааныш.

— Сиз ушерденсизби?

— Ооба, ушерденмин, тээтиги четтеги менин үйүм.

Ошентип, көпкө аңгемелешет, бирок Чоко курсактарынын ачтыгын канчалык кыйытып, тиги кишини нан-пан же айран-пайран апкелет десе тиги түшүнмөксөн болуп кутулат.

— Садирбай деген ким?

— Илгери ушу кыштактын ордунда Садирбай деген адамдын гана жалгыз үйү болгон экен. Ал киши жолдон өткөн адамга даам ооз тийгизмейин өткөрүүчү эмес экен...

— Охо, Садирбай деген алтын киши экен го!

— Ошондой алтындыгынан аты калды да.

— Туура айтасыз, а кишинин бала-бакырасы жок беле?

— Эки чакырымдай жогоруда.

— Атаны бири кем дүйнө, эй. Мына бу машине өлгүр аманы бузулат экен, ошо эки чакырым жогоруда бузулбайбы десең? — деп улутунду Чоко.

— Эмнеге дейсиз?

— Өзөөрүп өлөйүн дегенибизди көрсө, Садирбайдын балдары шам-шум эттиреби деген сөз да,— дегенде тиги киши этек-жеңин кагынып тура качкан экен.

ЖАРЫК

Илгери там салганды жаңыдан үйрөнүп баштаганда Чонтой алгачкылардан болуп там салат. Өзүнүн колунан кайдан келсин, тиги шаардагы уста досу келип, бир бөлмө там салып берет. Чонтой жайлоодон тамга көчүп келет, бир жумага

жетпей эле тамдан жадайт. Анысынын терезеси мындай турсун, эч жеринде жылчык тешиги жок туптуюк. Эмне кылаар айласын таппай, шаардагы уста досуна жетет.

— Тамдын ичине жарык киргизбесек болбойт, дос.

— Оо, ал дегениң кыйын иш, кымбатка түшөсүң. Бери дегенде бир аттан айрыласың,— дейт досу.

— Караңгы түндө каман күркүрөйт болгуча аттан айрылса айрылайын,— дейт айласы кеткен Чонтой.

Досу келет да дубалды төрт бурчтуу кылып оё чаап коюп, «мына дос, тамга жарык кирди» деп атты минип кетет.

БҮТПӨГӨН ИШ

Чонтой Чоко досунукуна келип түнөп калат.

— Дос, эртең менен тынчымды алып асти ойгото көрбө, өзүң көрдүң, өлгүдөй чарчап келдим, буюрса Манас уйкуну салып, бир дем алайынчы,— дейт Чонтой.

— Өз үйүндөй көрүп эч тартынба, маа десе эки күн укта.

— Чоко, ээ Чоко!

— Ким бул? — Чоко уйкулуу көзүн ушалап, чакырыкка кыжырдангандай кекээр унчукту. Эптеп көзүн жыртып караса, эшиктен Чонтой баш багып турат.

— Кечке уктамак эмес белең, эмне туруп алдың ит куугансып?

— Бир бүтпөгөн жумушту эстегенде уйкум умачтай ачылбадыбы, балакеттики. Көрөн-шөрөн салгыдай жаман-жуман сетка-петка бар беле?

Ана кетет, мына кетет деп баятан чүмкөнүп жаткан Чоконун аялы эми тиги балакеттен кутулбасына көзү жетти окшойт.

— Ошо өзүңүз жаткан бөлмөдө үстөлдүн үстүндө сомке бар,— деп күңкүлдөдү.

— Кетсең жакшы бар,— дегенге араң жарады уйкуга мас Чоко.

Чонтойдун тигилер өзүлөрү уруксат кылган кол сумкага Чоконун жаңы хром өтүгү менен жаңы чех туфлисин салып кеткенин кийин билип жүрүшпөйбү.

— Бүтпөгөн ишин көр, кысталактын,— деп кайгырды Чоко.

УНУТЧААКТЫК

Чонтой анда Алайда иштеп жүргөн учуру. Бир күнү аялы экөө Ошко базарга келет, аялынын колунда эмчектеги баласы да бар. Кыш чилдеде баланы үшүтүп албайлы деп, кайтышта таксиге түшүшөт. Ошентип үйлөрүнө жетип, мамыр-жумур

уктап жатышса каалга «тарсылдайт». Эшикти ачса баягы таксист.

— Акмактын да эң акмагы экенсиз!

— Оозуңа карап сүйлө, иним,— деп Чонтойдун көзү таксисттин колундагы ороого түштү.

— Дагы баягынча акча төлөңүз. Карабайсызбы. Кыш чилдеде Оштон убара тартып кайра келдим,— деп ачуусу мурдунун учуна чыккан таксист итиреңдеди. Абалды өз убагында туура баамдаган Чонтой айткан акчаны төлөп таксини жөнөттү.

Көрсө, базардан келгенде унутуп, таксинин арткы орундугуна уктатып койгон баланы алып калышпаптыр да!

АКМАК ЭШЕК

Чоко колу-буту сынып үйүндө жаткан Чонтойду көрүп коёюн деп кире калды.

— Бут чатак болгон тура.

— Атасынын көрү, жанагы эшектин акмакчылыгы да.

— Тээп жиберген го.

— Кайдан тепсин! Келе жатып намаз окумакка түшө калгам.

Эшекти байлап коюуга эч нерсе көрүнбөгөнүнөн шыйрагыма байлай салбасмынбы, кесепеттики. Анан кайдан-жайдан чыга калды билбейм, бир эшек пайда болду, менин эшегим ошону кууп жөнөсө болобу,— деп онтоду Чонтой.

СЫЙЛЫК

— Армияда сыйлык алганыңды айтсаң,— деп жаалашат отургандар.— Койгулачы эми, аны жүз жолу уккансыңар го,— деп тарткынчактайт Чонтой.

— Тиги мейман угалек,— дешет тигилер.

— О, анда: «Корком, мылтыгыңарды аталбайм» — дегениме көнбөй: «Сен солдатсың, айтканды аткаруу милдет» — деп иштеген «арстандарды» (түрмөдөгүлөрдү дегени) кайтартып койгон. Арстандарды камыш ордуруп, өзүм обочороокто отурсам эле, алдымдан өгүздөй каман коркулдап чыга калса болобу! «Апаа» — деп айкырганымды бир билем, анан эсим ооп чалкамдан кетиптирмин. Көзүмдү ачсам, элдин баары мени тегеректеп турат, Өңүм экенине араң ишенип, тирүүлүгүмө кубандым, бирок «коркоктугумду билип коюшту» деп тигилерден уялганымды айтпа.

— Рахмат сага, сен баатырсың,— дейт командир.

Көрсө, мен кыйкырып колумду көтөргөндө автомат атылып кетип, каманга бир эмес, үч ок тийип, ал бечара да ордунда бүк түшкөн турбайбы! Ошентип, сыйлык алгам.

438880



ЗАМ

Чоко капыстан институтта бирге окуган курсташын эстеп калбаспы. Институтта Чоко топтун жетекчиси — староста болсо, тиги курсташы Чонтой топтун жетекчисинин орунбасары — зам. староста эле. Окууну бүткөндөн бери зуулдап жылдар өтсө да, гөр тиргилик менен түгөнбөгөн жумушка алаксып, курбусу Чонтойдон алигиче кабар албаганын эми гана баамдап, андан улам Чоконун көңүлү тоң май жегендей кирдеди. «Шалаакылык» — деди ичинен. Чонтойдун дарегин билбесе да бир жөн. Ал тилпондун кулагын бурады.

— Ало, ало, Чонтойсуңбу? Саламатсыңбы дос, бала-бакыра аманбы?

— Рахмат дос, баары жайында, өзүңдүн районго сот болгонуңду угуп, аябай сүйүнгөнүмдү айтпа.

— Өзүң ошол эле ишиңдесиңби?

— Ооба дос, райондук сотко «заммын». Институтта сага зам эмес белем, эсиңдедир? Ошондо замдын маани-маңызын куп гана билип калгам экем, азыр замдыктан эч айрылгым жок.

— Койчу.

— Чын дос, зам деген өзүң билесиң экинчи бийлик, ошо экинчи бийлик деле бир кишини куп гана эркелетишке жарайт

экен, Чоко дос. Замдыктын эң чоң артыкчылыгы — эч нерсеге эч качан жооп бербейсиң, бизчесинен айтканда кандай калабалуу иш болбосун камырдан суурулган кылдай суурулуп чыгасың. Сенин көңүлүңө кыдык кетпесин, сен деген качырдай иштерман пендесиң да, а менин жалакайлыгым эсиңден чыгалектир. Теңирден айланса аздыр, жалакайларды кам көбүктөй калпып салбастан, бизге ылайыктап замдык кызматтарды пенденин акылына сала бергенин карабайсыңбы, дос.

— Күйүкпө, Чонтой, жакында «самга» жетишиң мүмкүндүр,— досунун көңүлүн көтөрүмүш этти Чоко...

Андан бери күндөр учуп, жылдар жылды.

— Ассалом алейким, Чоко дос! Облсоттун төрагалыгына көтөрүлүшүң менен куттуктайм!

— Ракмат, өзүңдө кандай өзгөрүш?

— Мен да жөн жатпадым, күнү кечээ облсоттун төрагасына зам болдум.

— Замдыктын кыныгын куп гана алыпсың да.

— Туп-туура айтасың. Замдыкты ким ойлоп тапса да, атасына эле эмес, апасына да миң мертебе ракмат! Райондогу мурунку жетекчим бир акмак кызматкердин кесепетинен күйүп кетпедиби, дос. «Сам» болсом ошонун ордуна мен күйөт элем да. О, кудай анын бетин ары кылсын, а мени болсо замдыктан айырбасын!...

Андан бери күндөр учуп, жылдар жылды.

— Ой, Чоко дос, поздравляю, чын жүрөктөн поздравляю! Республиканын жогорку сотун только сендейлер жетектейт дечү элем, оюм ордунан чыкканын карабайсыңбы! Куп гана көтөрүлдүң, дос!

— Өзүң деле оңой эмессиң. Юстиция министринин өзүң айткандай замы болуш оңойбу?

— Ылайым ушундан айырбасын деп тилеп жүрөм. Мурдагы облустагы жетекчимдин тагдырын уккандырсың, бир чоңдун баласын тиги... «курорттон» куткарам деп «жаза басып», өзү куулуп кетпедиби, бечара. Замга чоңдор да сураныч айтпайт, өзүңдүн арабаңды гана тартсаң жетет. Кыскасы, замдын мышыгын «пыш» деш эч кимдин оюна келбейт сыяктуу.

Андан бери күндөр учуп, жылдар жылды.

— Чонтой дос амансыңбы? Мен пенсияга чыгып жыргап эле жатып калбадымбы. Буюрса детектив жазсамбы дейм, ал үчүн бизде материал кекиртектен эмеспи., өзүңчү?

— Өзүм да ушул айдын аягында тиги атың өчкүр алтымышка толом,— деп улутунду Чонтой.— Билбейм эмне кылаарды.

— Билбей турган эмнеси бар дейсиң, өзүң сүйгөн замдан ажырамак белең, тиги зампенсияга чыккын да элден калбай замдетектив жазбайсыңбы? — дептир Чоко кыткылыктап.

ЧЫДАБАГАН ЧОКО

Малды бордоп семиртүүчү совхоздун деректири саксынып жүрүп эле кекиртегинен мүдүрүлүп, кызматынан учканда ал орун буюрса меникидир деп үмүттөнүп жүргөн Чоко. Анын үмүттөнгөнүн да негизи бар, анткени Чоко деректирдин орунбасары эмеспи, ал эми орунбасар деп атайын ойлонулуп табылган кызматтын аталышында көрүнүп тургандай жетекчи бир күн жок болсо да, же биротоло кетсе да, анын ордун орунбасары басууга тийиш да. Бирок, тиги партократтар бул сөздүн да, ушу сөзгө байланышкан орунбасарлык кызматтын да абийирин айрандай төгүшүп, эртең болбосо бүрсүгүнү жетекчиликке дарярдалуучу орунбасарлардын кендирин кесишип, чондор кимди тескери көздөрү менен карашса, ошону жетекчиликке асти жолото койбой, орунбасарлыкка акырын жылдырышып, колдон келсе аны ошо кызматтан да ылдыйлатса ылдыйлатчу же мактап-сактап пенсияга жөнөтүшчү.

Ал заман бир көрүнгөн жаман түштөй көздөн кайым жоголуп, мына бүгүн демократия заманында орунбасарлыкка келгенине Чоко ичинен ыраазы. Айтса-айтпаса Чоко орунбасарлыкта көбүрөөк отуруп калган. Ал биздин айылда алгач ыңаалап демократия жарыкка келгенде орунбасарлыкка дайындалган эле да!

Чоко ошентип өзүнчө сүйүнүп жүргөндүн бир күнү эле кайдагы бир Чонтой деген деректирликке дайындалып калбаспы. «Аскер кызматынан келиптир, полковник имиш, баарынан кызыгы — ал мал чарбаны кой, деле айыл чарбасына коошо турган адистиги жок экен. Анын адистиги — танк куруучу дейт, кудай аткырдыкы», деген уу-дууга толду айыл. Ошентип, танк куруучу менен иштешип калды Чоко, мал семирмек тургай арыктай баштады. Жем издеш менен жумушу болбогон деректир өндүрүштү аралагысы келгенде бузулуп жаткан тракторлорго чейин гана барып кайтат.

Чыдабаган Чоко жемдин эбак түгөнгөнүн, бирок аны кантип, кайдан алуунун мүмкүнчүлүктөрүн түшүндүрдү деректирге. Ошо күнү кечки жетим чогулушта (жетим чогулуш күндө өтчү) деректир сүйлөдү.

— Жолдоштор, малдын абалы жаман, жемдин качан эле түгөнгөнүнө эч ким көңүл бурбады! Кана, кимиңер эстеп койдуңар? Тезинен жем таап, шашылыш ташуу зарыл,— деди да, андан ары Чокодон укканларын өзүнүн сөзү кылып жемди кайдан, кантип алууну үйрөттү.

— Бул ишти мен жолдош Чокого тапшырамын,— деди.

Күйүүчү май түгөнүп, бут техника токтоп калганда да Чоко чыдай албады. Ал күнкү чогулушта:

— Деги силердин кандай эл экениңерди эч түшүнбөй калдым. Күйүүчү май түк түгөнүп калгыча оозуңарды ачып отура бергениңер — эмнеңер өзү. Тээ илгерки партократтардын «алма быш, оозума түш» заманынан бери бир кадам да жылбапсыңар, айланайындар,— деп андан ары Чокодон укканын өзүнүн сөзү кылып, күйүүчү майды кайдан, кантип алууну үйрөттү да:

— Бул ишти мен жолдош Чокого тапшырамын,— деди.

Ошентип, деректир «жолдош Чокого» чөп орууну, силос даярдоону, көмүр ташууну, тамеки өстүрүүнү, этке мал жөнөтүүнү жана башка көптөгөн жумуштарын тапшыргыча арадан зуулдап үч жыл өтүптүр. Финансылык абал оордошуп, штаттарды кыскартуу зарылдыгы туулганда да Чоко чыдабай кетти. Чынында болор-болбос иш үчүн айлык алып жан баккандар көп эле. Чокону кунт коюп укан деректир:

— Абдан туура маселе экен, муну бүгүн кечки чогулуштан кечиктирбей чечебиз,— деди.

Кечки чогулушта артыкбаш кызматтар тууралуу Чокодон укканларын өз сөзү менен кеңири түшүндүрдү деректир. Анан кыскарылуучу кызматтарды айтып келип:

— Ошону менен бирге мындан ары орунбасарлык кызматтын да зарылы жоктугун айтмакчымын. Рас, кыйынчылык болоор, ага чыдоого тийишпиз, бирок пайдасыз кызматтарды кармап жүрүшүбүз рыноктук экономиканын шартына эч туура келбейт,— деп аяктады сөзүн.

Ошентип, Чоко бош калды, ал эми айылда «ой, бу деректирди танк куруучу дегенибиз менен чарбанын түшүн жоруйт тура» деген күбүр-шыбыр угулуп жүрдү.

ЭРК САТЫЛАТ

Шаарга эрк сатыла турган коммерциялык дүкөн ачылыптыр деген кабар чагылгандай тез тарады. Соода-сатык экономикасынан кадам сайын кагуу жеп, анын кесепетинен эркибизди кемээчтемек мындай турсун, куйругунан араң кармап жүргөндөрүбүз да суюлуп келатканда, бул кабарды угуп, баш зыңылдап турганда тегинден «похмел» табылгандай сүйүнбөдүкпү.

Тартыштык замандан эрки бошогондор таң атпай дүкөнгө жылып келе башташты. Дүкөндүн бешенесиндеги «Өз эркин башкара билген адам чексиз байлыкка ээ» деген жазууну көрүп: «Атаганат, өз эркин башкара билгендер да бар экен ээ» — деп тамшанабыз. Дүкөндүн ачылышына дагы көп бардыгынан кезектегилер кызуу сөзгө кириштир:

— Менин бир досум бар: «Ушу түбүмө жетмей болду,

жетишет, таштадым» — деп эриндерин күйгүзүп бараткан тамекинин бүчөгүн кыжырдана ыргытат да, жарым саат өтпөй чөнтөктөрүн чукулап жок болсо көрүнгөндөн жалдырап суранганын койбойт. Аттиң ай, эркн болсо тамекини таштап, чөнтөгүнө үнөм болмок.

— Ой, менин досум миллион жолу аракты таштап, миллион бир жолу баштагансыды, эркн болгондо... же таштагандан кийин кайра баштоого да эрк керек дейби?

— Мен бирөөнү билем: «Пендеге өйдө карасам өлүп кетейин» — деп карганганын көрсөң боорун ачыйт, анан ичине «жүз» киргенде көрүнгөндүн төбөсүн айра чаап «кордукка»батканы баткан.

— Мен да бирди билем: «Итсиң» — десе, «итмин» деп, «эшексиң» десе, «эшекмин» деп, «Келесоосуң» десе, «аныкелесоомун» деп коюп, кайра эле ошол үйгө конокко баргандан жадабайт.

— Ошо да кеппи, менин коңшумдун баласы көчөгө чыканда: «Экинчи уурулук кылсам, колум сынсын» — деп жүз жолу карганат экен, анан автобуска чыкса же базарга түшсө эле колу өзүнө баш ийбей көрүнгөндүн чөнтөгүнө кирип кетет имиш.

— Ой, сеники деле арык аттап, суу кечпеди, мени уксаң, тууган. Мен бирди билем дейсиң, ал бечара: «Илгери бирөөнү кокустан өлтүрүп койгом, кудай жалгап байкаган пенде жок эле, кийин дагы бирөөн попузалап жатып өлтүрүп алгам, ошентип жүрүп эми айына бир-экини «кык» эттирбесем күндүз тынчым, түнү уйкум жок» — деп кудай боору ооругудай өксөп-өксөп арман кылганын уктум.

— Анда менин деле күнөөм жок тура!

— Сен да өлтүргөнсүңбү?

— Оозуңа кара таш, ылайым сен өлтүрүп кал. Чириген ооздон ириген сөз чыгат деген ушу да.

— Кана өзүңдүн өнөрүңдү айтчы! — деп шыргыйдай узун сөзгө аралашты.

— Мен болгону арак сатам. Эми эрк сатып алсам, мындан да кутулам.

Ошентип, кажылданып убакыттын өткөнүн да сезбеппиз, саат тогуздан өтүп биздин дүкөндөн башкалары ачыла баштады. Кезектеги адамдарды айта көрбөңүз, миллион-миллион. Шаардагы, эркн боштордон келбегени жокко окшойт. Дүкөнүбүздүн деле ачыла турган түрү билинбейт. Сураштырсак дүкөнчүсү борборго кеткен имиш. Кечке кезере туруп, «апсалабыз пир» боло шылкыйып, кечинде үй-үйүбүзгө кайттык. Үзүлбөгөн үмүткө торпокчо жетеленип, бир ай каттадык.

Күндөрдүн биринде эрк сатылуучу дүкөн ачылып эле

кайра жабылып, дүңкүйгөн дүкөнчү аюудай маймая басып кетип баратат. Баарыбыз жабыла:

— Качан соода кыласың, саргайып күтө беребизби? — деп жаалаcак, тиги дүңкүйгөн эме:

— Күтөсүңөрбү, күтпөйсүңөрбү **эрк өзүңөрдө** десе болобу!

БАШ ЖАЗУУ

Чонтой анда чоң совхоздун парткомунун секретарлыгында иштеп, котур ташы койнуна батпай, көрүнгөндүн короосуна таш ыргытып, кичине эле көңүлүнө жакпаганды, ал тургай өз убагында арак куйбаганды да райкомго жамандай коюп, иштен семичке чаккандай шыпырылтып жүргөн убагы.

Жадаган эл эмне кылаар айласын таппай жүргөндө бир акылманы Чокого кайрылыптыр. Чоко анда раймилициянын начальниги болчу.

Чоко да Чонтойдун иттигин мурда угуп, бирок эч «жамбашка» келтире албай жүргөн. Бир күнү таңга маал Чоко кызмат боюнча ишканасына келатса, Чонтой мейманкананын алдында (мейманкана милициянын жанында болчу) туруптур титиреп.

— Айланайын, Чоко дос, бир жакшылыгыңды аяба, кудай урсун ишене көр, тим эле өлүп баратам,— деп жалдырады Чонтой. Чынында Чонтойдо өң-алет жок, шишиктен көздөрү араң эле ачылып, кийимдери уйпаланып, оозунан сасык жыт буркурайт.

— Эмне мынча жүдөдүң?

— Өлдүм дос, өлдүм. Кечинде түн жарымына чейин ичкен экенбиз, азыр баш тарс жарылып кетпей араң турат. Жүз грамм таппасаң шейит кете турганмын.

— Сен мында тура тур, мен үйдө бирдеме болсо байкаштырайын,— деп Чоко кайра үйүнө жөнөдү. Кудай жалгап жарым шише арак бар экен, аны алып Чонтойго жетти.

— Чоке, бу кейпиң менен үйгө кирсең болбостур?

— Жо-ок, кокуй, бу кейпте өзүңдөн башка бир пендеге көрсөтпө, заманды билесиң, азыр баары эле райкомдун тыңчысы, жок жерден күйүп кетпейин дос,— деп жалынды.

— Анда жүр, милийсаканага эле кире калалы.

— Жүрү.

— Бирок, конторго кирбейбиз.

— Туура айтасың.

— Тиги соолуктуруучу жайдан бир бөлмө бош, ачкычы өзүмдө, аякка ит да барбайт, жүрү ошого.

— Койчу ай, ошо соолуктуруучу бөлмөңдү?

— Кызыксың Чонтой, бу сага минерал суу эмес да, көчөдө ичкендей. Андай далдаа жерди кайдан табасың, жүрү тез.

Башы жарылып баратса ээрчибеген айласы канча, соолуктуруучу жай эмес «аракты» тиги дүйнөдө берип жатыптыр»десе да, кыңк этпей ээрчип жөнөмөк. Антпесе таң атып-атпай карга бок чокуй электе ким берет буга похмелди.

Бөлмөгө кирээри менен Чонтой аракты бирөө колунан жулуп кете тургансып, шашкалактай бөтөлкөнүн оозунан бир жутуп алды.

— Өлүп баратсаң да чыдабайсыңбы, азыр ыстакан апкелет элем го!

— Өх-х жаным, жан деген ушунчалык назик дейси-ин! Көздү бир ачтың да, дос, бар эми стакан апкелесиңби, закуске апкелесиңби, эрк өзүңдө,— деп ыржайды.

— Сен дабыш чыгарбай олтур, — деп Чоко сыртынан жаап чыгып кетти да, ошо замат райкомго коңгуроо кылды.

— Ало, аксакал (биринчиге) бу мен Чоко, сизге билдире турган шашылыш маалымат...

— Айта бер.

— Тиги партком Чонтой акыркы күндөрү аракка баш оту менен кирип кетип, күнүгө ичип мас... Ичип алса совхозу эле эмес, райондун борборуна да тополоң салат.

— Койчу...

— Чын, аксакал, кечинде да өлгүдөй мас келип, милициянын ит абийирин кетирди.

— Кайда азыр?

— Айла кетип соолуктуруучу жайга камап койдук эле.

— Ырас кылыпсың, күтүп тур, азыр барып, өзүм көрөм.

Каалга шалдырай ачылып андан биринчи көрүнгөндө Чонтой өз көзүнө ишенип-ишенбей делдейди. Катуу коркуп кеттиби, колундагы бөтөлкө «тарс» этип цементке түшүп, бырын-чырыны чыга талкаланды.

— Сволочь,— деп биринчи жийиркене бурк этти да, шарт бурулуп жөнөдү. Биринчинин же көктөн түшкөнүн, же жерден чыга калганына акылы жетпей Чонтойдун эси эки.

АКЫЙКАТТЫК ДЕП ЖҮРҮП

Ошондо баарыбыз жапырт селейип калгансып азыр: «Сенек мезгил, сенек мезгил» — деп тоту кушча сайраган сенек мезгилде сейилдегенге соп-сонун шарт түзүлгөн тура, чиркин! Эркектер майрамы, аялдар майрамы, Өктөбүр, Жеңиш Күнү, басма сөз, айыл чарбачылар, өнөр жай, милийса, өтүкчү жана башкалардын күндөрү. Кыскасы, календардын жарымы кызыл, калганынын жарымы кызыл болбосо да, кызылга тете!

Атаңдын көрү, ээ! Майрамында арак аксакал менен чабышып, эртеси дагы ошо аксакал менен баш жазышып дегендей... Андан өткөн коммунизм кайда, чиркин! Эки кол чөнтөктөн чыкпай, шляпини көтөргөнгө эрине ышкырыгыбыз таш жара тайтаңдап келчүүбүз үйгө.

Эми минтип... Эркек атмайдын башына каран түн түшүп, калтачыктар жамбашына жабыша дүкөн кыдырганын кыдырган. Алмагың алтын саат дейсиңби? Самын-сумун, айнапайна, турсий-мурсий... Ошо көрөн-шөрөн көтөрүп жүрүп, өзүңдүн эркек экениңе да ишенбей кетесиң. Эшегине жараша тушагы дегендей, календарыбыз болсо капкарарып жатып калды. Анча-мынча эки дем алыш күн кабат келсе, аны көралбаган министрлер кабинети: «Бул күнү иштетип, закондогу айлыкты төлөөгө же отпускага кошуп берүүгө уруксат» деген токтомду токтоосуз чыгарат. Ал сунушту биздин коркок жетекчилер буйрук катары кабыл албаса башы оорубайбы!... Бир жолкусунда министрлер кабинети унутканбы же сыясы түгөнгөнбү, айтор баягыдай кара токтом чыкпады. Ошондон «лып» пайдалана Чонтой экөөбүз сейилдемекке шаардын мурдагы шаңдуу жерлерине келдик. Бирок, жокчулуктун айынан жон жукарып, чөнтөк какчуу уурусу күчөп, айлакер алдамчылар арыш керип, анын зарпынан нерв бошоп, акыл тая ачууга алдырып, тие келди итче ыркырашып турган чакта кайсы сейил? Ар кайсы бурчта бирин-экин мурчуйган адам. Аларды көргөндө козголбогон жин да козголчудай! Айрыкча, Чонтой араң турат эмеспи!

Алло-тооба менен келе жатсак Чонтойду бир мас жөөлөп кетип, а Чонтой аны тумшукка «тарс» дегизе тартып, аш-паш дегиче бир-эки тээп өттү. Тиги сулк эле жыгылып калды. Мына, каран түн. Чонтойду кой-ай деп эсине келтирип качкыча бир үйүр милийса даяр болду да, бизди «алиги» жакка алып кетти.

Ошентип, Чонтой экөөбүздүн арабызды ала мышык аралап, бала кезден бери бир басып келген жолубуз ажырады. Мен бошто, ал камакта. Ал: «Дос жакшылыкта бир, жамандыкта бир билинет дешет. Сен досчулук шертти бузуп, башка иш түшкөндө кайгыны тең бөлүшпөй качып баратасың» — дейт. Анын оюнда мен: «Экөөбүз тең уруп, тең тепкенбиз»,— деп жалган көрсөтмөнү ышкыртып, анан Чонтой менен кошо камалып, кийин кошо соттолушум керек экен! Ушу да акыйкатчылыкпы? Мен достуктан танбайм, анын абалын ойлоп кабыргам небак кайышып калбадыбы. Деле өзүнөн көрбөйт. Тиги атың өчкөн Акматтын алты тишин аңтарып, эки кабыргасын сындырбаганда ушу күнгө ит кабылабы? Өзү аз келгенсип, Чонтойдун туугандары да чымчыктыкындай мэ-

эмди жеп бүтмөй болду: «Чонтойдун дос болумушу эмес белен, эми башына түшкөн мүшкүлүн бөлүшкөндөн качасыңбы?» — дейт сап-сакалдуу агасы. Көргөнү ооруканага барсам, мен жыга чапкансып, тиги Акматы да мурдун чүйрүйт. Ушу мен кошо камалсам эле булардын кычуусу канабы? «Акыйкат» дегем, антпегенде мен деле эки тээп, алтыны кой, он тишин омкоро коймокмун. Аттиң а! Ошентпегеними карасаң! Биротоло Чонтойду жандап жатмакмын. Эми жок күнөөнү мойнума илсем кудай урбадыбы. Акыйкаттык кайда калат?

Ботом, кечээ Чонтойдун агасы кара күүгүмдө келип эмне дейт десең? «Өтөөрү өттү, акыл токтото эртеңкини ойлойлу»,— дейт. Мени тим эле алжыган акмактай эсептешет го сыягы? Аяш акеме тил кайрымакмынбы? Унчукпай уктум: «Кудая шүгүр, силердин акылга жутабайм»,— деп айтып коё жаздабадымбы аз жерден. Ал: «Тергөөчүсү менен таанышып, ага аркы-беркини кеп салдым, жабырлануучунун алдына түшөлү, сиз да түстүүдөн түңүлбөңүз деп тамырын тарттым»,— дейт.

«Эми үкө, сен беш тоголокту бер, биз онду кошуп, тиги тергөөчү менен Акматтын оозун басалы, Чонтойду куткаралы»,— дейт.

Шумдугун кур, ээй! Акматтын абалын ойлобойбу булар! Таштalканын чыгарып, эми жазадан көз көрүнө качабы? Ушу да акыйкаттыкпы? Акыйкаттыкка шек келбесе берет элем беш миңди. Аяш акеме койдон жоош бечара көрүнүмүш этип, берейин десем беш теңге жоктугун угузуп, жолго салдым. Сураkта да ачуу чындыкты төгүп кайран өзүм! Антпесе акыйкаттык бузулбайбы? Чонтой азыр ачууга алдырып жатат. Мейли, жаман көрсүн. Эси болсо түрмөдөн келгенден кийин түшүнөөр. Достук шертти бузбаганыма ишенээр күн да келет! Акыйкатка көзү жетээр.

Күндөр өтө берди. Чонтойдун агасы кийин да бир нече жолу мени жолдон чыгаргысы келди, менин принципиальный экениме ишенбеген окшойт. Акыйкаттык үчүн өлүп берем да кайран өзүм!

Тергөө ортологондун бир күнү тергөөчү:

— Эсиңе кел! Качанга чейин алдагың бар? Жалган көрсөтмө кылмыш экенин билесиңби? — деди үтүрөндөп.

— Мага айттыңызбы?

— Дал сага! — Корсулдагандан тайбады.

«Бул эмнеси? Кечээ эле адамча сүйлөшкөн тергөөчүгө бүгүн жин тийдиби? Тергөөчү деле ысык жан эмеспи, табы айнып калган го? Же аялы адебин бергенби?»

— Кечиресиз, мен калп айтканды жинимден жаман көрөмүн.

— Ошондой де! Чынчылдыгын кара мунун! Жомокту үйүндө айт! Кана, ишке өтөлүбү? Акматты ким урган?

— Акматты ким урган деген эмнеси? Бу акыры алты айдан бери Акматты ким урганын сурай берип жадаган жоксузбу? — Мени жаш баладай аскарбление кылганына жинним шакардай кайнап, ушу тергөөчүлүгү болбогондо тумшукка коюп-коюп жибергим келди. Буларга иш түшкүлүк кылбасын ылайым, тим эле жаш балача темтеңдетип. Койчу, булардын бетинде түгү бары чын да.

Антпесе Акматты Чонтой урган деп алты айдан бери жаза берип, колдору жоорубады беле?

— Ал менин ишим. А сен жооп беришиңди бил. И так, Акматты ким урган?

— Түшүнсөм өлөйүн? — Бу сөз оозуман жөн эле чыгып кетти. Бу көк мээге эмне дээримди табалбай, ушуну айтып жибербедимби.

— Тур ордуңдан? Э, эненди... Сен эмне? Чайканада отурасыңбы?

— Анын көзүнөн чаар чымын эмес эле чаар чымчык учуп чыккандай болду. Мен «дирт»эте чочуп ордумдан ыргып турдум, корккономдан чекемден тер чыбырчыктады.

— Эч эле түшүнбөй, тим эле өлүмүш болот... Карасаң муну? Кой оозунан чөп албайт имиш! Түшүнбөйсүңбү? Ме, оку! — деп эки кагазды мен тарапка түрттү. Баягы дымагым кайда? Карышкырдан корккон алиги коёнчо бүжүрөй көчүк басып кагаздарга көз жүгүрттүм.

Биринчиси Акматтын берген сурагы экен:

«...ошентип, Чоконун согончогун байкабай басып алдым, Чоко кайрылып, муштуму менен үч-төрт жолу сокту, жыгылганымда бир нече ирет тепкен, андан кийинкисин билбейм».

— «Чонтой» деп жазгандан адашкан го, аксакал? Ошенткен го, аксакал? — муздак суу сепкендей чыйрыгып, ушул иттен кутулуунун аргасын таппай кайсалактадым.

— Экинчисин оку? — деди тиги зиркилдеп, чын эле Акматты мен ургансып.

Окудум. Чонтойдун өз колу менен адатынча тайранатып жазганы. Оозу-мурду кыйшайбай. Чонтой да мени күнөөлөптүр. Кара башыңды жегир, кудайдан караса боло, кудайды!

— Аксакал, кудайды карашса боло, кудайды! — дептирмин кордукка чыдабай чыркыраган жаным.

— А сенчи? Сага кудайдын тийиши жокпу?

— Кечиресиз аксакал (корккондон эле «аксакал» деп жатам, ал өзү жаш жигит), мен кудайдын кулумун, аксакал.

— Кулу болсоң ыйман-ыскатыңды жебей, ак сүйлө.

— Ак эле сүйлөп жатам, аксакал, ак сүйлөбөсөм акыйкаттык болобу!

— Акыйкаттык, акыйкаттык деп коёт. О, акыйкаттан айлангыр, кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп коюп, анан ак болуп чыга келет. Сага окшоп кудайдын гөлөшүн уурдап жөө качып кутулгандардын далайын көргөнбүз. Айт чыныңды!...

Эсти эки кылган ушундай сурактардын бир нечесинен кийин Акмат менен Чонтойго беттештирди. Оозу-мурдулары бир кыйшайбастан экөө тең мени каралаганда күйбөгөн жаным күл болбодубу! «Айланайындар ай, акыйкаттык кайда?» — деп зыркырадым.

Мен ошентип «акыйкаттык» деп жүрүп, алты жыл моюнга илинген.

СОГУШКА БАРАМ

Листьев: Ошентип «Укмуштар талаасы» телеоюнунун финалдык бөлүгүн баштайбыз. Катышуучуларды тааныштырам: Алышев Алыпсатар — бизнесмен, Койчубаев Козубай — чабан, жана согуш ардагери Араңжанов Арманбек. Баары күнөстүү Кыргыз Республикасынан. Кол чабыңыздар!

— Алыпсатар Алышевич, бу «бизнес» деген сөздүн кыргызча маанисин айтсаңыз!

— Кандай десем? Сыягы, «катыныңды сатсаң да акча жаса» деген кеп.

— Сөз эмес бекен! Охо, 250 упай, итиңиз чөп жеп калган го!

— Эки жылдан бери.

— Өзүңүз акча жасагандан өзгөлөрдүн пешенеси жылыйбы?

— Абизательно! Бизнестин касиети ушунда. Айталык, аңкоо айылдыктын балын даярдоо контору 100 сомдон алат, мен 120дан. Пайдабы? Пайда. Сибирде бал 200 сомдон, мен 170тен үргүлжү берем. Аларга пайдабы? Пайда.

— Сизгечи?

— Ой, жерге кирсин. Эл үчүн иштөө деген тозок. Балды айылдан Сибирге жеткиргиче миллион милийсаны паралап, иттин күнүн көрөм. Ошентип, бир килден мен алсам 40 сом араң алам...

Листьев:

— Эми көңүл бургула! Таблодо бүгүнкү турмушубузга байланыштуу эки сөз катылган. Экөө тең беш ариптен турат.

— Кана, Алышев, сиздин тамга?

Алышев «Н» тамгасы.

Листьев: Абдан туура! Куттуктаймын, бул деген экинчи

сөздүн акыркы тамгасы. Айлантыңыз. Кечиресиз, Алышев, жылына канча бал жөнөтөсүз Сибирге?

Жалгыз тару ботко болбойт дегендей, менин ташыганым кумурсканын жүгү да. Өлө-тала 100 тонна араң жеткирем.

— Охо, дагы 250 упай. Эң жакшы! Тамганы, тамганы...

Алышев «Т»

Листьев: «Толик», «Тимофей».

Алышев: «Темирбай».

Листьев: Жакшы келе жатып... Эмнеге мындай ойлодуңуз?

Алышев: Алып үйрөнгөн жан, дагы аламбы деп...

Листьев: Туура! Алдыңыз байкеси! Биринчи сөздүн баш тамгасы «Т». Үч тамга тапсаңыз «Приз», кана айлантыңыз.

— Аялыңыз барбы?

— Бешөө.

— Коюңузчу, Алышев, 5 аялыңыз барбы?

— Чын.

— Анан 5 аял менен кантип никеге турдуңуз?

— Аял? Мен дискага алаксып, 5 айтты айткам.

— Ой, молодец! Дагы 450 упай! Бу сиздин итиңиз эле эмес, мышыгыңыз да чөп аймап калган сыягы! Айта салыңыз тамганы.

— «К».

— Коля.

— Коңурбай.

— Бу сапар сиз, Алышев... Шашып кеттиңиз көрүнөт. Бирок, абдан туура таптыңыз! Мындай тамга бар! Куттуктайм сизди! Биринчи сөздүн төртүнчү тамгасы «К». Приз! Татьяна садагасы, призди алып келе коюңуз! Ушул кутуда приз бар. Бирок, мен анын ордуна он миң берем.

— Акчаны албайм, приз.

— Жыйырма миң.

— Приз.

— Отуз миң.

— Приз.

— Жүз миң.

— Мынча жалдырап сурадыңыз кудай жалгагыр, сиздин шагыңызды сындырбай акчаны эле алайынчы.

— Акчаныбы?

— Акчаны.

— Татьяна, акчаны! Мынакей жүз миң сом. Эми кутучаны караңыз, эмне экен?

— Маркстын «Капиталы».

— Приз женүүчүгө кол чаап коюңуздар, дагы, дагы. Жүрүш өзүңдө. Себеби, мен жердин жети түбүнөн келгениңизге байланыштуу сизди приз алсаңыз да оюндан чыгарбадым.

— Ай-ай! Жүрүш — Койчубаевде, кана айлантыңыз...

— Листьев: Базар экономикасында приватташтыруунун мааниси кандай экен?

— Зор!

— Зор болгондо?

— Сиз аны түшүнөөр бекенсиз?

— Айтыңызчы!

— Мисалы, мен кредитке 1000 койду 400 сомдон сатып алдым.

Ачарчылык каптап келатканын көрүп турасыз. 200үн 4000 сомдон уруп жибердим.

— Эсебичи?

— Шашпаңыз. Арадан 1 ай өткөрүп, кудум карышкырчасынан 10 койду жарып салдым да, районго чабаганчы жибердим. Комиссиясына «Мына! Мылтык бергиле деп тил тешилди. Түндө 30дай карышкыр койдун баарын айдап кетти. Онун жарып, эки жүзү дайынсыз» — деп үңкүйдүм.

— Кудайды карасаң боло, чын эле 30дай карышкырбы? — деп шалдайды комиссиянын чоңу.

— Караңгыда санады дейсиңби? А мүмкүн кырктайдыр, кой болсо го короого камап алып санайт элем — деп тултуйдум...

Листьев: Кечиресиз, Койчубаев. Жүрүш сизден өттү. Арманбек аксакал, айлантыңыз.

— Аксакал, кыргыздын кай айылында жашайсыз?

— Тоодо.

— Жашоо кандай?

— Кайдагы жашоо, өлбөстүн акыркы күндөрүн көрүп. Пенсиябыз эшектин тушоосун чечүүгө жарабайт. Тоок 400 сом! Те илгери 3-4 сомго тандап алчубуз.

— Түшүнбөдүм, жумурткасын алчусуңарбы?

— Жок.

— Анда жөжөсүңбү?

— Өзүн.

— Койсоңузчу тамашаны. Мен го мейли, тиги залдагы элди алдай албайсыз го!

— Чын, балам. Азыр кой сатып алган акчага ал кезде 5 уйду беймарал алчубуз.

— Мүмкүн, себеби породалуу уй жок да тоодо, туурабы? Ошон үчүн 5 уюнар бир койго татыбагандыр? Мейли эми, келечекке ниетиңиз?

— Кайсы бир бурчта согуш башталса, ошого жөнөйт элем.

— Коюңузчу суук сөздү?

— Тирүү жанды кыюуну шарият көтөрбөйт, ачка өлгүчө шейит кетсемби дейм да.

Листьев: Кечиресиз, Арманбек байке. Банкрот, упайларыңыз күйдү.

Арманбек: Күймөктөн өрттөнүп кетсин. Менде кайдагы упай.

Листьев: Алыпсатар Алышевич! Жүрүш кайрадан өзүңүздө...

Пешенеңиз ачык жигит экенсиз, 300 упай! Тамгаңыз кайсы?

— Сөздү айтам.

— Сөздүбү?

— Кечиресиз, оюндун шарты боюнча туура айталбасаңыз оюндан чыгасыз.

— Билем.

— Кана?

— «Түлкү заман».

— Туура! Абдан туура! Куттуктайм сизди! Кол чабуулар, кана, кол чабалы! Оюндун катышуучуларына ырахмат айтамын, а сиз, Алыпсатар Алышевич, 1500 упайыңызга алар призди тандаңыз.

— Жапан магнитофонунан экини алам.

— Алыңыз, Алышевич. Менин да кең пейилим тутуп баратат. Призди сизге калтыруу менен супероюнду сунуш кылам. Айлантыңыз, эмне утукка ойноорунузду билели.

— Кеттик.

— Утукта автомобиль! Автомобиль!

— Эми дыкаттык менен угуп туруңуз, Алышев. Базар экономикасына өтүүнүн жолдорунун биринин аты, бул сөз 15 тамгадан турат. 4 тамгасын айтасыз анан ойлонууга 1 минута убактыңыз бар. Сөз орус тилинде. Жолдоштор, жолдоштор! Залда чиркей учса угулбагыдай тынчтык болсун. Алышев, кана, тамгаларды атаңыз.

— В, А, Т, И.

Туура. Ой молодец Алышев. Жолдоштор тынчтаныңыздар... ойлонуңуз Алышев, мына минутаңыз аяктады. Кана...

Алышев: «Прихватизация».

Листьев: Абдан туура. Куттуктайм сизди! Балдарыңыздын ырысы зор экен. Автомобиль сиздики.

Оюн бүтүп, эл таркады. Жапан автомобилинин жанында Алышев жана Листьев.

Листьев: Башың баш экен ой, айтылгандарды толук жаттап калаарыңа ишенбедим эле. Штирлицтен калышкыдай эмессиң. Адашып кетсең утук колдон чыгабы деп менде жан жок.

Алышев: Баш иштебесе, бутка күч келет эле да.

Листьев: Молодец! Мен шашып жатам, келе магнитофон менен жүз миңди.

Алышев: Мынакей, байкеси.

ТИЛИМ КЫЧЫШЫП

Автобустун шоопуру жаңы немеби же ичип алганбы, айтор адам эмес эле отун ташып бараткансып бирде булкунтса, бирде лык токтотуп баарыбызды кагыштыра темтендетип эсибизди эки кылды. Өкүрүк, бакырык чыкканы менен шоопурга эч бири «лам» дебейт. Алдыда турган кайран өзүмдүн тилим кычышып:

— Ой, сен өзү шоопурсуңбу? Көзүңө карап айдабайсыңбы,— дедим.

Ал автобусун токтотуп, эшигин ачты да:

— Сенин акылыңа жутаган эч ким жок, азыр деген өзүн өзү башкаруу заманы, чык, чыгып кет,— десе болобу.

Тим эле менчик машинесинде жүргөнсүгөн тиги зөөкүрдүн сөзү сөөктөн өттү. Акесин таанытайын десем бейтааныш шаар, жетим балача жалдырап артыма кайрылсам, мага жан тартаар пенде көзгө илинсе буюрбасын, ал турсун айрымдар «түшсөң-түшүп кетпейсиңби былжырабай» дегенчелик көзүнүн төбөсү менен тиктейт. Замандын тардыгына зээним кейий түшүп кеттим. Үйүңдөн үч кадам чыксаң — мусаапырсың деген ушу да!

Өзөгүм үзө тартып ачкамын. Ошондонбу, тиги мантыкананы көргөндө эмелеки кыжаалатчылык эстен көтөрүлүп, ансыз да чаалыккан эки бут бригадирдин атынча шарт бурулуп жөнөдү.

Чыгынганда курсакты биротоло тойгузмакка 20 манты алдым. Өзүм көптөн бери Оштун мантысын жебей ачыгып калгам.

Аш-паш дегиче чайнап-чайнабай үчөөнү кабат сугундум, анан эмне экенине баш жетпей адатымча тилим кычышып: «уста, бу мантыңыздын ичинде балакет да жок го»,— дедим.

— И, сиз балакетке кабылгыңыз келип жүрөбү?

— Жок, кокуй, балакетиңиз өзүңүзгө кут кылсын!...

— Токто, тилинди жулуп ала электе. Ниети бузук акмак,— деп дөңгөчтөй мантыпуруш жаныма жакындаганда айлам түгөнө:

— Кечиресиз, бу мантунун ичинде пияз-миязы болчу эле дегеним, ашык кетсе кечиресиз! — дедим коркуп.

— Туура.

— Анан сиздикинде эч балакет... кечиресиз эч нерсе жок, жалаң эле камыр го, аксакал (аксакал дебесем колундагы бычагы ойноп кетчүүдөй)?

— Туура.

— Туурасы кандай, аксакал?

— Туура дедим го, сен өзү кайдан чыккан келесоосуң? — деп күркүрөдү ал.

— Кечиресиз, аксакал, мантыңыз жалаң камыр экенин айттым да.

— Туура. Камыр манты дебедимби.

— Камыр манты да болобу?

— Жеп турасың го. Эмне үчүн болбош керек?

— Анан эт мантыдан кымбаттыгычы?

— Жоголчу, баш катырбай. Азыр деген өзүн өзү башкаруу заманы, жесең же, жебесең ала кет,— деп калган манты сөрөйдү көтөртүп, жолума салды.

«Жалгызмын да жалгызмын. Дарманым болсо чокусуна камчы ойнотмокмун» деп көкүрөктө арман түтөп баратып, алдымдагынын согончогун басып албасмынбы кара басып. Тозоктун шатысындай далдайган эме «кечиресиз» ооздон чыккыча кайрылып, тумшукка берип калды. Эки томолонуп акыркы жан талпас аракетте тура калсам, тиги зөөкүрдү милийса байматтаганын көрүп, энем жетип келгендей эреркий ыйлап жиберипмин. Аңгыча милийса:

— Кайдан келгенсиң? — деп кекете лакылдады. Эмелеки ылым санаганым өчө кайрадан жалгыздыкты сездим.

— Алыстан, иним, алыстан. Конокмун.

— Конок имиш. Эмнеге бу жигитти урдуң, өлгүдөй тепкилепсиң,— деди оозун куу чөп менен аарчып. Анан менин жообумду күтпөй күпүлдөдү.— Жүр, кеңсеге барып териштиребиз,— деп дегдеңдете жетелеп жөнөдү. Тиги «тозоктун шатысы» мыйыгынан жылмая жолуна түштү.

— Акебай, тигиге алым жеткидей көрүнөмбү? Коё бер, акебай!

— Анда штраф төлө.

— Канча?

— Жүз.

Төлөдүм, кутулбасам күн кечтеп баратат, камап салып шорду кайнатпасын. Ал жүздү чөнтөккө уруп, кетип баратат. Тилим кычышып:

— Акебай, квитанциясычы? — дедим.

— Башыңа урасыңбы?

— Арызданам.

— Арыздан, кимге арызданасаң! Азыр деген үстүдөн текшерүү жок. Өзүн өзү башкаруу заман. Андай акылдуу экенсиң кысып жүрбөйсүңбү! Сен ушу бирди көргөнү турасың ит! — деп тап бергенде жетим күчүкчө жөнөдүм куйрукту түйө качып.

Конок үйү. Бу шаарды ушунчалык «көргөнүмө каниет кыла ач отур, тынч отурду туура айтышат, жатайын жабы-

шын» деген ойдо алган ордума кеттим. «Эшикти бекитем, мына эми эч ким тийишпейт, кудай кааласа Манас уйкуну салайын» деп темселеп жүрүп, акыры мен өзүмдү өзүм башкарууга жеткениме сүйүнө жарыкты жандырдым. Шумдугун кур, жер жайнаган таракан, дубал боору кантала. «Багы жокко дагы жок» тура! Шейшептери... Бар эле болсун! Ошо шейшеп менен кантала өлтүргөнбү же башкабы, айтор иттин өлүгү жыттанат. Мындайда тил бечаранын кычышпаска айласы канча?! Орун бергичке келип:

— Ырайым кылыңыз, эжеке, мүмкүнчүлүгүңүзгө карап башка орунга которуп койсоңуз зор соопчулук болоор эле,— дедим момоорун. Орун бергич аял көз айнегинин төбөсүнөн карап:

— Эрке көрүнөсүң, жигит?! Бизде орундун баары бирдей, ишке тоскоол этпей жөнөңүз,— деди.

— Таракандын уюгуна барыпмын, эже!

— Ай, бу сен инопланетянин эмессиңби? — Эжеке теше тиктей ордунан турду.

— Жок, кокуй!

— Анда неге тараканда жүрөгүң түшөт? Ит менен таракандын жүрбөгөн жери барбы? Же менин үйүмдөгү тараканда ларды чогултуп келип, сенин жатаканаңа кийирип берди дегени турасыңбы, я? — Ал автоматтай бадырады.

— Жок, эже!

— Анда жөнө башты оорутпай. Таракан жырткыч эмес. Жебейт кишини. Тамак-ашты аралап жүргөнү-жүргөн бечаранын. Кана, зыяны? Деле таракандын зыянынан кырылса дүйнөдө адам калабы? Аттиң! А мүмкүн, дүйнөнүн кайсы бир бурчунда тараканды адам жээр? Ошону эртеээк билсек, мына бу тартыштык заманда бизге кыйла жардам болмок! — Автомат эженин токтоору жок.

— Кечиресиз, акыры мен тыйын төлөдүм го?

— И-и, бекер жаткың бар беле? Ай, эмне эле эркелейсиң, я? Каалабасаң, кет сенделбей!

— Акча алган соң шартын түзбөйсүңөрбү! Же үстүңөрдөн арыздануу керекпи силерге? — деп мен да чыйрала түштүм.

— Я? Арызданасыңбы? Кимге?

— Жогорку жакка!

— Турмуштан артта калыпсың, балакай! Буйрукчул заманды эстегениңе караганда партократтын баласы көрүнөсүң? Ушу сенин тамырыңды изилдеш керек. Бар, арыздан! Азыр деген өзүн өзү башкаруу заманы! Жөнө! Болбосо милийса чакырам,— деп аркыраганда баягы «жүз» көзүмө көрүнүп, «бакпай балээңден сакта, кудай!» деп көздөн кайым болдум.

КЕМЕЛУПТҮН КЕСЕПЕТИ

Арсаң агынан ашыгыраак шыңгытканга алагүү келатып, алдынан ашкана көрүнгөндө ичинин ит жалагандай ачышканын сезе аш жыты тарапка бурулду. Ашканадагы үстөлдөштөрү адам туягы куруп кеткенсип, тиги... КГБишниктер Айбаш менен Майбаш экенин көргөндө тоң май сугунгандай көңүлү айланып, бирок алардын жанына отурууга сокур намысы этектен тартты шекил. Ырсаң эте жылмайып (саламдашканы), көчүк басты.

Арсаң тиги экөөнө коңшу, ары курбалдаш, ошого ылымсанай ички сырын айрандай төгүп, бир чоң кызматкерди жамандаган, аны тиги экөө төкпөй-чачпай «өз убагында маалымдагандыктан» Арсаң өз убагында жумуштан куулуп, аз жерден соттоло жаздаганы эсинде. Андан бери жылдар өттү деңизчи, бирок Арсаң асти бөрү баласы ит болооруна ишене койбос. Тигилерди көргөндө бүткөн баданы дүр эте көңүлү айланганы да ошондон. Тигилер да жайдары жылмайыша «отур» дегендей кол жаңсашканы арбап салбадыбы. «Өлүп кетсин, чегирткеден корккон чемичке экпейт. Айтор... кысып отурайын» деди Арсаң ичинен. Ал тургай тигилерди угуп, эгер бирди-жарымды жамандашса, жеткирчү жерге желмаяндай желип жеткирбесем деп кекенди. «Ушак ташууга сөзсүз эле кигибишниктин зарылы жоктур, шашпасын буларды» деп кулак түрдү.

— Кемелов иштен кетиптир,— деди Айбаш.

— Бүгүн уктум,— деди Майбаш.

— Ырас элеби? — деди Арсаң эмелеки касам ичкенин жадынан чыгара сөзгө кыпчылып.

— Первоисточниктен,— деди Айбаш. Кемелуптан да келтек жегенби, айтор көбүрүп — жабырып баштады Арсаң:

— Айткандын оозу, ыйлагандын көзү жаман, мына ушундай биздин заман. Кемелуптун келесоолугу туурасында айтып жүрүп тилим тешилген. Мына, кудай бар экен го асманда! Бизде көбү отко айдасаң бокко качкандардан. «Ой, Кемелупту көтөрбөгүлө, жазып-тайып көтөрсөңөр өзүңөргө тийген муш болот» деп безилдеген менин сөзүм арык аттап, суу кечкен эмес убагында.

— Кайдан билесиң аны? — Майбаш түтөгөн отко май чачты. Күүлөнүп алган Арсаң ууртунан көбүк чача күпүлдөп, ал тургай ким менен отурганы, алдыдагы тамагы эсинен көтөрүлүп, Кемелупту келтектөөгө өттү.

— Ой, жинди экенсиң. Кантип билбейин? Ал ит менен биринчи класстын астанасын бирге аттаганбыз. Районду жетектегенде машине береби деп канча шыйпаңдадым. Таш

балекетиби! Кезекке тур дейт. «Сенин көзүң тирүү турса кезекти урамбы, көзүң өтсө кеп башка» деп коюп, балээге калгам. Жүзү жок, таш боор ит ал. Болбосо иттин ити башкарма, деректирликти иштебедиби. Мен да башкармалыкты сурап баргам, анын иттигин билип туруп. «Түстүүдөн түңүлбө» дегенге азгырылып баргам да!

— И-и, бердиби башкармалыкты?

— Жинди экенсиң. Ошо мага жакшылык кылабы? «Колхозду башкаруу оюнчукпу, анын үстүнө сенин кесибиң мугалимдик» деп. «Мураховский деле мугалим, Союздун айыл чарбасын башкарып, «заслуженный» жетекчилерге баш-көз болгону жалганбы?» десем, «билебиз, ошого окшогондор өлтүрбөдүбү Союзду» деп ошого окшогондордун тобуна мени да кыпчыганынан иттей уруша кеткенбиз. Ал тургай сөктүм. «Сыйга сый, сыр аякка бал, сый билбегендин көзүн чукуп ал» дейт эмеспи.

— Кемелуптубу?

— Дал өзүн! Чоң болсо өзүнө чоң. Чоңдугун мага көрсөтөбү, кысталак! Өтөөр иш өттү, кетээр иш кетти. Эми айтса боло берет. Ошондо ачуу менен Кемелуптун үстүнөн арызды чубурттум го!

— Өзүңүн атыңанбы?

— Кайда-ан?! Жанымдан түңүлгөн Майбаш... кечиресиң, Маке, дөдөбай белем? Ар кимдин атынан да. Эки агасы, үч үкөсү жалаң майлуу жерлерди энчисине тийгендей ээлеп алышканын жазгам.

— Кемелов чоң болду деп тигилер кызматынан айрылабы? Алардын да орун-очогу, бала-бакырасы бар. Алардын казанына Кемелов аш салып береби?

— Ой, жинди экенсиң. Биринин районду мыжып эзгени жетет. Калганы элге окшоп чапсын да кетменди!

— И-и, айта бер.

— Текшерүү кыйла копулдатты, анан басылып кетти. Кемелуп пул таштады сыягы. Кийин облуска көтөрүлдү, анда да уюштурдум жазууну. Бир алдын самандай өңү саргарды го кургурдун!

— Ох-хо!

— Анан дагы пул таштады окшойт. Биздин элдин карангылыгын бир айтасыңбы, эки айтасыңбы? Алды-аркасын карабай көтөрө берет, көтөрө берет. Ошентип, Кемелупту министрге жеткиришпедиби.

— Кайсы министрликке? Комитетке десең!

— Ой, жинди экенсиң, кайдагы комитет? Айыл чарба да, кайсы болмок эле? Сынайт десе сынай бересиңерби? Аңкоолонумушту коңшуларга көрсөткөнүңөр уят, жигиттер!

Же айдалган Кемелупка «тез маалымдайсыңарбы?» — Арсаң оозун араандай ача арсаңдады. Тигилерди сөзгө жыккандына жетине албайт бечара.

— Адашып жатасың, Арсаң!

— Адашкыдай мен Майбаш... кечиресиз, Маке, адашкыдай көк мээ дейсиңби? Ошо айыл чарба министрлигинен Президентке шайланды го акыры. Башканы билбейм, бу түгөт Кемелупту беш колдой билем, жигиттер! Зап гана айдашыптыр итти!

Айбаш ичин тырмай каткырык салды.

— Көрсө, сен урматтуу Президент Кемеловго тил тийгизген турбайсыңбы!

— Өзүңөр бошоду дебединерби Кемелупту! — Арсаңдын оозу аңырдай ачылып, кайсы жыландын куйругун басканын билалбай эси эки.

— Биз комитеттин төрагасынын орун басары Кемеловду айтканбыз.

— Кечире көргүлө, айланайындар, Кемелуп укса тирүүлөй жеп коёт мени! — деп жалдырады Арсаң.

— Жейби, жебейби, биздин милдет — өз убагында маалымдоо, — деди тиши кычыраган Майбаш.

САМЫЙ ГЛАВНЫЙ АЙЫГЫП КЕТҮҮНҮ ОЙЛОШ КЕРЕК

Көз айнекчен врач столундагы китепке үңүлүп отурат. Оорулуу кирет. Колтугуна чейин жеткен көлтөйгөн шымдын кашатын колу менен кармап алган. Шым да, көйнөк да жыртык, көйнөгү кичине, эптеп кийип алган. Оорулуу врачка:

— Агай, сизге арыз менен келдим. (Врач столдогу китепти колуна алып, окуп калды. Деле оорулууну байкамаксан).

— Агай!

Врач көз айнегинин төбөсүнөн карап кыйкырды.

— Эмне?

— Арыз менен келдим.

— Бирөө урдубу?

— Жок, агай!

— Тилдедиби?

— Жок, агай!

— Анан кайдагы арыз?

— Кийимдеримди куурай отундай таңып, бир көөмүткө ыргытып жибериштн. Мен айыгып чыккыча ал өткөндө учуп өлгөн көк өгүздүн тогуз катындай бырышып-тырышып калса, кантип кийип кетем?

— Үйүңө барганда үтүктөп албай жаның жокпу?

— Аны сизсиз да билем.
— Билсең болуптур да, убакытты албай чыкчы эшикке!
— Гөрдөн чыккансып, тырышкан кийим менен кантип кетем?
— Тырышкан кийимдүүлөрдү көчөдө эч ким жыга чаппайт же бырыш кийимчендер тайгаланып жыгылмак беле? Кетчи тантырабай!
— Агай, дагы бир суроо. Мынабу шымды карасаңыз, жүзүнчү размер болсо керек. Тим эле кекиртегимден келип жатат, көйнөктүн кейпи бул.
— Анан эмне, ар бир оорулууга заказ менен тиктирип берет деп жүрдүң беле? Көйрөңдүктү таштап, самый главный айыгып кетишиңди ойлобойсуңбу! Же параддан өтмөк белең?
— Бөлмөбүз болсо ит өлгүдөй суук.
— Кандай такмаза немесиң, я? Көпчүлүк үшүсө үшүйсүң, тоңсо тоңосуң. Жалгыз сени алпечтегидей ызгыч туул бермек белең бизге? Андай эркелегиң келсе, таянеңдин үйүнө баргын. Бул жерде самый главный айыгып кетүүнү ойлош керек.
— Көпчүлүк ысысачы?
— Эй, башы жок, ошону да билбейсиңби?! Анда сөзсүз сен кошо ысыйсың.
— Качан?
— Качан көпчүлүк ысыганда.
— Быйыл кышы бир жолу ысыйбызбы?
— Аны кудай билет. Же мени кудайдын орун басары дединг беле? (Каткырып күлөт). Жөнө былжырабай!
— Дагы бир суроо. Тамак ичкенде тарелке такыр жетпейт. Он киши ичсе, отузу жетим баладай ошолордун оозун карайт.
— Исмендешип ичкиле, ага чыдабасаңар экөө-бара, үчөө-бара ичкиле. Илгери ата-бабабыз идиш жетпесе экөө-бара, үчөө-бара эле ичип келген. Тамаксоо неме окшойсуң. Бу жерде самый главный айыгып кетүүнү ойлош керек.
— Исмендешкиче тамак муздап калат экен да?!
— Какая разница, ысыкка оозуңду күйдүргүчө муздакты жутуп, курсагыңды тойгузсаң болбодубу. Бул жер курорт эмес, оорукана деп коёт, самый главный айыгып кетүүнү ойлош керек.
— Ошо ооруканаңызда ырымга бир кашык калбаптыр го?
— Кандай тантыраган баласың? Илгери ата-бабабыз суюгун идиши менен көтөрүп ууртап, коюусун колу менен жеген, же сен асмандан түшкөнсүңбү? Тарыхты окуш керек, тарыхты! Оро албаган орок тандайт имиш. Сага мүмкүн катуусун чайнап бериш керектир? Тамаксоолукту таштап, самый главный айыгып кетишти ойлобойсуңбу! Марш атсуда!
— Агай, бир суроо калды, тиги эмне эле? И-и, дудук радио жөнүндө уктуңуз беле?

— Эй, дөөдүр, өзү радио болсо, анан кантип дудук болсун? Сүйлөбөсө аны ким радио демек?
— Сиздин ооруканадагы радиолордун бири да сүйлөбөйт го?
— А-а түгөт десе! Сен бала, көрүнгөнгө тийишкен кырчаңгы окшойсуң? Оорулууларга тынчылык керек, ошон үчүн сүйлөбөйт радиолор. Сага филармония эмес, бул оорукана дейт. Дагы айтам, самый главный айыгып кетишти ойлогун.
— Эч болбосо тиги, ооруганда сестраны жардамга чакырчу аппараттарды иштетпейсиздерби!
— Өзүңдөн башканы акмак деп ойлойсуң го? Иштетип көргөнбүз аны, сага окшогон шумпайлар оорубаса да сестраларды чакыра берет, чакыра берет. Натыйжада сестралардын бут кийимдери тез жыртылат. Көрдүңбү кандай зыян?! Андан көрө самый главный айыгып кетишти ойлогун.
Как опытный врач катары айтып жатам.
— Күнүнө үч үкөл аласың дединиз эле, кечээ төрттү беришти го?
— Кетчи ай, мүшайт этпей. Төрттү алсаң эмне болуптур? Ашык дүйнө баш жарбайт. Жөнөчү көзүмө көрүнбөй!
— Бүгүн болсо бир да үкөл албадым.
— Эмне? Үкөл беришпедиби? А шайтандар десе! Эчтеке эмес, кечинде үчөөнү бирге аласың. Сен бала, майда-баратка алаксыбай, самый главный айыгып кетишиңди ойлосоң боло!
— Анан сестраңыз адашып, беш күн мурун төрөгөн аялга бүгүн толгоо үкөлүн бериптир. Ал бечара аз жерден өлүп кала жаздады.
— Ок, оозуңа! То есть, садагаң болоюн, иним, айланайын үкөм, бу сөздү оозуңдан чыгара көрбө. Муну оозуна алы жетпегендер укса «Самаркандан саман учуптур» дегенди «Өрүктүнү бүт бойдон өрттөп кетиптир» деп бурмалагандай уу-чуу чыгарышат. Андай көр албастар сестранын адашканын билбей, түз эле менин автарийкатыма доо кетиришет. Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт, иним! (Ордунан туруп, тигинин башынан сылап, бетинен өбөт). Ал эми азыр, иним бөлмөңө бара кой. Ошент, садагасы, менин да табым айнып турат. Эртеден бери зыңылдаган башым азыр тим эле тегирмендин ташындай салмактанып калды. Мени да аясаңар боло,— деп мукактана барып, столуна отурду. Бала жетип барып, врачтын чекесине алаканын басты.
— Апи-ий, агай!
— Эмне?
— Башыңыз бар го!
— Айтчы тез!
— Тим эле биздин бөлмөдөгү печкадай ысып чыгыптыр.

— Айтпадымбы, башым ооруп турат десе болбойсуң. Катуу ысыптырбы?

— Элүү-алтымыш градуска жеткен го!

— Эмне дейт, кокуй! — Өзү башын эки колу менен кармалайт.

— Атаны кокуй күн ай! Шордуу башым ай! Эми кантем? — Шолоктоп ыйлай баштайт. Жигит шымынын кашаты менен врачтын оозу-мурдун ааршыйт.

— Агай, жүрүңүз, бизде бир орун бар, ошерге жатыңыз. Мен сестраны чакырып келип, мага бербеген үкөлдү сизге бергизем.

Врач дале ыйлап жүрөт.

— Кийимдеримчи?

— Андан камтама болбоңуз, өзүм апарып, тапшырчу жерге тапшырып берем. Самый главный айыгып кетүүнү ойлош керек, агай! — Оорулуу врачты колтугунан таяп жөнөйт. Ал ыйлап баратат.

ТЕЛЕФОН

Эрте менен жумушка баратып, «Кочкорбайды көрө кетейин» деп ооруканага бурула калгам. Ооруканандын оозундагы отургучта башы таңылуу Ормон олтуруптур. Качып кете тургансып колун байлап, мойнуна асып алыптыр. Кудай урган го! Мен тык токтоп, анан шашып терекке далдаландым. Ал көргөн жок. Жүрөгүм дүкүлдөп, бир жамандыкты сезгенсиди балекет баскырдыкы! Балким, окшош бирөөдүр? Жок, Ормон өзү. Значит... Значит мени издеп милийса азыр үйгө барат. Же ишканада күтүп отурабы?

— Эй, Садык!

Дирт эте чочуп кеттим. Милийса мени издеп келген тура! Бүткөн боюм дүркүрөп, көз ирмемде чекемден муздак тер чыбырчыктады. Кайсы шайтанга азгырылып... Акырын бурулуп карасам, Касым догдур. «Ох-ох!» деп катуу үшкүрүндүм.

— Ой, эмне мынча өңүң кубарып? Катуу ооруп турасың го?

— И-и, кичине бейтапсынып.

— Жүр, карап көрөйүн.

— Көзүм караңгылашып кетти, кичине дем алып, анан барайын.

Ал кетти. Мен ууру мышыктай акырын артка жылдым. «Мен эмне корком? «Жигулиңди» жуу» деп өзү ачкемердей асылбадыбы. Бир айтып бир койбойт, эки айтып эки койбойт.

— Тээ илгери байпак алса жуушчу эле. Сен эми ак тилек менен алган машинаңды майласаң өлөсүңбү? Мен сага жатжалаамынбы? Жамандыр-жакшыдыр экөөбүз бир кабинеттин

столдорун кучактап олтурабыз го,— деп безеленгенден безеленген. Анан мен ага «өзүң билесиң, ичимдиктен алысмын, шерик таап, мен үчүн да майлап кой» деп «жарымталык» тыйын бергемин. «Мен коркондой анын оозуна арак куюптурмунбу? Жо-ок. Ишканага угулса чатак. Жебеген самсага пул төлөгөндөй, ичээрин ал ичип, сөгүш, мага тиер бекен? Жамандыгына алса... Ка-ап!» Кетип калууга көңүл түтпөдү.

— Ассалоому алейкум, Омоке! Ой, мында отурушуңа жол болсун?

Ал деле шашпайт, мага да тике карабайт. «Значит, мени милийсага жамандап койсо керек?» Ушинтип ойлондум. Ал тамекини кере-кере тартты. «Маалкатканын карасаң! Мени гана күнөөлүү деп жамандаганын айта албай турат. Баары бир айттырам.» Жадымда ушинттим.

— Ой, сүйлөсөң боло!

— Дагы райондун борборунда жашайбыз деп көкүрөк кагабыз. «Черемушкасындагыбызды» айтпай эле коёюн. Башкасын кой, ушу «Черемушка» сымалда бир автомат-телефон жок...

— Телефон темирен калсынчы, өзүңө эмне болгон деги? — Мен чыдабай кеттим.

— Мени мында ошо телефон айдап келбедиби!

— Койсончу, Ормон, күрөккө токтогудай сүйлөсөң. Кантип эле телефон? Болгондо да жок телефон килейген кишини кантип айдап алсын? — Себеп башкада тура деп бир аз жаным жай алгансыды.

— Кечээкини билесиңби?

— Кайсыны? — Мен билмексен болдум. Бирок, ичим уйгу-туйгу.

— Сен бергенчи?

— И-и? — Бош унчуктум.

— Ошого жарымта алып сокком да.

— Өзүң жалгызбы?

— Ой, кызыксың да, Садык! Ал өзү каатчылык болуп атса башка бирөөгө түшүп калыптырбы?

— М... анан?

— Кеч үйгө кеттим. Коңурукту кош тартып, отставкадагы генералдай керилип уктап жаткам. Кайсы маал экенин билбейм, капыстан капталга укуп, аяшың ойготуп калбаспы. Көрсө, толгоо тартып, шайманы кетип калыптыр. Мен аны кайдан түшүнөйүн? Тил оозго батпай кургап, менин акыбалым аныкынан оор. Ошондон уламбы, аны өзүмө теңеп «суу ичесиңби?» дептирмин.

— Сууң менен сумуран калгыр, «тез жардам», — деп көзү жашылданды.

Таттуу уйкуну бузган маселенин төркүнүнө эми түшүнүп, «тез жардам» чакырыш үчүн жакын ортодо телефон жоктугунан Темирбайдыкын көздөй сыздым. Короосуна эми киргенимде Жолборс (Темирбайдын ити) менен кагылыша кетсем болобу! «Апа-а!» деп бир айкырып алып, короодон качып чыктым. Энтигип келип, эшиктин алдына токтодум. Артымдан дүбүрт угулду. Жолборстун өжөрдүгүн өзүң билесиң, «куup келгенби?» деп карасам, кудай сактап жок. Көрсө, Жолборстон чочуган жүрөк бечара көөдөндөн чыгып кетчүүдөй согуп жаткан экен. Кайда бараарды билбей далдырап турсам, кайран акылман мээ эски автогараждагы телефонду сунуш кылды. Жүгүрдүм. Дүкөндүн бурчунан чыга калсам, кароолчунун ити качырып сала бербеспи! Өтө качкыча болбой, тартылган зымга чалышып, арыктагы баткакка оонап калдым. Чекем какшай эле түштү. Оозума толгон ылайды түкүрүп, сенделе турдум. Бир секунданы да текке кетирбөө керек болчу. Сөкүрөндөп автогаражга жеттим.

— Абаке, телефонуңуздан...

— Ким бул? — деп келе жаткан кароолчу мени көргөндө көзү чанагынан чыгып кетчүүдөй чакчайып, келме келтирип жиберди.

— Алдастап жүрүп, үйдөн ак дамбал-көйнөкчөн чыккамын. Анан баткакка оонап алган кайран өзүм айдын жарыгында жан алгычтай эле көрүнсөм керек?

— Тез кетпесең атып салам,— деди да, кароолчу мылтыгын оңдой кармап, тескери басты.

— Эми канттим? Почтодогу телефонго барууга туура келди. Сууктан колдор камтууга келбей, ээктер шакылдайт. Дагы жүгүрдүм. Мени көрүп, телефондогу кыздын да үрөйү учту.

— Са-адага, коркпо,тез-з жар-р-дам.— Арт жагын айта албай калчылдадым. Түшүндү окшойт, тез байланыштырды. Дежур врач адрестерди тактаган соң:

— Бурумга тез барып туруңуз, үйүңүздү таппай убараланып калбайлы, — деп эскертти. Бурумга «тез жардамдан» мурда жетиш үчүн калган кайратты топтоп, бешинчи ылдамдык менен зырылдадым. Шашылышта аяшыңдын жаман көлөшүн кийип чыккан экем, эки ала салып кеткенсигенимди бир билем. Ошентип, мээримдүү «тез жардам» аяшына кошуп, мени да ала келүүнү унутпаптыр, — деп жылмайымыш болду Ормон.

— Ох-х! — Байкабай үшкүрүнүп жибериптирмин. Бирок, өзүмдү ушунчалык жеңил сезип турдум. Турмуш кызык да, бирөө ыйласа, экинчиси күлүп дегендей.

— Эмнеге үшкүрүнөсүң же ооруп келдиңби?

— Жок, дос, сага боорум ачып атпайбы!

ЖОЛ ТААСИРЛЕРИ

I. Аэропортто

Ала-Тоодон алтообуз дегендей, биздин министрликтен алтообуз жолдомо менен «Эл чарбасынын Бүткүл союздук жетишкендиктерине», кыскарта айтканда ВДНХга жөнөп калдык. Көңүлдөрүбүз куунак, кыял алып учуп, себепсиз эле бири-бирибизге жылмайып, «Манас» аэропортунда учууну күтүүдөбүз. Кубанбагандачы, Москва! Ага баруу канча миңдеген адамдардын мүдөөсүндө, ой-кыялында бугуп жатат. Салмагы дүйнөнү дүңгүрөткөн өлкөбүздүн борборуна баруу мүмкүнчүлүгү ушу сапар биздин пешенебизге чийилгенине кантип кубанбайсың!..

Бирок, окурман, алты күндүк жол жүрүүсүн илгерки кемпир-чалдын жомогундай ыбыратып-чыбыратып айта берет экен деп алдын-ала зерикпеңиз. Бирин-экин гана маанилүүсүн айтам. Кыстарылган «маани» деген маанилүү сөздү кандай мааниде түшүнүү сиздин эркиңиз.

Ошентип, самолетко чейинки текшерилүүчү өткөөлдөн бешөөбүз өткөндө алтынчыбыз Чонтойду аппарат өткөрбөй калды. Чырылдайт. Чөнтөгүндөгү тыйын-тыпырын, ачкычтарын таштап, курун жана саатын чечип өтсө деле чыркырайт. Тезирээк өткөй эле деп биз да чыдабай турабыз.

— Ой, сен темир жутуп алганың жокпу?

— Алтын жуткуч шумпайлардан го бу түгөт?

— ?..

— Кайра өтчү!

Кайра эки жолу өттү. Дагы эле чыркырайт. «Деле темир атмай калган жок» деп жалдырайт бечара.

— Шляпаңды алып өтчү, — деди чыдабай кезек күткөн бирөө. Тургандар күлүп калышты. Чонтой бир бозоруп, бир кызарып, акыры ошондой кылды. Чын эле аппараттын жаагы жап болду да калды. Көрсө, каран калган шляпанын кырбуусунда зым бар тура!

2. Мейманканада

Бизди Москвада «Ярославская» мейманканасына чегеришти. Кезек күткөндөр аябай көп экен, элдин эң артында туруп калдык. Бишкектен жөнөгөндөн бери болор-болбоско каткыра күлүп, ээ-жаа бербей анекдот айтышып, анан Москванын кооздугуна тамшанып, көтөрүңкү келген көңүл кургурга бир нерсе «тык» тийди. Жолумдан кара мышык өткөндөй капалык, белгисиз дүпөйүлдүк пайда болду менде.

«Ушунча көп адамдардан орун ашаар бекен? Эгер жетпесе кайда түнөйбүз? Каерде болбосун мейманкана баары бир да.» «Командировка күбөлүгү турса орун бербеске айласы канча?» дейсизби? Асти антип ойлобоңуз, терең жаңылышасыз! Бул жагынан бизде да он сегиз жылдык тажрыйба бар. Ошондой эле кат менен көп жолу орунсуз калуу көңүлгө көк таштай тийип жүрбөйбү! Айталык, Оштогу «Алай», Бишкектеги «Кыргызстан» мейманканаларынан орун алалбай, байдын үйүн сагалаган жетим баладай сыртта калып, зарыгып жүргөнүбүздү эмнеге эле Сырдыбайдын сырындай жашырабыз? Астанадан аттаганда «кара кагаздай» жүрөктүн үшүн алчу килейген тактадагы «орун жок» деген өлбөс-өчпөс жазууну алып коюшканын сиз эскертпесеңиз да билебиз. Ошого ылым санап, жок дегенде ушу сапар орун тиер деп жакындап барсаңыз, сөзсүз башка жыландын башын көрсөтүшөт. «Бронь» деп гана кыска жана «нуска» жооп беришет. Ошо бронь бир кишиликпи, он кишиликпи же жүз кишиликпи, кантип билесиз? Үмүт да, дагы бир кайрып көрөйүн, анан болбосо кете берейин дейсиз.

— Башты оорутпачы, садагасы, бронь деген бронь, бул менин чыгармам эмес. Ишке тоскоол этпей жолуңа түш,— дейт ак жуумал сулуу эжеке тим эле андан башканын баары ишсиз көчөдө сандалып жүргөндөй. Дагы сурансаң:

— Ай, эмне эле соодалашасың? Же бул жер сага чайкоо базарыбы? Чыгып кетесиңби же милийса чакырайынбы? — деп опузалайт.

Ошондо алардын шылтоосун тиги атакталуу лазер нуру да көзөп өтө албастыгына айласыздан ишенесиз. Чайкоо базары демекчи, аталган мейманканаларга эптеп кирип калсаңыз, эч нерсеге көңүл бурбаңыз. Антпесеңиз жашагандардын кыйласы өз иши менен жүргөндөр, алып сатарлар экенин көрүп, артыкбаш кыжаалат болосуз. Көптөгөн текшерүүчүлөрдүн бирди-жарымы келип, эч болбосо айына бир жолу текшерип койбогонуна өкүнөсүз. Ден-соолукка да зыян. Анан ошо алып сатарлар деле орунсуз калышпайт, сыягы аларга «бронь» он-он беш жылга берилсе керек?.. Андан көрө вокзалдарга барып уктасаңыз убакыт да текке кетпейт, кезек күтпөйсүз, жеме укпайсыз, эч ким менен урушпайсыз. Кыскасы, кышында гана анча-мынча үшүгөнүңүз болбосо, коогадан алыссыз...

Орундан жүрөк заада болгон кайран өзүм ушу болбогон майда-баратты ойлоно кетип, олдоксон ынтылам деп алдымдагы адамдын согончогун кырча басып койдум окшойт, бечара мага бурулуп, кабак-кашын бырыштырып-тырыштырып калды. Шашканымдан алты жолу кечирим сурап

жатып, каарынан кутулдум. Не бир убакта биздин кезек жетти. Алтообуз тең демибизди ичибизге тартып, орун берүүчү «сыйкырчы» кызга жалдырап карап калдык. Кокус-мокус жөтөлүп-мөтөлүп жиберип, көңүлүн бузуп албасак экен деп коркобуз.

Шумдугун кур, ээй! Үстөлдөгү машинкенин басмактарын басса, жанындагы телевизордон кайсы көөмүттө канча киши жатканы, ал турсун, алардын фамилиялары жазылып, канча орун бош экени көрүнүп жатат. Укмуш! Укмуш! Тамшанып эле ошо кыздын ийменделеген маңжаларын карап калыппыз. Бирок, мындай ойлой келсеңиз, ошо машинанын да бузугу, түү бузугу дейм да, кемчилдиги бар экен. Беш кол бирдей эмес дегендей, окумуштуулардын да жалкоолору бар көрүнбөйбү! Болбосо дубал бетине чоң экран койдуруп, ошондон ар бир көөмүттө, ар бир кабатта канча бош орун бар экенин көрсөтүп койсо, кана?! «Бронь» дегендердин үнү күркүрөбөстөн чыйылдап чыгып калмак. Кап, бири кем дүйнө деген ушу да!..

— Чоко ким? — дегенде селт этип чочуп кеттим.

— И-и, мен, эжекебай, мен! Садагасы кетейин, Чоко деген мен!

— Сизге орун бере албайбыз.

— Я? — Башыма таш тийгендей көзүм караңгылашып, сендиректей түштүм.

— Паспортуңуз бузук экен.

— Бузук? Машиналар бузулчу эле, паспорт да бузулабы? Же анын мотор-сотору, тормуз-сормузу болбосо? — деп шеригим сөзгө кыпчылды.

Анан дагы:

— Арабызда слесарь бар, бузугун көрсөтүңүз, заматта оңдой салабыз,— деп айтса болобу!

Менде сүйлөөгө дарман кайда? Түшүм же өңүм экенин биле албай эсим эки. Кошунабыздын «Запорожу» кара түтүн бүркүп, ыкшып жөтөлүп, эки күндүн биринде бузула берчү. Эми минтип паспорт бузулса...

— Карбюратору иштебейт экен, — деди артымдагы локуйган кара неме. Ага каяша айтсам, жалпайта коё турган.

— Бузук,— деди тиги кыз деле кебелбей, анан паспорттун бузугун көрсөттү. Кызыл-Коргондо жашап, анан Гүлчөгө көчүп келген элем. Ошондо учетко алып жатып, Кызыл-Коргонду бир сызып, үстүнө Гүлчө деп балчайта жазып койгон тура!

— Ошо эки кыштактын сизге жакканын жаза салсам кантет?

— Болбойт.

— Эми кантем? — Сууга агып баратып, бош шыбакка тырмышкандай айлам куурулду.

— Кантмек элең? Келген жериңе кетип, паспортуңду капиталкага бересиң да. Ошого да башың жетпейби? — дейт куюшканга кыпчылганга окшоп, баягы локуйган кара неме. Мен бука тартышка түшкөндөн бетер көл-шал тердеп чыктым.

— Ушундай паспорт менен да үйдөн чыгабы?

— Деги өзүңдүкүбү же уурдап келгенсиңби?

— Бу сага картошконун баасын жазган кагаз эмес да! Эндиребей жакшы карап албайсыңбы?! — деп тигилер муздаганды өзүмдүн шериктерим жиреп кетишти. Ичимден өзүбүздүн паспортчу Суратты жети атасына сөгүп-сөгүп алдым. Бирок, айла канча!

— Эми кантем? — дедим бош, энесинен таяк жеген балача үнүм каргылданып. Москвага бир түнөбөй, ит куугансып кайтаарымды ойлоп, жашып да кеттим көрүнөт.

— Милициянын жыйырма биринчи бөлүмүнөн уруксат алып келиңиз,— деди тиги кыз сылык гана.

Ошентип, чоң базарда атасынан адашкан балача ары-бери жүгүрүп, сыртымдан буулугуп, ичимден ыйлай эки саат дегенде жыйырма биринчини таптым. Эшик алдындагы дежур офицерге кайрылдым.

— Агай, паспортум бузулуп...

— Анда тиги эшикке кир, паспорт стол ошо, — деди сөзүмдү бөлүп. Айткан эшикке барып, паспортумду бердим.

— Үй китепчесин, келүү баракчасын бериңиз,— деди ак чач аял көз айнегинин төбөсүнөн карап. Анысы кызык экен, эки жүлжүйгөн, анан дагы эки чоң көз тигилип тургансыды мага. Кайдагы китепче, кайдагы баракчаны сураганын түшүнбөй калганымды сезди окшойт.

— Катталасызбы?

— Жок, кокуй, паспортум бузулуп калыптыр.

— А эмне, сууга түшүрүп алдыңызбы?

— Андай эмес...

— А-а билдим, сыя төгүлгөн го? — деди жайбаракат. Анан мен кеңири түшүндүрдүм.

— Оо, анда катардагы эшикке кирсеңиз, начальниктин ушул маселелер боюнча орун басары бар, ошого кайрылыңыз.

— Ырахмат!

Мен жолдо ойлондум: «бүт документтеримди көрсөтөйүн, антпесем ишендире алгыдай эмесмин, кап, мага орун калаар бекен?..»

Начальниктин орун басарына арман-асыретимди төкпөй-чачпай айттым. Анан менин мен экендигимди күбөлөндүргөн кагаздарды бердим.

— Мына бу бузук паспорт, бул жолдомо, тигиниси командировка кат, а мунусу... Жок, кокуй, аны кайра бериңиз. Ал уулумдун туулгандыгы тууралу күбөлүгү тура.

Ал кагаздарымды ары айлантты, бери айлантты. Анан теше тиктеп калды. «Дагы бузулганы болбогой эле» деп менде жан жок.

— Дос, бул кагаздар менен эчтеке кыла албайм, сенин кыштагыңда жашагандардан бир күбө керек.

— Айланайын, агай! Андай күбөнү алып келгиче Москвада жүрүү мөөнөтүм бүтөт. Мен деген алты миң километр алыстан келбедимби! Эптеп бир жардам бере көрүң!

— Ма-а десе, он миң километрден келбейсиңби! Күбөсүз жардам бере албайм,— деди.

3. Өзүбүздүкүлөр

Бир кичинекей күркөнүн (киоск) жанында эле ызы-чуу чыгып калды. Карасак, бүт өзүбүздүкүлөр. Өзүбүздүкү дегеним — республикабыздан үч жүздөй адам турист катары барганбыз. Арабызда Кыргызстандагы улуттардын баарынын эле өкүлдөрү бар.

Ызы-чуунун чоо-жайын иликтесек, тиги күркөдө карта сатылып аткан экен. Кадимки эле «господин» ойногон карта. Өзүңөр билесиңер, а кезде карта деген Маскөө, Ленинград же орустун башка чоң шаарларында эле болбосо, биз тарапка нылым келчү эмес да. Ошо күркөдөн карта алууга «өзүбүзчөсүнөн» киришкен тура (бизде кезекке кемде-кем эле турбаса, көбүнчө аламан байге экенин ким билбейт). Оңдон да, солдон да каптап, баткакка тыгылган машинени чыгарып аткандай күч менен түртүшүп, тиги күркө улам бир жагына көтөрүлүп, ичиндеги кыз карта сатмак кайда, кара жанынын каркытында «мамочкалап» чаңырып жатат. «Биздикилердин» аны менен жумушу канча? Баягы эле «ура-а, ураасынан» колу бошобой, өзү да албай, башкага да алдырбай, кара терге түшүүдө.

— Ой, жүүнү бош, катуурак түртпөйсүңбү, кезектен чыгып кетмей болдум.

— Түү, бутумду жанчып салдың!

— Тарт колуңду, кекиртегиме такабай!

— Ой, энеңди десе! Колуңду кайда сунуп жатасың? Бу менин чөнтөгүм го акыры!

— Тиги эмнеге эле жиреп баратат? Тарт баштан нары, андай эрке болсо таянесине эркелесин...

Айтып өткөндөй, «өзүбүздүкүлөрдүн» ичинде кыргызы, орусу, өзбеги, казагы, татары, украини, дагы толуп жатканы

бар. Ошого карабай, баарынын жүрүм-турумунун окшоштугуна таң каласың. Анан «өзүбүздүкүлөрдүн» зубаласы бир жерден жуурулса керек? деген ойго да кетесиң.

ЖАРМАНКЕ

«Жарманке» деген эмне экенин билесизби? Сиздердегисин айта албайм, Ошто тынч жаткан элди дүрбөлөңгө түшүрүп (заманга жараша айрыкча эркектерди), мезгил-мезгили менен көбүңчө майрам алдында дыйканды тапкан-ташканын көтөрүнтүп, шаарга айдап келүү. «Жебесек жок, бизди кудай алмак беле, облустун борбору эмеспи, ошо борбордун эли жесин, башкасын кой, ошо борбордун калкы ачка калыптыр деген жат жалаанын шылдыңын укпайлы» деп дыйкандар ысык-суукка, нөшөрлөгөн жаанга карабай, оштуктар кучагын жая, беттеринен чопулдата өпкүлөй тосуп ала тургансып шашып келишет. А шаардыктар аларга жатаарга жай, ичээрге тамак белендеп коёт дейсизби? Кайда?! Бечара дыйкан таң азандан каш карарганча жаны жай албай соода-сатыгы менен алектенет. Анан бут чечпей тырп эте машинеңин үстүндөгү ыпыр-сыпырга аралаша көзү илинип кетет. Жамгыр жааса өлдү дей бер.

Шаардыктар тамак-ашты астанасына апкелип бергенге топук кылбай, дыйкан жайнаткан дүр-дүйнөдөн кыйкым таап, «и-ги, тигинисинде үч-төрт чириги жүрөт, эртелеп сатпай эмне үчүн саат жетиге чейин укташат? картошка, сабиздерин мизилдете жуып-тазалап алышпайбы, буларың качан адам болот деги? кайда жүрөт санэпидстанция?» деп толгон-токой дооматты ышкырта мурдун чүйрүгөндөрү күйгүзөт да! Бирок, үйлөрүнө жеткенде карала-торалага аралашып, тоодо жашоо бешенесине чийилбегенине миң мертебе тообо келтире дыйкан берген тамак-ашты ыракаттана жешет...

* * *

Башкарманын кабинетине колхоздун меңмин деген атка минерлери, айыл аксакалдары чогулушту. Баары майрамдагыдай кийинишип, көбүнүн көкүрөгүндө орден, медалдары жаркылдайт. Кулак укканын баарын жакшылыкка жоруй болор-болбоско күлкү жаңырат. Ананчы! Бүрсүгүнү майрам. Ошонун камылгасы азыр чечилет. Бирок, башкарма уттурган кумарчыдай үңкүйүп, эриндери калбыйып, маанайы пас. «Болду-болбоду дагы баягы сары катыны менен урушкан го» дешти ичтеринен отургандар. Аңгыча башкарма оор күрсүнө сөз учугун чыгарды.

— Жолдоштор! Атасы өлгөндү укканда деле жүрөк түшпөйт турбайбы. Бу сапар майрамды кийинкиге калтырабыз. Кудай берген момун элибиз бар, чыдап келген, чыдайт... Облустун борборуна жарманке уюштуруу тапшырмасын алдык.— Отургандарга айландыра кытмыр тиктеди.

— Аксакал, эттен башка эмне сатабыз? Элге окшоп бизде мөмө-чөмө, жашылча-машылча же картошка өспөсө? — Баш агроном чыдабай кызууланды.

— Этке уруксат жок.

— Демек, биз жарманкеге барбайбыз,— деди баш зоотехник.

— Эй, жигит, жатакчынын атындай тартайып, кулагыңдан күн көрүнүп калганда биз ишке алып, адам кылдык эле го? Эми курсагың тоюп, кудайыңды тааныбай калдыңбы? — Башкарма итиреңдей колдору калчылдап, зоотехникке акырая карады.

— Балам,— деди кырма сакал киши,— ушу балдарды адам кылганыңа ыракмат! Шарт болсо жарманкең кайда качмак? Тиги демократия деген чыккан имиш, ошо бизге качан келет? Машинеңди мындай кой, өзүң өңкүлдөп кетчү санда жок жолубуздан коркуп, жанагы демократия караанын көрсөтпөй качканбы дейм да?

— Суукка урунуп, кулагыңыз каңырыштап калган го, жарыктык?! Мен демократияны эмес, жарманкени айттым. Демократия — улук нерсе. Ага акаарат келтирбеңиз!

— Кулагым куп гана угуп жатат, балам! «Төө көрдүңбү, жок, бээ көрдүңбү, жок» заман алыстап баратат. Облустун чоңдоруна айтыңыз, жарманкени шаардын жакасындагылар уюштурсун. «Эчтекебиз жок, эки жүз чакырымга чапкылаган кайран убара» десеңиз, дени-карды соо немелер түшүнөөр?

— Майрамдабасак жок, бала-бакыранын кашында тынч отуралы,— деди төрдөгү буурул сакал.

— Айланайын аксакалдар! — Энесинен таяк жеген наристече жалдырады башкарма.— Жарманкени жападан-жалгыз биз уюштуруп жатыппызбы? Элдин катарынан калабызбы? Бузуку атанабызбы? Кудайды карасаңар боло! Анан калса «чоңдун көчүгү тегирмен тартат»дегенди беш колдой билесиңер. Алардын ачуусуна тийсең, эртеге эле облустан маңка мык бербей коёт. Ошону ойлойсуңарбы деги?

Башкарманын кошоматкөйлүгү, өзүнөн чоңдорго ооз ача албастыгы отургандарга маалым. Өз көмөчүнө күл тарта тигинтип куйтуланганын да түшүнүшөт. Отургандардын дымый калганынан пайдаланып:

— Агроном, жаз! — деп буюрду башкарма. Анысы шашкалактап калем, кагаз алды.— Кассадан акча алгының да, Анжыяндан он кап картошка, он кап сабиз сатып кел.

— Аксакал, жарманкеде арзан, ыманга жуук сатышыбыз зарыл, а Анжыян базарында бааны эбак өрт алган.

— Колхоздун нанын жеп жатасыңбы? Бир жолу чыдап кой, андан өлбөйсүң. Антпесең арызыңды жаз да, кет! Агрономдон көп неме жок. Таш ыргытсаң жерге түшпөй, агрономдун башына тиет.

— Кампачы Касым кайдасың?

— Мен мында, аксакал!

— Жаз! Эл керектөөчү товар деген балекет бар. Ошондуктан, сен, Темирбайдын тебетейин, Токурдун тонун ал!

— Аксакал, алар сатылып кетсе, мен балээге калам го?

— Сатпа, келишим бааны билесиңби? Асмандатып койбой жаның жокпу? Чогулуш бүттү, жөнөгүлө!

* * *

Бут коёрго жер калбай, элге толуп күжүлдөгөн жарманкенин бир бурчунда кампачы Касым эл керектөөчү товарын сатымыш болуп, жук машинеиин үстүндө. Сатылып кетсе Токур менен Темирбай аксакалдар терисин тескери сыйырат дечи! Ошон үчүн бааны башкарма айткандай асмандатып, тебетейди төрт миң, тонду он тоголок деп жазып койгон.

— Азыраак арзандат,— деди бир папахчан орус офицер.

— Бир грамм дагы,— дейт Касым.

— Аялым менен кеңешейин,— деп басып кетти тиги. Касымда жан жок. «Орус деген орус да! Аялы ал десе, ала берет. Эми канттим?» Касым чыйпылыктап чебелектенет. «И-и, таппасаң сыйпалап калгырдыкы!» Тез баасын 5 жана II миңге өзгөртүп жаза койду. Офицер келип:

— Ты, что? — деп таң калды. — Жана эле тебетейин төрт миң, тонун он миң эмес беле?

— Сиз туура окубапсыз, жолдош полковник! Жана да ушундай болчу,— деп калпты шыпырылтты.

— Аялым менен кеңешип келем,— деп дагы кетти полковник. Карбаластаган Касым тебетейдин баасын 6 миңге, тондукун 12 тоголокко жеткирди. «Кайдан чыга калды ушу полковник?» деп өзүнчө күдүңдөйт.

— Ты, что, чохнутый что ли? — Полковник көргөн көзүнө ишенбей ачууланды.

— Менде эмне күнөө? Чоңдордун приказы.

— Кайда чоңдоруң?

— Тиги жакта,— деп быкпырдай кайнаган эл тарапка кол жаңсады Касым. Айласы канча бечаранын! Ушинтип түшкө чейин чыдаса, анан куйрукту түйүп, айылга дыр коймок.

«Мына бу полковник чекеге чыккан чыйкан болбодубу!» Ичинде кыжырдана.

— Ладно, аялым менен кеңешип келем,— деп дагы кетти полковник. Касым андан оңой кутулбасына көзү жетип, тебетейди он, тонду жыйырма тоголокко жеткирип койду.

— Ты действительно чохнутый! — деди полковник кызарып-татарып.

Касым пың деген дабыш чыгарбады. Бирок, жадында «эмне десең — ошо де, өлүп кетсем да тебетей менен тонду сатпайм» деди...

КЫСТАРА КЕТЧҮ СӨЗ

Чонтой совхоздун баш бухгалтери болуп иштеген менен отчетторду түзө албай кыйналчу. Өткөн кварталдык отчет тапшырууда облустун «чоң» бухгалтери «Кой, айланайын Чонтой, колуңдан келбегенден кийин башты айлантпай, жакшылыкча өзүң эле кетип кал. Антпесең кетишиңе мен жардамдашам. Бирок, анда өзүңө кыйын болот. Кыскасы, эмки кварталда көзүмө көрүнчү болбо» деп Чонтойду совхоздун баш бухгалтери катары облустун борборуна экинчи баскыс кылган.

Чоң бухгалтерге сөз кайрыбаган менен ичинен: «Энесин урайын, баш бухгалтер болбосо тиргилик өтпөй калмак беле? Качан көрсөң жемелейт да турат менин казаныма аш салып бере тургансып. Экинчи ушул итти желкемдин чуңкуру көрсүн»,— деп жаны кашая кайткан эле.

Кызматтын кызыгы да оңой эмес белем, отчет түзө албаган менен баш бухгалтердикти башкага ыраа көрбөй, ана-мына деп жүрүп, үч ай өтүп кетиптир. Мына дагы Чонтойдун көкөйүнө көк таштай тийген балекет отчет башталып, Оштогу чоңдун элеси көз алдынан тартылган сайын жүрөгү ийне сайылгандай тыз-тыз ачышат. Түнү кокустан отчет эсине түшсө, таң атканча кирпик кага албай, кумга ыргытылган балыкча чабалактап чыгат бечара.

Отчет менчик иш болгондо «отчетсуз эле жашайм» деп небак тытып-тытып ыргытмак да, бу түбүң түшкүр отчет деген мамлекеттик болгон соң бухгалтер каалайбы, каалабайбы, ар кварталда тапшырылып турулууга тийиш. Чонтой ары карап ыйлап, бери карап күлүп, «өзүм билбеген соң намысты ким коюптур мага» деп кварталдык отчет менен облуска өзүнүн орун басары Чокону кошо ээрчитип алды.

— Чоко дос, сен облустагы чоңго киресиң, эптеп айласын таап сүйлөш да, экинчи бизге үрпөндөбөгөндөй кыл,— деди.

— Ошентсе ошентейин, бирок кур аякка бата жүрбөс бекен?

— Андан камтама болбо. Онду санап, чөнтөгүңө салып берем.

— Анда бир жөн.

Ошентип, отчет менен облуска келишип, баягы чоң бухга ортомчулукка Чоко кирип кетет. Чыдабаган Чонтой каалганын жылчыгына кулак төшөп, угуп турат.

— Сени менен баш-аягы жыйырма жылдан бери алакабыз бар, дос! Чонтой да үйрөнүп кетээр, көп кыйнай бербе. Сенден тартынганынан жетим балача жалтактап кире албай сыртта калды. Мына отчетуң, анан бу он тоголокту берди, жаман ойлобо. Чонтой ак ниети менен көңүлүнөн чыгарды,— деп айтканда «чоңдун» ыраңына кызыл жүгүрүп:

— Койсоңчу, Чоко байке, сизден тыйын алсам уят го,— демиш болду.

— Менден эмес, иним, тыйын Чонтойдуку. Кыстара кетчү бир сөз менин да тогуз балам бар экенин жакшы билесиң. Сага окшогон инилердин көлөкөсү менен эптеп күн көрүп келем. Кудай өзүңө нысап берсин, мына бу ондун бешин ал да, бешин мен алайын, иним, «тең көргөндү теңирим сүйүптүр» дейт,— деп айтканда чоңдун кабагы заматта бүркөлүп, оюна алда немелер келди бейм, кайра жазылды.

— Сен айткандай болсун, Чоко байке,— деди чоң. Чоко сыртка чыкканда өңү кубарып, каны ичине тарткан Чонтой тигини бура бастырбай:

— Ит турбайсыңбы, ит! Сага ишенген мен акмакмын, өлтүрдүң го адамды,— деп безеленди.

— Эмнеге өлөт экенсиң?

— Ой, ит болбосоң акчаны толук бербейсиңби!

— Эй, адам! Сени жараштырып, отчетуңду өткөрдүмбү? Сенин сураганың ошол эмес беле? Акчаны тигил алабы, мен алабы, жумушуң канча сенин?! — деп Чоко шарт-шарт басып кетти.

КАТЫН

Чонтой бир колхозду текшергени баргандын биринчи күнү ардактуу конок болуп, түн жарымына дейре ичишкен экен, тан атпай ойгонду. Сыртта адамдын дабышы угулгансыйт. Чонтой турсийчен чыга калса, кечээ «текшерүүчүгө чай-пай жасап бересиң» деп дайындалган кемпир экен. Башы зыңылдап ооруган Чонтой бар күчүн жыйнап:

— Эне,— деди.

— Эмне, балам?! — деди сыпайы тиги кемпир Чонтойдун жылаңач жүргөнүн жактырбай.

— Катын таап келиңчи, бай болгур!

Тиги кемпир уккан кулагына ишенип-ишенбей селейди.

— Эмне эсиңиз оойт? Жөнөбөйсүзбү тез! Же мындайды угалек белеңиз? — деди ачууланган Чонтой.

Кемпир чыгып кетип, эки саатчадан кийин келди.

— Жокпу?

— Жок, балам! Жок немени издетип мени кыйнабачы, балам! Башкармага айттым, азыр келсе өзү сүйлөшөөр,— деди кемпир жалооруп.

Аңгыча башкарма кирип, өң-алээттен ажыраган Чонтойдун жанына көчүк басты.

— Ушу карыган кемпирди кыйнаганың уят эмеспи?! Андай оюң бар экен, кечинде айтсаң караштырмакпыз,— деп Чонтойдун көңүлүн көтөргүсү келди көрүнөт.

— Сиз жаш бала эмессиз го акыры. Өзүңүз деле билбейсизби! Бир уруу элде уругу куруп, уюткусу түгөнгөнбү?

— Бары бар дечи. Ошону биз ойлобой өлбөдүкпү?! Тиги китепканачы келиндин күйөөсү жок, көнөбү, көнбөйбү, билбейм. Бирок, айтып көрөт элек да!

— Кайдагы келин? — Чонтойдун ачуусу мурдунун учуна чыгып айкырды.— Мен катык (айран) деп жатам. Каты-ык! Тил оозго батпай суусап өлдүм го?! Бир уруу айылдан катык табылбайбы?

Иштин жайын түшүнгөн башкарма ичин тырмап күлсө, кекечтенип чала сүйлөгөн Чонтой андан бетер жинденди.

АЙРАНГА НАН ТУУРАП

Чонтой айыл Кеңешинде салык чогулткуч. Ошон үчүн анын иш убактысынын көбү дубаначасынан салпылдап үй кыдырмай. «Биздин эл бир кызык эл да! Акыры салык төлөөдөн кутулуп кетпеген соң жыл башында төлөп койсо өлөбү? Өчөшкөнсүп бир жыл бою сүйрөшкөнү сүйрөшкөн»,— деп наалып калат өзүнчө Чонтой. Анан кайра айныйт: «Кой а, кудай аткырдыкы, кайдагы ыплас ой аралаганын карасаң, бүт эле бир айда өзүлөрү төлөп койсо, менин кызматым кыскарып кетпейби!» — деп чочуйт. Бирок, штат кыскарса да, Чонтой жумушсуз калбайм деп жүргөн. Себеби, ал районду чүкөдөй калчаган мыкчегерлердин жүрөктөрүнө суу сээп салган эле. Өзү айткандай «лубойу» андан сестенчү. Айрыкча, демократияга чейин чоңдор Чонтойду көргөндө чок баскандай жалт берчү. Анда «приписка» Чонтой айткандай «үймө» (уйма дегени) эмес беле: план толтура албай, элден тыйынын топтоп алып, анан эл тапшырды кылып, сүттү, майды, жумурткаңы кошуп жазуу... Тоют планын жалган толтуруу, козуну «өлтүрбөй» калуу жана башкалар.

Андайларга келише албаган Чонтой тоголок арызды тымызын тоголотуп, анан бул туурасында жалган аңкоосуп, кызматташтарына айтып койчу. Тигилер керектүүлөргө жеткирбей жаны жокпу! Ошентип, «жазуучу» атанган. Кийин «жазуучулуктун» даамын татып алгандан бери өзүнүн эле атынан ышкыртат. Кечээ жакында эле совхоздун деректири, ал тургай райондун чоңдору да бардык жумушун таштап, биринчи кезекте Чоконун суроосун аткарууга шашышчу. Акыркы айда гана Чонтойдун иши жүрүшпөй калды. Айылдык Кеңештен тээ районго дейре чоңдор алмашып, алар азырынча Чонтойдун тузагына илинбей жатпайбы. Ошондон улам «аш жок болсо, айранга нан туурап иче туралы» дегендей, Чонтой айылдыктардын атынан арыз жазып жиберген. Он күндөн бери ошонун кабары билинеби деп күндө кеңседен кабар алат. Эң кызыгы — бу сапар өзүнүн үстүнөн арыз жазган. Муну ойлоп тапканына өзүнө өзү миң мертебе ыраазы, «кайран гана акылман башым ай» деп сыймыктанып калат.

Ал мындайча жаралган арыз экен. Жазайын десе жарытылуу эч нерсе урунбай, жазбайын десе өзү айткандай «кара башын жегир колунун кычышканы басылбай», андан улам жаны жай албай, уйкусу качып, түнү бою тиштеринин кычыраганы басылбай, жазбай калуунун тозогуна буту эми саландаганда кайран башы өзү айткандай бир «пактини»(факт) эстей калбаспы!

Чонтой жыл башында салык чогултууга өзү айткандай «серёзный» киришкен. Бирок, тиги салык алуунун жобосун окуганда өзү айткандай «чакчандап кетип», теңирден тескери түшүнүп алат да, ошо түшүнүү менен элден жыйырма миңчени ашыкча топтоп, өкмөттүн казынасына төгүп бергенин эми билип жүрбөйбү! «Ашыкча алып жатасың» деп шору жок салык төлөөчүлөр бир ооз айтып коюшсачы! Аларда эмне жазык? Баарын былгыткан тиги борбор да! Башка жумушу түгөнүп эле кол куушуруп отуруп калгансып, ай сайын ацендиче өзгөртө берме эрмеги ошо салык алуу эрежеси болбодубу!

Чонтой өзү айткандай, «ошол ашепкесинен» да пайда табууну көздөп, айылдыктардын атынан «Чонтой ашыкча салык алыптыр, ошону кайтарып бергиле» деген маанide арыз ышкырткан. Мына ошо арызды талкуулоо үчүн чогулушту депутаттар. «Буюрса бүгүн колго карга чычат» деп кудуңдап баратат Чонтой. Бая боло жүргөн адат, «ашыкча кармалган жыйырма тоголокту ээлерине кайтар» деген чечим чыгат да, аны Чонтойдун чөнтөгүнө салып беришет. Канча сомдон ашыкча кармалганын ким билип жүрүптүр? Жарым-жартылайын таратса да, он тоголок калып жатпайбы! Чонтой

өзү айткандай, «генпланды» ушундайча түзгөн. Ошон үчүн бүгүн эрте менен төраганын «сурагында» өлүмүш этип, баары күнөөнү мойнуна алганын өз колу менен өзү айткандай «писминный»жазып берген. «Албетте, чогулуш эскертүү же катуу эскертүү берет дечи, он тоголок оңойбу? Ал үчүн сөгүшкө деле чыдайм» деп өзүн өзү сооротот Чонтой.

Аңгыча чогулуш башталып, төрага Чонтойдун «кылмышын» төкпөй-чачпай айтты.

— Жарыш сөзгө чыкчуулар барбы? — деди төрага көпчүлүктү көз айнегинин төбөсүнөн тиктей.

— Мен,— деди колхоздун мурдагы төрагасы.

«И-и, бечара, айтсаң айт, арманың аттын башындайдыр?» — деди ичинен Чонтой. Төрага кезинде Чонтой өзү айткандай, тигинин «давлениесин нечен жолу көтөрүп, нечен жолу колкосун алкымына тыгылткан.»

— Алла-Таала оозуна түкүргөн олуядан бетер көрүнгөнгө сынтагып, адам эмес иттин кыймылынан да кыйкым таап, ала жипти аттабаган чилтен, таранчыдан жем талашпаган момун көрүнчү эле го?! Көрсө, ансыз да тартыштык замандын казабына калган кайран элди андан бетер тоноп, жумурткanын сасытындай ичтен былгытып келген тура! Жумушунан куулсун' - - деп баркылдады.

«И-и, жаман ий, жаман! Жумуштан куудурат имиш, жаман! Сөгүш бергизиш келеби десең колундан?» — дегендей, мыйыгынан жылмайды Чонтой.

— Бу түгөнгүр, башына түк чыккандан бери коңшусуна да тынчтык бербей келет. Кандын катыны сымал муну качанга чейин эркелетебиз? Кызматынан кууп тим калсак, эртеге эле дагы бир шумдукту чыгарат. Колхоздун аймагынан көчүп жоголсун! — деп күпүлдөдү Чонтой өзү айткандай, «быкший» (бывший дегенди какшыкка айландырганы) биргат.

Чонтойду көрөйүн деген көз анда да жок тура! «Ачышса туз жала, музоо кезинде куп гана сүзгөн окшойм? Чала сага! Ачышса туз жала! Төрага эсен турса, мени көчүргөнүңдү көрөбүз? Чөпкө кароол болупсуң, шашпа сени! Эртеге чөп сатаарсың, ошондо көрсөтөм эненди» — деп чыдамы кете баштады Чонтойдун.

Андан кийинки сүйлөгөндөрдүн да бир калбай ачкемердей асылышты Чонтойго. Ошентип, Чонтой да сагызганча суктугунан кызматынан айрылган экен.

КЫЗГААНЧАК ЭРКЕК

«Бир коон, бир дарбыз,
Бир күн кечке ырдаарбыз.»
(Элден)

1. Бир коон, бир дарбыз

Жумуштан өлгүдөй чарчап келип, ырп этээрге дарман жок, баягы кесепет тар өтүктү чече албай ыйынып-ычкынып атсам:

— Кайктан апкелдиң эле? — деп эми эле көзгө чалдыкпаган аялым жерден чыккандай көрүнө калып, анан да чоң маанилүү сөз айткансып, каадалуу кекирейе суу жукпас суроосуна жооп күтө чердейди.

— Эмнени? А — а, мунубу? Бу түгөт, баягы өкмөт берген өтүк да.

— Өтүгүңү итим сурадыбы?! Коон, дарбызды?

— Кайдагы коон, дарбыз? Дарбыз-сарбызыңды айтпай, өтүктү чечишип койсоңчу! Жылан өлтүргөнгө деле таш...

— Өтүгүң менен өмүрөн, жыланың менен жамыран кал, кайдагы кесепетти алып келдиң эле?

— Кайсы кесепетти?

— Бир коон, бир дарбызды.

— Кана ошо бир коон, бир дарбызың? Акактап тил оозго батпай турганда муздак болсо дарбызын жеп жиберели.

— Ал сен жеп жиберчү дарбыз эмес.

— Чирип калыптырбы?

— Чириген-эткен жок.

— Анда эмнеге жесе болбойт!

— Сенин тишиң өтпөйт.

— А — а, оюнчук дарбызбы?

— Көрсөтөт сага оюунду. Көп ажыкызданбай айтчы деги, кайдан апкелдиң эле?

— Эмнени?

— Деги шамалдап калган эмессиңби? Баятан бери бир коон, бир дарбыз деп жүз жолу сурадым го, я?

— Кайдагы бир коон, бир дарбыз деп мен дагы сенден жүз бир жолу сурадымбы? Дайыны жок суу куйду сурооңду ит түшүнөбү? — деп мен да өзүнө жараша итиреңдедим. Итиреңдебей анан, бу катын атмайды тим койсоң чап секирип, мойнуңа минип алат эмеспи.

— Беш күн илгери бир коон, бир дарбызды «жээниңер берип жиберди» деп Чонтойдукуна жеткиргениң эсиңдеби?

— А — а, эшек эки күндөн кийин күлөт болуп, ошону

эсиңен чыгара элексиңби? Ооба, ооба. Суу куйду суроосунун түркүнүн эми баамдагансыдым. Бу аял дегениң өзү кызык да! Антпесе кайдагы бейпайда бир коон, бир дарбызга ооздун желин коротобу? Ырас, беш күн илгери Оштон келе жатсам, Чыйырчыкка таяна берердеги тосмодон (чек арачылар Алайда катталбагандарды же атайын уруксаты болбогондорду өткөрбөйт эмеспи) өтө албай чый-пыйы чыккан бир жигит: «Аке, Гүлчөгө барбайсызбы?» деп калды. Бараарымды билген соң «Чонтойду тааныбайсызбы?» дейт. Таанымак түгүл коңшусу экенимди билгенде базарлап жүрүп апасынан адашканда зөңгүрөп ыйлап, анан кайра апасын тапкан балача сүйүнө — сүрдүгүп «Ошо Чонтой таякем болот эле, көптөн бери көрүшө элекпиз. Барып учурашканга минтип тосмо өткөрбөдү. Шпион эместигиме ишенбеди.

Ошо шпион автобус менен өтө тургансып. Шпион дегениң автобус менен жүрсө да паспорту «бештйр?!». Ал итиң оңой-олтоң менен бизчилеп зарыкпас. Бей-бечараны кар кылып, жакшылык-жамандыкта туугандарына каттатпаган тосмону ойлоп тапкандар ылайым оңбосун! Таякемдин бала-чакасына ушу коон, дарбызды ала барасызбы, аке?!» деп суранганынан ала келгем. Узун бойлуу, кең далы, кара мурут жигит ушинтип суранган. Ал жигиттен аванска алкыш угуп, берген бир коон, бир дарбызын Чонтойдун өзү жоктугунан аялына берип, аманатын айткам. Эми эстебедимби эсиңе жара чыккырдыкы!

— Аны эстегенден эмне чыгаар экен? Же аларды урдатып жибериптирби? Же баягы жээк таргылы жеп салыптырбы? Деги ушул аялдар шумдуксуңар да! Жок жерден сөз таппасаңар башыңар ооруйт го? Ошо беш күн илгерки бир коон, бир дарбызды алигече эрмектебесең, шакыйың кармайбы? Андан бери канча коон, канча дарбыз желбеди дейсиң!

— Ошону кайдан алдың эле?

— Ой, сенин дени-кардың сообу? Чонтойдун жээни бергенин өзүң тоту кушча сайрайсың да, кайра «кайдан алдың эле, кайдан алдың эле?» деп менден сураганың эмнең я? Койчу айланайын, сени менен табышмак айтышууга дарман жок. Кайдагы бир өткөн чактагы коон, дарбызга ооздун желин коротпой, бар болсо учур чактагы тамагыңды тарт алдыга.

— А сен шашпа, баатыр! Пайгенин башы али уза-ак. Ал бир коон, бир дарбыздын чатагы келерки чакка өтөбү деп корком.

— Чатагы? Кайдагы чатак?

— Чонтойдун сен айткандай кара мурут жээни жок имиш го?

— Я?. Эмне дейт дагы? Аның бар, жогун үйдө отуруп

алып, ой-тоону сүйлөгөн сен билесиңби же өз көзү менен көргөн мен билеминби?

— Сен эле бил, кудай жалгагыр! Сенин билгениң бирдемеге жараса кана? Сенден тышкары ошо жээни бардыгын Чонтой да билиши зарылбы. Ал «кара мурут жээним жок» деп жатса, сенин билгениң арык аттап, суу кечеби?

— Мурутту кийин койгондур да? Мурут эмне кулак, мурун дейсиңби? Ал деген он күндө эле өсүп чыга калат. Ой, сенин катын экениңди унутуп, бекер сөз коротуп аткан турбаймынбы! Мурутту силер түшүнмөк белеңер? — Ушул учурда чиеш өтүк чечилип кетти эле, «сөз бүттү» дегенчелик жорголой басып, төркү бөлмөгө жылт коюп, диванга жата кеттим.

2. Жоголгон жээн же чатактын башы

— Муну карасаң, ойду омкоруп, тоону томкоруп таштагансып, жатканын кара керилип. Быякта адамдардын жанын кашайтып коюп, кантип чыдап жатасың я?

Көз ызгып кеткен экен, чаңкылдаган ачуу үндөн чочуп тура калсам, адатынча катын чердейип маңдайымда гана турат да!

— Тиги Чонтойдун аялынын убалынан коркпойсуңбу я? Өлтүрүп коймой болду байкушту.

— Ким өлтүрөт?

— Ким, ким деп коет. Чонтой да, ким болмок эле? «Кара мурут ойношуна кет» деп токмоктоп жатат. Ой, турчу батыраак!

— Адисинен ашып кеткен экен кысталак! Кайдагы бир кара мурут үчүн катынын сабап! Бу кутурган иттин жинин какпасам элеби? — деп Чонтойдун короосуна атырыла жөнөдүм. Айтса, айтпаса Чонтойдуку жакшыбы? Жок жерден чатак чыгарып.— Атаңдын гана оозун урайын десе!..

Короосуна кирип барсам, эми силерге жалган, мага чын, бечара Багдагүлдү тим эле отун сүйрөгөнсүп сүйрөп жүрөт. Түү ай, бу Чонтой деген чомуран калгыр иттей мыкаачы тура!

Жетип бара желкеден алып ыргыттым эле, түркүккө жабыша тийип, анан чалкасынан кетти.

— Эй, мыкаачы! Бу да бирөөнүн баласы го, акмак?! Убалынан коркпойсуңбу? — деп эсинен тана жыгылган Багдагүл бечараны башынан жөлөдүм. Жүз аарчым менен бетиндеги канды тазалап, «Багдагүл! О — о, Багдагүл!» деп эсине келтире албай, «ушу бойдон о дүйнө жөнөп береби?» деп быякта жан чыга коркуп атсам, тиги чомуран калгыр

эмне дейт десең?! Сенделе келип, так менин бешенеме отуруп алып, оозунан аккан канды түкүрүп да койбой:

— Кара мурут сен турбайсыңбы, жүзү кара! — дейт кадалы болуп.— Калп эле кара муруттун шылтоосу менен менин көзүмдү оюп жүргөн экенсиң да, карөзгөй?!

Кейпин көрүп Чонтойду да аяп кетесиң. Жаңа катуу тийгенби, оозу канап, бети сыйрылыптыр байкуштун. Жаш балача ыйламсырап, көзү жашылданат. Ошондо да оозунан сасык сөз арылбайт. Карасаң, эмне деп тантырап жатат.

— Эмне? — Тура калып жаакка чаап жибериш керек эле, ка-ап! Багдагүлдүн башы тиземде, өзүн араң кучактап отурсам кантейин?!

— Ацкоосуп коет дагы! Көңүлүң жакын болбосо, неге жан тартасың Багдагүлгө? Үзүлүп түпкө башын жөлөп, жан талаша кучактаганыңды өз көзүм менен көрүп турам го же жалганбы?

— Эй, акмак! Көздөй коюшу туруп, сага кара санаймынбы? Оозуңа карап оттобойсуңбу?! — Күйбөгөн гана жерим күл болбодубу. Ацгыча Багдагүл өзүнө келип, оор үшкүрүнө (кантсин байкуш!) тамтаңдай басып, үйүнө кирип кетти.— Сен, мыкаачы, отун сүйрөгөндөй сүйрөп жүрүп урсаң, көздөй коюшуң мен эмес, тээ кайырдигер — каймана да боор ачып, үзүлүп түшө Багдагүлдүн башын жөлөбөйбү?!

— Жаныңды жебе, жанкечти! Кара мурут экөөң күп гана үйрөнүпсүңөр Багдагүлдү кучактаганды. Анда үйүңө кийирип ал да, каалаганыңдай кучактай бер!

— Бас жаагыңды! — деп чыдабай тиштерим кычырап, тигини тумшуктан пары коюп жибере жаздадым. А тиги көгүнө таянып, деле тоготоор эмес.

— Оң кулагың менен да, сол кулагың менен да угуп ал. Эгерде Кара мурутту таап келбесең, экөөбүзгө тең тынчылык жок. Мени кооганын шоруна тыгып, бейбапаа турмушумдун ит-ыраспасын чыгарып таштап, анан «төө көрдүңбү, жок, бээ көрдүңбү, жок» деп оозуңду куу чөп менен аарчып кете беришиңди эч каалабайм. Сенин да, үйүңдүн таш-талканын чыгарам. Эчтеме колумдан келбей мукураганда үйүңдү бензин куюп өрттөп жиберем. Билдиңби? Анан маа десе, быпырып же мени. Уктуңбу палван?! — деп күңкүлдөдү ал.

Чонтойдун ушу кейпин көрүп туруп, боорун ачыбай коё албайсың. Ал тек ачуусунан тигинтип тантырап жатпаганы, жаман оюнда үй өрттөгөндүн өзүн эрдиктей сезип, акыркы айла катары ошол ишке коркпой бараарын чын пейилден айтты. Чонтойдун көктүгүнө таянса, соймоктон өлтүрсөң да ит пейлинен кайтпастыгын сезип, эмне дээримди билбей кайсалактадым.

— Кара мурутту таап берсем кутуламбы? — деп жиберипмин.

— «Таап берсем» эмес, айлаң жок табасың!

— Макул, табам,— деп чыгып кеттим. Кетпеген айла канча?! Тиги көк мээге миң какшаганың бир тыйын. Адамдын ургу куруп кеткенсип, ушунун мага коңшу оңуруп калганын карабайсыңбы!

3. Кайдасың Кара мурут?

«Бакбай балээден, курулай дооматтан сактай көр» деп куду мага окшогон шордуу айтканына кыпкыксыз ынаанып, жок жерден кайгыга каптаган Кара мурутту кайдан издээриме баш жетпей отурдум. Мындайын ким ойлоптур? Билгенде «о — о, каерликсиң, кандай жээни элең?» деп бир ооз сурап албаймынбы десең?!

— Барсыңбы үйдө? Мен деген секретный маалымат таптым,— деп сүйүнө кирип келди аялым.

— Быякта Кара муруттун кыжаалатчылыгынан баш жарылып баратса, кайдагы бир секретный маалыматты айтат. Сен эмне, табалагың барбы мени? — деп тигини жактырбай мурдумду чүйрүдүм.— Деле кыгыбы болуп күйгүзөсүң да!

— Ботом э — эй! Сенин сиркең суу көтөрбөй, тиги Акматтын жаман атындай чыртылдап калсаң эле, Кара мурут коркконунан өзү кирип келет деп турасыңбы? Мен деген ошо Кара мурут тууралу секретный маалымат таптым.

— Я? Эмне дедиң? Кайталап айтчы!-Ал каадалуу сөз тапкансып, какшык ыргытканына маашырлана кыткылыктады.— Ошо Чонтой «досундун» Кара мурут жээни Кара-Кулжада жашайт имиш.

— Тү — ү ай, бу сен Манас баатыр жоо чапкандан кем калбаган эрдик жасабадыңбы! Айт, айта бер. Ата — теги, аты — жөнү дегендей, анан тиги атың өчкүр Чонтой кесепетке кай жагынан жээндиги, кыскасы секретный маалыматыңдын чып-чыгарсын коротпой мобу үстөлдүн үстүнө төгө салчы!

— Ал дегениң Кара-Кулжада жашаган Карыпкулүп Камаш деген кара мурут жигит экен. Анын энесинин атасы менен Чонтойдун атасынын атасы бир тууган имиш. Ушуну билдим. Кандай экен?

— Мол-лодес, молодес! Бирок, секретный маалыматың ушунчалык татаал экен, ушуну сенин чымчыктыкындай башыңдын туура эстеп калганына ишенсе болобу?

— И-и, дагы менин башымды эрмектен баштадыңбы?! Сага өзү жакшылык жок,— деп туйтуңдап таарына жөнөдү.

— Койдум, бийкеч, койдум! Сенин башыңдай чоң баш

дүйнөдө жок. Сенин башыңа тиги Брежневдин эле башы тең келбесе...

— Хватит, керек болсо Кара мурутту өзүң таап ал.

— Тамашаны түшүнбөйсүңбү?! Кара мурут табылды дегенинде жетине албай сүйүнгөнүмдөн кечээтен берки кайгы эстен көтөрүлүп кеткен тура. Жана айткандарыңды унутуп калбайын, жаза салчы кагазга. Укканыңдан бир сөз эмес, бир тамгасын калтыра көрбө. Кара мурут табылса, жарымта менден,— деп Кара-Кулжага жөнөштүн камылгасына өттүм.

Ишканама телефон чалып, бүгүнкүгө жооп сурадым да, тулпарды (машинемди) даярдадым. Чонтойдон кутулуштун амалын ойлой берип, ойлой берип, түнү тан атканча эзилгемин. Эми минтип ошо балекеттен кутулуунун айласы табылганына жетине албай, аялым эркек төрөгөндөй сүйүнүп жатпаймынбы! Пенде деген ушундай чымын тийбес чыңкылдакпыз да! Кечээги мээни эзген кайгы бир жаап өткөн жаздын өткүнүндөй артта калды кудай кааласа!

Ошентип, «кайдасың Кара мурут?» деп Кара-Кулжаны көздөй сыздым. Улуу шашкеге жетпей Кара-Кулжага кирип бардым да, аш-наш дегиче Карыпкул аксакалдын үйүн таап, ал тургай аны менен аңгемелешүүгө үлгүрбөдүмбү кайран өзүм! А кишинин айтымында уулу Камаш чындыгында кара мурут экен, жашы да жыйырма беште, шыңга бойлуу, Чонтой кесепетке да жээндиги бар экен. Бирок, өзү үйдө жоктугу араң чыдап келген ичти гана тызылдатып ачышкалбадымбы! Аң уулап кетиптир. Кечинде араң келет имиш. Ушуну угуп, соодасы түгөнгөн алигидей шалдайып отуруп «сабырдын түбү сары алтын» эмеспи, эптеп Чонтойдон кутулсам болду» деп керээли-кечке бөрүгө байланган улакча Карыпкул аксакалдын үйүнүн жанындагы бир түп талга жөлөнгөн калыбыман жазбай отурдум. Кара муруттун келчү жагынан шыбырт уғулса, утуру кылчактай карай берип көз да тунарды, моюн да оң жагына кыйшайган абалында катып калгансыды. Бирок, ал күнү Кара мурут келбей, эртеси түшкө жакын араң келсе болобу!

Кичи пейил, элпек жигит экен. Чонтой таякеси, анын бала-бакырасы тууралу эбиреп-жебиреп сураганычы! Боор да, боор. Бир гана жери — ал мен көргөн кара мурут эмес, тап-такыр башка кара мурут экен. Аз жерден эсим оop кала жаздады. «Атаны иттики, ай!» деп күйбөгөн жерим күл болду. Мээнетти айтсаң, мээнетти! Канча убакыт кетти? Канча бензин кетти Алайдан бери? Тигилерге эч нерсенин шек-шыбоосун билдирбеген менен Чонтойдон кутулбаганымды ойлогондо, анан да кечээтен берки мээнетти эстегенде ыйлагым

келди. Көпкө дейре сүйлөсөм эле үнүм каргылданып, араң барып токтондум. Ошентип, бир пулдук иш бүтүрбөй кайтып келбедимби Кара-Кулжадан.

4. Чонтой күүлөнгөндө

Өзүмдүн сиркем суу көтөрбөй сүйрөлүп үйгө араң келсем, катындын кабагы тиги булдоктукундай салаңдап калыптыр. Бисмиллага келбей:

— Жөн жүрүп өлбөйсүң да! Кошоматкөйлөнүп бир коон, бир дарбызды албаганыңда бу күнгө калбайт элек. Өзгө дегенде өңгөчүң тартып эле, жароокерленип өлүп каласың! Мен көтөр десем көтөрбөс элең ошо бир коон, бир дарбызды,— деп ый аралаш ызылдатып кирди. Балдарым да демейдегидей шарактап ойношпой, бир бурчта бозоруп отурушат.

— Тынчылыкпы деги? — Тигилердин мустайганынан бир шойком болгонун сезип, өзүмдүн кыйналганым заматта унутулуп, ошо шойкомду сурашка да даабай, анан укпай чыдоого да дарман жетпей, эптеп эле ооз учунан унчуктум.

— Кылгылыкты кылып, кыл жип менен буун коюп, дагы «тынчылыкпы?» деп коет. Сен баары-жокту ылайлап салсаң, тынчылык болобу? Сенин өзү жүргөн жериңе чөп чыкпайт. Бирөөнүн коон, дарбызы менен ишиң эмне? Тартпайсыңбы өзүңдүн жаман арабаңды! — Деле анын токтоор түрү билинбейт.

— Айтчы, кудай жалгагыр!

— Таң атпай «досуңдун» жини кармаган экен, Багдагүлдү чылгый теридей ийлептир. Араң жаны бар байкуштун. Тилипон чалдым эле, ооруканага алып кетишти. Өлбөй жатып да намысын кармап «там башынан түшүп кеттим» дептир шоруң кургур шоркелдей. Коон, дарбызың байкуш Багдагүлдү жеп тынат акыры. Ошол эле дейсиңби?!

— Дагы эмнеси бар?

— Арка-мойнуң алдында калгыр кем Чонтой биздин короого таштарды ыргытыптыр, ылайым чокунду жегир! Бала-чакага тийсе эмне болот, я? — Ташты мен ыргыткансып бакырды алынын жетишинче. Менин бүткөн боюм дүр-р деп итиркейим козголду. Чын эле бала-бакырага тийсе... Атаңдын гана оозун урайын ит Чонтой!

— Сен карап тура бердиңби? Бирдеме дебейсиңби?

— Дедим бирдеме.

— И-и?

— Балдарыңды соем, үйүңөрдү өрттөйм. Кара мурутту таппасаңар ошентем,— дейт. Балдар эшикте ойноп жүрүшсө да, «шыйрагыңарды чагам» деп тап бере кубалаптыр. Бу ит Чонтойго кудайдын алы жетпесе, пенденин алы жетүүчүдөй эмес. Эми балдар эшик-эликке кантип чыгат? — деп эчкирди.

Менин да башым катты. Милийсага айтайын десем, ар ким менен урушканда апара берип алар да жадаган. Ой-тоону оттоп сүйлөй берип, алардын да зер-зеберине жетип, ошондон милийса Чонтойду көргөндө жаа бою качат. Ит Чонтой же жакшыны билсе, же жаманды билсе эмне?!

Чонтойдуку жетпей жаткансып, эртеси кеңсеге башбаксам, начальнигим беттен албаспы!

— Ой, сен бир күнгө жооп сурап, эки күн жоголгонуң эмнең, я? Же мени тоотпой жүрөсүңбү?

— Кантип тоотпоюн аксакал! — деп андан ары Кара мурутту издегеними түшүндүрдүм.

— Сен мага Кара мурутуңду колко кылба. «Таздын көөнү болбосо, кыздын көөнү» дейт. Мени сыйлабасаң сыйлаба. Деле сенин сыйыңа жутаганым жок. Закүндү сыйлабайсыңбы! Закүндө катындарга гана бала бакканына жооп берилсин деген. Кара мурутту эки күн издесин деп кайсы закүндө жазылыптыр я?

— Кечиресиз, аксакал!

— Кечирим сурагыдай менин арпамды оруп жатканың жок. Бу деген өкүматтүн жумушу, өкүматтикине өкүматтикиндей мамиле жасайлы да. Сенин бул жолдо калган жосунуң үчүн сөгүш жарыялайм,— деди анжирдей эзилген сары жүзүн тыршытыра-бырыштыра.— Эмдигисинде таарынсаң тагдырыңа таарын, мага тарынба. Айтып коеюн, иштен кууйм. Өкүматтикине өкүматтикиндей мамиле жасайлы.

Начальник ошону менен өзү ойлогондой олуттуу сөзүн аяктап, «и-и, кемпай, акыбалың ушул экен го?» дегенсип, мышыктыкындай сапсары көздөрүн кыбындатты. Менин аны менен акыйлашууга убактым жок эле. Өзүңөр билгендей, Кара муруттун дареги али дайынсыз, аны издөөнү токтотуу бала-чаканын өмүрүн тобокелдикке салуу менен барабар.

— Аксакал, акылдуу жансыз, өзүңүз көмөктөшпөсөңүз өзгө мени түшүнөбү? Сизди мен бала-бакырам менен атабыздай караан тутуп жүрөбүз, аксакал! Сиз болбосоңуз бу жердеги жексурлар менен мен батышып иштей алмак белем, аксакал?! — деп калпты шыпырылта мактап кирсем, балжыран эзилген сары жүзүнө жылмаюу пайда болуп:

— Ушу ак көңүл жаным, чыдабай кетем да. Эмне жардам керек сага? — деди.

— Отпуске бербесеңиз Кара муруттун калбаасынан кутула алчудай эмесмин.

— Мейли, отпуске алсаң ал.

5. Ышкырык

Бу кесепети Чонтойдун эже-карындаштары мага өчөшкөндөй бүт кыргыз аймагына чилдей тарап, асыресе жыбыраган жээндери да чилдин балапандарындай апаларын ээрчип Ала-Тоонун кычык-кучугуна сиңип кеткенин карабайсыңбы! Чонтойго билдирбей, анын алысыраак жек-жаттары аркылуу иликтегендеги алдын-ала жыйынтык: анын он бешке жакын кара мурут жээни, башкача айтканда мен көргөн Кара муруттун жашында он бештей жээни бар болуп чыкпаспы, кудай аткырдыкы! Алары да бир өрөөнгө төгүлбөй, быягы Баткен, Лейлек, тыягы Ала-Бука, Аксы, Суусамырга дейре чачылып кетиптир. Бири Тогуз-Тороодо имиш. Мындай балекетке бирде-экиде кабылып көрбөгөн жаным кара мурут издөөнү кайсы багыттан баштаарымды билбей баш катып турганда темтеңдеп Тезекбай кирип келбеспи.

— Ассалоому алейким, Чокожан! — деп кошоматкөйлөнө шаңкылдады. Тезекбай иши түшкөн кишисинин атын түз айтпай, «жанды» жабыштырып алмайы бар. Анан иши түшпөсө өлүп кетсе да «жанды» кошпойт. Ошондон мага саламга эмес, жумуштап келгени айдан ачык эле.

— Кел, Тезеке, кел.

— Айла куруп, көз чачыраганда жоро-жолдош эле деп ылым санап келдим өзүңө. Жарыбаган жаман аяш уулуң түндө келин кийрип, шаштымды албадыбы! Кыз Аксыга жете берээрде бир Чоң-Муштум деген кыштак бар имиш, ошо кыштактан экен.

— Чоң-Муштум? — Өзүм өлө албай жатып, тигинин сөзүнө бырс күлдүм. Чын да, бала болуп башыма жүн чыкканы Чоң-Муштум аттуу кыштак-мыштакты укпаптырмын, тообо!

— Ооба, Чоң-Муштум экен, Чокожан! Тоодогу туугандар алыс, өзүң мага шерик катары барсаң деп үзүр сурап келдим, Чокожан! Ары алдында аркыраган «аргымагың» бар.

Тезекбайдын айтканы мага да жага берди. Өзүм соксоюп жалгыз чапкылаганча Ала-Бука, Аксы тарабына ал экөөбүз бирге барсак оң болгону турат.

— Зарыл жумуштар бар эле. Мейли эми, сен да көзүң чачырап, айлаң куруганда келипсиң. Бир ишке жараса жарап коеюн,— деп мен да боюмду баа көтөрүп алдым.

— Ой, садагаң кетейин, Чокожан! Ушундай жоомарт эле дейм да.

Анда сапардан калбайлы, Чокожан!

Ошентип, Аксыга жетип-жетпеген аралыктагы Чоң-Муштумга «чу» койдук. Чарчап-чаалыгып Чоң-Муштумга кеч

бешим жеттик да, ар кимге Тезекбайдын колундагы кыздын дареги жазылган кагазды көрсөтүп, куданын үйүн таптык.

— Айбайлагыла, жигиттер, кудаңардын тобундагы жаш балдар бейбашыраак болчу эле. Ал топто алдына түшүп келгендерге тил тийгизип, кээде какыс-кукус кылып койчу эле, абайлагыла! Мишениңерди тиги машине койгус жайга таштасаңар да ашык кетпейт. Жаш турбайсыңарбы, эки чакырым жерге аш-паш дегиче жетип барасыңар,— деди алдыбыздан жолуккан аксакал. «Бул соо кеңеш эмес, демек абайлоо керек» деп машинени таштап, жөө жөнөдүк. Куданын үйүнө бир чакырымдай калганда Тезекбай ойдолоп:

— Чоко дос, не бар, не жок, сен ушул жерде кал. «Кийиз кимдики болсо, билек ошонуку» дейт. Жакшысын, какыс-кукусун мен көтөрөм, сени бекер уят кылбай, өзүм барайын. Анан иш жайына келип, кудалардын ачуусу тараганда тээ-тиги кашаттан момингип ышкырам,— деп зуулдата ышкырды.— Ошондо жетип барсаң, Чокожан,— деди.

Ышкырыкты күн батканча күттүм. Жок. Караңгы каптагыча күттүм. Эч ышкырык жок. Жин ургандай бир жерди тегерене ары-бери басып жүрүп, буттарым талып, муздак шамалдан чыйрыга үшүй баштадым. Айдоо четиндеги адам бою чуңкурду байкап калбасмынбы! Ошого түшүп далдаланбасам, чыкыроон шамалга чыдабай калайын. Караңгыдан көрүнбөсө деле утуру соксоңдоп, куданын айылына көз тигем. Жылтылдаган жарыктан башка эч нерсе көзгө илинбейт. Кулак түрөм, ышкырык угулбайт. Суук жүдөтүп, чыдамым кете баштады. Түн бир убак. Билинээр-билинбес шоокум угулду. Демди ичке алып аңдыдым. сыягы, кабарчы караңгыда табалбай издеп жүрөбү? Кашатка токтогонсуду, менин колум жетчү эле жерде. Бирок, көрүнбөйт. Ыр-р-р дейт кокуй! Жолбун ит тура. Бардык үнүм менен ар-р-р деп айкырдым эле, мындайды күтпөгөн ит ок тийгендей каңк эте тыпырап качып жөнөдү. Итти маскаралай ырсыңдап күлүп коем дагы. Кайсы ырысыма күлөм десең?! Дагы тарсылдатып жер тепкилеп кирдим. Тезекбай тирүү болсо бир кабар берээр эле. Какыс-кукус кылып, эсин оодарып салышканбы? Же кудасы менен жарашып, жүздү соккон соң мени унутканбы? Эгер өозуна жүз тийсе, анда унутту дей бер. Анын адаты ошондой. Арак дегенде катын-баласына карабай калмайы бар. «Энеңди десе... Өзү жылууга жашынып алып, адамды талаага таштап... Шашпа, өлбөсөм эртең да көрүшөөрбүз» деп кыжаалаттана баштадым. Ошондо да жаным жай албай, секиргеним-секирген. «Жөн жүрбөйсүң кыйшаңдап» деп катындын айтканында да мандем бар. Эми карабайсыңбы!

Темселеген Тезекбайга илээшпей Кара мурутту өз билгеним-дей издесем өлөмбү? Ушу мени желкеден мууздаса аз. Түшкө кирбес окуяга кабылып, кайдагы бир ит жатпаган чуңкурга түнөп... Тү-ү иттики! Деги Чонтой тынч жатат бекен же адатындай жини тутуп, биздин короого таш ыргытып, бала-чаканын жүрөгүн түшүрбөгөй эле? Токточу, дабыш чыгабы? Ээ, оосуңду урайын десе! Куданын айылынан эшек айкырып атпайбы! Жок дегенде ушу эшекче боло албадыбы тиги нымтыраган Тезекбай. Жо, күйбөгөн жанды күйгүзөт да! Жо, ошонуку жакшыбы? Кара баштуу адамды караңгыга калтырып, жылуу жерге өзү кирип кеткени? Ушу менен эле заман акыр, жер такыр болуп, көрүшпөй калсак го мейли. Жаш балача алдап кете берсин. Жо, эртең да кокус-мокус таң атып, күн чыгып, анан жүз көрүшүп калсак, энесин Үч-Коргондон көрсөтөм да, Үч-Коргондон!

Ошентип, Тезекбайдын тентектигине тиш кычырап, анан чексиз карызым барча жан-алым калбай жер тепкилеп жүрүп таң атырсам болобу! Ошо таң атаардагы кычыроон суукту мен айтпайын, айтпайын, силер укпагыла! Аз жерден өзүмдү өзүм жарып сала жаздадым. Ошондо да ышкырбайт тиги тиши күбүлүп түшкүр кысталак! Күн көтөрүлө баштады. Бу соо эмес Тезекбай. Куданын жиндеген бейбашыраак балдары кечинде элеТезекбайды телпейте чаап өлтүрүп салышканбы дейм. Тирүү болсо эмгиче кантип кабар бербесин? Тү-ү иттики! Кап-каяктагылар келет да оюма. «Өлбөй калсын бечара, өлбөй калсын»,— деп кап-аяктагыны ойлогонуман чочуп, Тезекбай да жакшылыктуу күн көрбөгөнүн, ышкырышка чамасы кел-бегенин далымдан сезе аны аяп кеттим.

Күн аркан бою көтөрүлгөндө гана ызылдаган ышкырык угулду. Тезекбайдын тирүүлүгүн билгенгеби же түндөтөн берки түпсүз зарыга күтүүнүн бүткөнүнөнбү, эмелеки жөө тумандай каптаган кыжаалатчылык өзүнөн-өзү көңүлдөн учуп, атасын зарыга күткөн наристече апкаарып жөнөдүм.

Тезекбай айылдын четинен күтүп алды. Алыстан ак шляпа кийгендей көргөнүм шляпа эмес эле селде окшойт? Кудай аткырды бир түндө сопу кылып коюшканбы? Э-э, шоруң кургурдуку, тануу турбайбы! Шоркелдейдин башын жарып салышкан го? Тү-ү иттики! Чындап башы таңылуу турбайбы! Оң көзүнүн үстү томуктай көгөрүп кара көк.

— Какыс-кукусу ушу болсо, шоруңду шорподой кайнат-кан тура,— анын кейпин көрүп жаным кейиди. Атаны шордуу ай, баласы ушинтип катын алам деп атасын какыс-кукус кылдыргыча катып калсачы!

— Кеттик, убакыт жок, дос. Көңүлүң бейгам болсун, иш бүттү. Кудалар менен бүтүштүк,— деп деле өзүнүн кейпи

менен жумушу жок.— Калганын жолдо айтып берем, азыр ушул жерден тез алыстап кетеличи!

Ошенттик. Машинеге жете берээрде чок баскандай чочуп, «ох» деп онтоп алдым. Какыс-кукустан коркуп, кара баскыр Кара мурут эстен көтөрүлгөн тура!

— Кокуй Кара мурутту ийздейли, Тезеке! — дедим шаша.

— Кайдагы Кара мурут?

— Отур машинеге, өзүң айткандай жолдо сүйлөшөбүз,— деп Кара муруттун дареги боюнча жөнөп кеттик. Жолдо баратканда Кара муруттун калбаасын айтып берсем, «ичим ий, ичим, ой ичим» деп эси ооганчо күлсө болобу!

— Эми кезек сеники, кудаң менен кантип табыштың?

— Кечинде шашып жүрүп, келиндин ата-энесине жазган катын жоготуп коюпмун. Ошондон шөрүм курубадыбы!

— Окуусун бүтпөй эрге тиймек эмес. Сен Алайдан келсең, нак басмачынын тукуму турбайсыңбы! Басмачылык менен зордоп алып кеткенсиңер,— дегенде мурун кабарды угуп кыңшылап ыйлап отурган аялы зөңгүрөп кое берсе болобу! Кудам эки ииниси менен алган машинелерин майлап атышкан экен, ошо кызуулугунанбы, кыжына ордунан тура калды.

— Басмачылыкты көрсөтөм сага,— деп бет талаштыра тартып жибергенде чалкамдан кетип, башым дубалды сүзгөндө көзүмдөн от чагылышып, көңүлүм айланды. Эки жигит тура калып тепкилеп киргенде эсимди жоготтум. Өзүмө келсем кийиз-пийизи жок, гөрдөй караңгы үйдүн полунда жатыпмын. Кайда экениме түшүнбөй, бир далай отурдум. Башым салмактана ооруп, бетим тызылдап ачышты. Бүткөн боюм жанчылгандай салмактанат. Эптеп сүйрөлө туруп, дубалдарды сыйпалай каалганы таптым. Тышынан кулпуланганбы, айтор ачылчу түрү билинбейт. Тарсылдаттым. Сырттан тарпылдаган дабыш угулду. Ачкычтарын шарактатып ачты да, жарыкты жандырды. Аны көргөндө оозума келме келбей селсейдим. Кудай ур! Милийсада жатыпмын, дос!

— Койчу?!

— Чын.

— Кантип?

— Тиги күзөттөгү милийса төкпөй-чачпай баарын айтып бербедиби. Менин кудам да милийса экен. Кызымды зордоп ала качкан акмак жата турсун деп өлгүдөй тепкилешкен соң милийсаканага жеткирген тура.

— Мыкаачы турбайбы!

— Арактын күүсү окшойт?

— Арак ичкенде эле ура берсе жан калабы?

— Жана саат тогузда апкелишпедиби камактан.

— Кантип чыдадың?

— Алдына түшүп барган соң чыдабаган аргам барбы? Анан бүгүн кечээги үч мас жабыла кечирим сурамыш болушат. Иш өткөн соң алардын кечириминен кечээ жарылган баш бүтөлмөк беле?

Тезекбай экөөбүз арманыбызды айтып асыреттешкенче Кара муруттардын дарегин тактоого үлгүрдүк. Ал аймактан мен издеген кара мурут табылбады. Ошентип, Аксы, Ала-Бука багытынан Тезекбай тепки жесе да, барган жумушу бүткөнүнө кубанып кайтты. Аны көрүп, ичим тызылдап «тепкилеп-тепкилеп туруп, кара мурутту таап берсе ыраазы элем» деп Тезекбайчасынан тепкиленбегениме таарындым.

6. Кара мурут сенсиңби?

Ошонун эртеси таң атып-атпай короонун дарбазасы тарсылдап калды. Жүрөк опкоолжуй жүгүрүп чыксам, баягы кем Чонтой да.

— Ай, эмне? Карга бок чокуй электе тынчтыкты бузуп. Же үйүңдөн жылан чыктыбы? — Уйкунун мастыгы менен баркылдап, тигинин доогердиги да эстен чыккан турбайбы!

— Ошондой де?! Туура, сенин төшөгүң жылуу, катының койнунда. Жыргал да сага, ээ! — Кечинде өлгүдөй ичкен сыяктуу өңү тарашадай карарып, көздөрү шишимик тартып, ит көздөнүп кып-кызыл.— А сен, Кара мурут экөөң менин үй-бүлөмдүн таш-талканын чыгарганыңды унуткансың го? — Ал тиштерин кычыратып, колуңдагы килейген ташты мен тарапка ыргытты эле, аз жерден чекемди жарып кете жаздады.

— Эй, айбан! Жиндисиңби? Башка тийсе эмне болот?

— Баш жарылат, катыны кара кирет.

— Атаңдын башы, сенин катының кара кийсин!

— Менин катынмыт жок, аны Кара мурут экөөң бир сандан бөлүп алгыла.

— Жок жерден чатак чыгарып, өзүңдө да, бизди да кыйнадың, кутурган ит! Адам тукуму куруп кеткенсип, сага коңшу болгонума арман кылам.

— Ошондой де, кара ниет! Багдагүл барда эч арманың угулган жок эле, Эми менин керегим жок тура! — деп дагы бир ташты атты. Ал көкнанын терезесине тийди.

— Сенин да үй-бүлөңдү талкалайм, үйүңдү өрттөйм, балдарыңдын башын жарам. Анан көрөм жылуу төшөктө уйкусурап жатканыңды,— деп темир дарбазаны муштагылады.— Менден кутулгуң келсе, Кара мурутту таап кел.

— Издеп атпаймынбы?! Ошо сенин Кара мурутуңду издейм деп отпускем күйүп кетмей болду. Акыры түшүнсөң боло!

— Жинди козгобой сүйлө. Ушу кезге чейин Багдагүл экөөңкү эмес беле? Эми менин Кара мурутум бекен?

— Ой, кысталак, сенин жээниң эмей кимдики?

— Атаңдын башыныкы! Жок менин андай жээним. Болсо таппайсыңбы! — Ал дагы жиндене баштады.

— Табам, жердин жети түбүнөн болсо да табам!

— Тап!

Ошентип, таң атпай Чонтой экөөбүз итче ыркыраштык да, эки тарапка басып кеттик. Отпускем да аяктап баратат. Кара мурутту издеп баспаган жолум, барбаган жерим калбады. Чонтойго жээн атмайдын бирин калтырбай кыдырып чыктым. Азыр Чонтойго калптан эле кокон пеш көрсөтүп «табам» дедим, а чынында бара турган жер, сурай тургн эл калган жок. Мына эми чыныгы туңгуюкка капталдым.

— Жакшысызбы, жээзде?!

— Жакшы, жакшы!

— Эжем үйдөбү? — Үч көчө жогоруда жашаган балдызым келиптир.

— Үйдө.— Булбулдун доошун уккум келбеген жаным, аны да кыртышым сүйбөй бош жооп бердим. Анан айлампаш торпокчо көпкө басып жүрдүм короодо.

— Чоко, кирбейсиңби үйгө, балдызың сүйлөшөйүн деп келиптир,— деп катын тарткылады жеңден. Катын деген катын да! бала-чаканын келечегин ойлоп, быякта менин боорум эзилип атса, тиги ырсыңдап күлүп жүрөт. Кудай буларга чачты гана берген да узартып, а акылы тооктукунча жок.

— Келип жүргөн балдыз да, же балдыз Кара мурутка айланып кетип, мени тозоктон куткарып алмак беле? — деп тигинин ырсыңдаганына жиним келди.

— Ошо Кара муруттун дайынын билип келиптир.

— Я, эмне дейсиң?

— Эмнени уксаң ошо.

— Ошону дагы бир кайталап койчу!

— Ошо дедим ошо.— Шыңкылдап күлө жөнөдү үйгө.

— Аргендей болгон доошуңдан,— деп артынан жүгүрдүм. Эмне экенин уга элек жатып эле, ушуга зор үмүт байладым. Анткени, аргам түгөнүп, мурдум бүтүп, Кара муруттан түңүлгөндө келип отурбайбы балдызжан. «Оо, кудай! Оңдой көр жолду! Ушу сапар куткарсаң, андан ары Кара мурутчанды көргөндө жаа бою качайын» деп тиледим.

Ошентип, балдызымдын акылына кирип, Жалал-Абадга келип отурбаймынбы. Ал эми балдыз тапкан маалымат тууралу кийинчерээк кол бошогондо айтып беремин. Азыр Кара мурутту чыдамсыздык менен күткөндүктөн дагы бир шойкому чыкпасын деп көңүл алаксып жатат. Айланайын-

да-ар! Кара мурут келе жатат. Тигине Кара мурут! Куду мен көргөн жигиттин өзү! Айланайын кудай ай! Бала-чакамдын ырысы бар экен, ээ!

— Барсыңбы, садага кетейин,— деп алдынан торой чыгып кучактадым да, ой-боюна койбой өпкүлөп киripмин. «Сени көрөр күн бар экен, ээ!» деп ыйлап жиберипмин токтоно албай.

— Кантесиз, аксакал! Кантесиз? — деп эч нерсени түшүнбөгөн тиги боюн ала качып жүрбөйбү. Мен ага көнөмбү?! — Ой, болдубу эми? Ыйлабаңызчы жаш балача! Деги эмне керек менден? — Кара мурут жардана карап тургандардан уялып, бирок менин кучагымдан бошоно албай кыйналды.

Экөөбүз элден обочолондук. Анан мен келген маселемди: бир коон, бар дарбыздын тарыхын, андан берки көргөн күнүмдү айтсам, тиги Тезекбайчасынан ичин тырмап күлбөй, өнү кубарып, тиши кычырап, «Чонтойго окшогондун төбөсүнө жаңгак чагыш керек, звер тура, звер» деп ачуусу мурдунун учуна чыга кызууланды.

— Аксакал, мындайда бир мүнөт да кымбат. Жүрүңүз кеттик! Чонтойдун көзүнө бир көрүнөйүн.

7. Балдыздын баяны

Кара мурутту апкелип көздөштүргөндө да, Чонтой оңой менен жан бербей опурулуп туруп албадыбы! Из кубарлар айткандай, бардык фактыларды көзүнө көрсөтүп, мээсине куюп, күбөлөргө көздөштүргөндө гана ынанымыш болуп, ооз учунан кечирим сурамыш этти. Ошондон кийин гана көңүл жайланып, балдыздын баянын силерге айтып берүүгө кол бошободубу!

— Ээ, жезде! — деп айткан анда балдыз.— Сиз жүз жыл издесеңиз да тапмак эмессиз.

— Койчу!

— Чын. Биз кечээ кеч достор менен кезектеги отурушубузду өткөрдүк. Ары Кара муруттун дарегин билүүгө, ары бекерчиликтен «бир коон, бир дарбыздын» тарыхын айтып берсем, отургандар кыраан-каткы күлүшүп, бир жыргады дейси-из,— деп чоектоду балдызым. Ток этээрин айта салбайбы деп менин чыдамым кетет.

— Анан дебейсизби?!

— Анан дедим.— Чоектобой өл дейм ичимден.

— Анан Зуура «ой, токтогулачы» деп зоңкулдап калды. Билесиз го үнү бир жоон зоңкулдап. Же билбейсизби?

— Билем, билем,— деп шаштым билбесем да. «Чоектобой өлгүр, тез эле айта салбайбы десең! Зууран менен зумуран

калгыр! Аны мен билсем эмне, билбесем эмне? Мага Кара мурут керек да!»

— Ошо Зуура зоңкулдап эле «ой, токтогулачы» деп калды.

— Аны айтпадыңбы!

— Айттымбы, жезде?!

— Айттың, и-и, анан? — Ичимди гана бышырып жиберет окшойт чоектой берип?

— Зуура «сен айткан Кара мурут биздин жээн дейт.»

— Кантип?

— Мен дагы куду сизчесинен «кантип?» дедим, жезде!

— Анан?

— Анан «бирөөнүн бир коон, бир дарбызын сурак-сопкутсуз эле жеп койгонуңар уят эмеспи?» деп кайра мени уяткарып жатпайбы.

— Койчу кайдагы бир коон, бир дарбызды. Кара мурут тууралу айтсаң! — Кара муруттун же бар же жогун тезирээк билсем деп жаным чыгып баратса.

— Мен дагы куду сизчесинен «койчу кайдагы бир коон, бир дарбызды, ошого жутасаң эртеге базардан деле алып бере коебуз, бир коон, бир дарбызды алып бере турган кудуретибиз бар азырынча, жездем деген сен ойлогондой шалпакбай эмес» деп Зууранын оозун Ошту каратып салдым. Жайлапмынбы, жезде?!

— Жайлапсың, садагасы!

— Сизге шек келгиче зоңкулдаган Зууранын колуна мунуп, өлүп берээрмин, жезде!

— Азаматсың, айта бер! — Чыдап уккандан башка айла калбады менде. Бирок, ачуумдун ушунчалык келгенинен эриндерим титиреп, колдорумду калтырак басты. Ан сайын тиги шашпай маалкатып, өзөөрүп өлүп бараткансып нандан жеп, чайдан чоюла ууртаганычы! Тишимди тишке басам чымырканып.

— И-и, жезде, мурун биздин баарыбыздын, ошонун ичинде сиздин да оюуңузга бир нерсе келбептир.

— Койчу эми мурункуну. Кечээгини айтчы!

— Кечээгини айтайын десем, ага чейин ошо мурункуну айтыш зарыл экен, жезде!

— Айтсаң айт, эмнени эстебеппиз?

— Ошо зоңкулдаган Зууранын күйөөсүнүн аты да Чонтой эмес беле?

— Ал Чонтойбу, Монтойбу, мага кереги жок. Кара мурут туурасында айтпайсыңбы эми! Кыйнадың го мени!

— Сизди эч кыйнабайм да! Сиз кыйналганча мен кыйналайын, жезде! Ушу мени баалабай жүрөсүз да, жезде! — Ар бир сөздү таптап, мурдагысынан да чоектоп күйгүзбөдүбү

балдызым. Ушуну чыдап катын кылып жүргөнүнө ырахмат тиги бажа сөрөйгө!

— Көрсө, жанагы сизге бир коон, бир дарбызды берип жиберген жанагы... ким эле атың өчкүр?

— Кара мурут.

— И-и, ошо Кара мурут зоокулдаган Зууранын күйөөсү Чоптойдун жээни турбайбы!

— Ошондой дечи!

— Ошондой экен, жезде!

— Ошондой дегениңден ий, балдызжан! — Мен сүйүнгөнүмө жетине албай, балдызжанды чопулдатып өөп жибере жаздабадымбы! Анда «дөңгөктөн качсаң аңгекке» болмок. Баятан бери бизди астыртадан сынап сөзгө кошулбай тымпыйып, жанымда катын отурбайбы! Кудай бир сактады да!

— Ошо Чоптойдун Кара мурут жээни салам-дубай кат жазып, аягында абад буюм берип жибергенсип, бир коон, бир дарбызын да коштуп койгон имиш.

— Ырахмат, балдызжан! Сен болбосоң, мен тирүүлөй өлмөкмүн,— дедим чын пейилден ыраазылыгымды билдирип. Карасаң тооба, көңүл тынчыганда балдыздын чоектогону кыжырды келтирмек тургай маанайымды көтөрүп, делбемди козгоп баратбайбы!

АҢГЕМЕЛЕР



АРМАН

«Кемпир менен чал жатса, кейиш менен таң ататтын» маңызы дайым эле төп келбей, пендени кумарчынын чүкөсүндөй калчап, бирде төө миндирип, бирде жөө жүрдүрүп, али досуңдай кулач жая кучактап, али касыңдай бут тоскон оомал-төкмөл турмушта күтүүсүздөн жумурткадан кыр чыгып, ышкындай солкулдап, күлсө күлкүгө, ойносо оюнга кумары канбаган чагында келин менен жигиттин кейип-кепчип таң аттырганына кайсы инсандын каңырыгы түтөбөсүн?! Ааламды жым-жырттык басып, чымын учса угулчуудай мемиреген айлуу түндү жаштык ышкыбоздукка керектөөгө чамасы жок мындай түндүн кумары буларга дээринде буюрбагансып, Дилбар менен Ашым бир төшөктөгүсүнө карабай, ар бири өзү менен алектенип, жыга чапкансып кыймылсыз.

* * *

Дилбар ойгоолугун Ашымга билдирбей (аны уктап жатат деп), уйгу-туйгу ойго батып, тымызын ичи эңшерилип, сенменге келбей жашашкан алты жылын эстеп, анан минтип Ашымдан ажырап калуу коркунучун ойлогондо жүрөгү үшүп

кетти. Жумуштан чарчап келгенин билгизбей, эпилдеп-жепилдеп тиргилигине, ал тургай казан-аякка чейин каралашып, оорун колдон, жеңилин жерден алып, болбосо эки баласы менен үйдү үч көтөрө шарактап ойношуп... Дилбар бечара ушу турмушуна жетине албай, пешенеге туш келген бул күндөрдөн айрый көрбө деп жараткандан тилечү эмес беле! Эми минтип...

Акыркы жылдын ар бир түнү, ар бир сааты өткөн сайын Ашым экөөнүн арасы алыстагандан алыстап, эрди-катынга окшобой, мамилелери суугандан суып, оттору күймөк түгүл мына эми өчүп бараткансыды. Себебин түшүнө албай акылы айраң, буга Ашымды күнөөлөйт, кайра Ашымдын колунан мынчалык жамандык келмек эмес деп белгисиз адамды күнөөлөйт. Ошо белгисиз Ашымды бузду окшойт деп, ошо белгисиздин (алгач аягы мындай болоорун капарына алган эмес, ошон үчүн белгисизге көңүл салбаптыр) ким экенин билбей ичи бышып, күйбөгөн жери күл. Эми минтип Ашым күндөн-күнгө түрү өзгөрүп, үй-бүлөсүнө жат кишидей, бардыгына кайдыгер, бара-бара көбөйтүп иче баштаганычы! Дем алыштарда кайдадыр тентип жүрүп, үйгө жарым түнсүз келбейт. Мейли, ичсе ичсин эл катары деп айласыздан ынанып жүргөн алгач, а азыр жаны кайышып чыдабай калды.

* * *

Ашымды уктап атат дегени Дилбардын чоң жаңылыштыгы, көптү аңдабаган маңыроолугу, затында анткорчулукту, митайымчылыкты билбегендиги эле. Чындыгында Ашым уйкуну мындай кой, аялына караганда он эсе катуу азап чегип, андан кутулуунун амалын жан талаша издеп, кымындай илинчек таппай, ичинен эзилип, ичинен сызылып, бирок эркек эмеспи, азап-тозогунун шоокумун да тышка чыгарбай, көптөн уйку көрбөй, азып тозуп, алыстан келген адамча былк этпей жаткан. «Эркектер калп эле чыдамкайлыгын көрсөтөбүз деп, кайгы-капасын өңүнөн билдирбей, аялдарча көлдөтүп ыйлабай, ичинен зилдеп же сары оорууга жолугат же мээсине кан куюлуп өлөт»,— деп калышат. Ким билет мунун жалган-чынын? Ошентип калышат го! Кантсе да эркек чыдамкай, баары эместир көпчүлүгү. Антпесе Ашымдын эртеңкисине, анын эртеңки күндөн күтөөрүнө көрүнгөн эле ботинке жыртаар чыдай койбос? Эртеңки күнү ал же «чик» же «пөк» түшөт, жок, «пөк» жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес, жараткан кандай калчаса да «чик» түшөт, «пөк» түшүрүш ошо жараткандын да колунан келбей калды го!

Дилбардын экинчи жаңылыштыгы — баягы «сойку» туу-

ралуу гана ойлоп, бекерден-бекер убайым жеп, убаракерчилик тартканы. Ашымдын жоктон тапкансыган ит пейилге кабылганынын өзөгү башкада, такыр башкада, аны Дилбар бечара эмес, башка акылман эркек да ойлоп табышы кыйындыр?! Деги аны атайлап ойлоп-табуунун кажети не? А көрөкчө андай ыпластыкка жолукпасын адам баласы. Ашым ушуну ойлоп, өзүнөн башкага, ал тургай душманына да ыраа көрбөй, мени менен эле кетсе экен деп, ушу кесепеттен кайчы өтө албай өзү арманда.

* * *

Акыркы жыл демекчи, ошо түбү түшкөн акыркы жылдын башталышы... Бирин-экин кызымтал келгенин байкамаксанга салган: чоңдор менен бирге болгондур, жакшы санаалаштарына (жакшы болбой жабышып калсын) жолуккандыр дечү. Анан өзү да «текшерүүчүлөр келиптир», «чоңдор чай ичебиз деп», «Анжыяндан достор атайлап кабар алышып» деп актанымыш этчү. Текшерүүчүлөр, чоңдор, достор кийин көбөйө берди, көбөйө берди. Дилбар тишин тишке басып, «койчу, уруш чыгарганда не пайда, чыдай турайын, оңолуп кетээр, жаш эмеспи, али отузга чыга элек» деп жүрүп, убакытты өткөрүп жибербедиби! Ошондойдун биринде Дилбар чыдай албады, Ашымдын мышык ыйлагандай кейпине, тили күрмөөгө келбей, өңү кызарып-татарып, көздөрү артына кетип акшырайган кебетесине кейиди:

— Сага эмне болду, Ашым?! — Оозуна башка сөз кирбей туталанды.

— Көр-ү-үп ту-ра-сың-го.

— Жаныңды, башканын дейсиңби, өзүңдүн эле жаныңды кыйнап ушунча ичиш зарылбы?

— Мен элеби ичкен? — Өтүгүн чече албай, аз жерден жыгыла жаздап, теңселе дубалга жөлөндү.

— Ичпе дебейм, өз башың өзүңдө, бирок алыңа чактасаң боло. Көрчү кейпиңди! Кайда жүрөсүң жарым түнгө чейин? Бой-баш болсоң бир жөн, үй-бүлөң бар го акыры? — Түтпөдү окшойт, иттин өлүгүндөй сасык жытына (өзүңүкүн жаман деп жакшыны кайдан табасың дегендейби, кантсе да эри эмеспи) чыдап, өтүгүн, кийимдерин чечинтти. Койнуна жатчу эринен жийиркенет деп үч уктаса түшүнө кирбес эле. Ошондо катуу жийиркенген. Аялына жооп берүүгө чамасы кайда? Дүм түшүп жатты да, коңурукка кирди.

Бул Дилбардын алгач жолу кирпик какпай, учу-кыйыры көзгө илээшпес жөө тумандай чубалжыган сансыз ойго чөмүлүп, кечээги жылуу турмушу бир көргөн жакшы түштөй

өчүп баратканына ичи ачышкан түн эле. Оо, андан бери мындайдан канчасы өтпөдү! Кээде эртеси соолугуп, «Дилиш, Дилиш» деп жалпактап калат. Ачылып сүйлөшпөсө, ички сырын жашырса жалпактаганынан не пайда!

* * *

Акыркы үч күндө Ашым өзү туш болгон кооганы миллион жолу чыпчыргасына чейин элестетип чыккандыр? Андан арманы калган жок. Мына бүгүн да ошону менен алпурушууда. Болбосо ага баш катыруунун зарылдыгы калбай, болоору болуп, боеосу канып, эң акыркы чечимге келсе бүтмөк...

Иш аяктап, мына үйүнө жөнөөрдө Акмат кирип келбеспи (Ашымдын мектептеги класташы, кийин соодада иштеп жүрүп эмнедендир улам камалып кеткен). Экөө кучакташа көрүшүп, ал-абалды сурашты.

— Качан келдиң?

— Бир ай болду.

— А-а, биз жакка өтпөпсүң го?

— Тууган-урукка учурашып, айылда жүрүп калдым.

— Жакшы, жакшы. Эми иш караштырарсың!

— Ха, ошентебиз.

Маек анчейин узарбады. Ашым түрмө жакты сураштан тартынды. Эмнесин сурамак? Акмат узун, шыргыйдай жигит. «Кыйла арыктаптыр бечара. Өңү да шапайыңкы. Түрмө курорт эмес да!» Ушинтип ойлоду Ашым. Экөө кошо чыгышты. Кыйла үндөбөй басышып, алгач Акмат унчукту.

— Бүгүн кечкиге товарищтер конокко чыкырышыптыр. Жалгыз кантип барам сопоюп? Убактың болсо бирге баралы.

— Кайда?

— Шаардын ичинде.

Ашым ойлонуп калды. Барышка анчейин табы тартпады эмнегедир. Бирок, үч жылдан бери эми биринчи көрүшүп, анын үстүнө бул түрмөдөн келсе. Чай бериш өзүнө да парз. «Жолдошчулук ошо эмеспи» деп кыйылды.

— Качан кайтаар экенбиз?

— Отуруш деген отуруш, кечирээк кайтаарбыз.

— Анда үйгө айтып коеюн (үйүнө жакындап келишкен).

— Жакшы болот, күтүп турам.

* * *

Короонун сыртынан карап «бу короодо бир кембагалдын эки көөмүт өжүрөсү бардыр, жери да тардыр, эшик алдында ашып барса эки, үч түп дарагы сопоюп тургандыр» дейсиз.

Ашым да ошентип ойлоп,келгенине ичи чыкпай, ошондон улам отуруштун катышуучулары деле бир беймаза немелер экенин боолголоп, эшик-төрүн көрө элек жатып, кантип үйүнө кетүүнүн амалын издегенсиди. Акмат узун, шадылуу колдорун сунуп, узун манжалары менен чырылдакты көптөн бери издеп жүргөнсүп, шаша басып-басып алды. Күнгө күйгөн эпсиз кара коржогой мойну бир кызыктай шылк этип, жүлжүйгөн көздөрү каалганын жылчыгынан шыкаалап, ким ачаарын чыдамсыздана күттү.

Мектепте баскетболдон Акматтын алдына эч ким чыкчу эмес, чыны кыйын ойноор эле. Ошону кийин бекер таштады. Мүмкүн, баскетболдун жылдызы болмок. Бой десең кудай бергендей, кудум мырза терек! «Ошондой жөндөмдү кор кылып, түрмөдө пок барбы буга?» Ашым өзүчө акылмансыды, кайра «түрмөгө өз эрки менен бармак беле?» деп ойлоду.

Эскилиги жеткен каалга кыйч эте ачылып, андан Акматтын коржойгон узун бою эки бүктөлө өтүп, келгендерге таңыркай тиктеген. үксүгүй чачтуу, тартайган арык өспүрүмгө салам айта бир дем токтоп калды. Артынан Ашым аяр ээрчий бейтааныш үйгө коруна тигилип, жүдөө өспүрүмгө оозу бош салам айтып, бул үй жөнүндө эми эле өзүнүн таптакыр туура баамдабагандыгына таң калды: короо ажайып кең, төрт тарабы туташ там, айрыкча бет маңдайда узуну отуз арымдан кем эмес кооз үй, анын баш-аягы жерден адам бою көтөрүлгөн жер төлөө, ошон үчүн үй экинчи кабаттагыдай заңкайып бийик. Үй өзүнчөлөнүп ого эле көп бөлүнгөн окшойт, беш-алты өзүнчө каалгалар. «И-и, аябай чоң үй-бүлө жашайт тура! Үй ээси жүздөн ашып, бала-чака, небере-чеберелери менен элүүгө жетсе керек? Өнүп-өскөн экен аябай!» Ашымдын эмелеки кооптонгону көздөн кайым болуп, көңүлү көтөрүлө бейиштин төрүнө өткөнсүп, короодон көз албай таңыркады. Ортолук алма, өрүк аралаш бак, оң капталы баш-аягына чейин жүзүм жабылган сөрү, айтор өзүнчө эле ажайып дүйнө (өлсүн ошо ажайып дүйнө)!

— Кириңиздер, күтүшүп атат,— деди баягы чачы үксүйгөн жүдөө өспүрүм.

Акмат заңкайган кооз сарайга даабагансып, аны бизге ким коюптур дегенсип, сол тараптагы көчө бойлото салынган жапыз тамга бурулду. Бул тамды Ашым «отунканадыр» деп ойлогон. Кайда бараарын билген соң Акмат мурун келип жүргөн го. Короодо жүргөндөр бир топ: жаш келиндер (мүмкүн кыздардыр) кир жууп, идиш-аяк калдыратып, башкасы көрөн-шөрөндөрүн ташып, каалгалар ачылып-жабылып ошол эле убакта бири менен экинчисинин иши жок, ар бири өзү менен өзү алектенгендей. Эки жигит китепке тигилишип,

тыш дүйнөдөн бейкапар. Ошончодон бир да бирөө Акмат менен Ашымга назар салбады. Анын сырын Ашым түшүндү окшойт, көрсө жашагандардын көпчүлүгү квартиранттар турбайбы. Алар ортолуктагы эшикке кирээрде жүдөө өспүрүм жолду дагы тороду.

— Кол чайкап алыңыздар,— деп ийиле колго суу куйду. Оң колунда чөөгүн, ийининде сүлгү. Буларды кайдан ала койгонун Ашым байкабаптыр.

Жапыз эшикке Акмат эмес Ашым да итабар ийилип атып араң кирди. Эки кишинин көчүгү айланбаган бөлмөгө батинкелерин чечип, дагы жапыз каалгадан төркү бөлмөгө өтүштү. Сөздүн кызыгына баткан төрт жигит «келгиле, келгиле» деп жапырт орундарынан тура кол алышып учурашты. Бажылдаша Акматтын ден-соолугун, көңүлдүү дем алышын сураша «отуруңуздар, отуруңуздар!» деп жарыша кол жаңсап, аларды төргө өткөрүшүп, анан гана өздөрү жылыша көчүк басышты. Акматтын сол ныптасындагы бакжайган кара мойлочон жигит «кана жигиттер, силер келдиңер, балаа келбесин» дегенде жапырт бата кылышты. Ирегедеги арык чырай, чийки сары жигит келгендер тарапка нан сындырып, чай узатты.

— Азыр аш келет, жигиттер, ага чейин таанышып отуралы.— Арык чырай сары жигит помидор, бадыраң аралашкан шакараптарды төргө жылдыра артына бурулуп, төшөк алдынан бир ак моюнду сууруп чыкты. Аны ачып, стакандарга куйганча отургандарды (Ашымга болсо керек) тааныштырып кирди.

— Акматтын жанындагы Буденный мойлоо — бул Икрам, биздин отуруштун алмашкыс төрагасы, соодада иштейт, каалаганыңызды таап берчү шылуун ушу. Андан кийинки чоң курсак — бул Жусуп, бир ашкананын төрагасы. Өзүңүздүн колтугуңуздагы Жаныбек, биз аны Жаныбек казы деп коебуз. Чынында Жаныбек казыдан эч жери кем эмес, медреседе үч жыл окуп, анан Ташкендин ысыгына чыдабай, «кайдасың Ошум?» деп качып келген. Азыр машине оңдогуч, көңүлүн тапсаңыз ишканасын мындай кой, үйүндө да оңдой берет. Өзү көп кабатта жашаса, каеринде оңдойт дейсизби? Атасынан калган үй инисине катталуу, а иниси Поронзодо окуйт. Ошого байланыштуу ал үйдү мастерскойго айландырган.— Ал ушунчалык эпилдеп-жепилдеп сүйлөйт экен, Ашым үлгүрүп угуп жатты.— Мен деген ушу өжүрөдө квартирде турам, атым Маамыт, кадимки «Төштүктөгү» жер тыңшаар Маамытмын. УТЭК дегендин бир жаман машинесин минем. Биздин иш сөрөй жер кезип, аалам кыдырмай. Каерде пул болсо, биздин иш ошерде. Достор менен айына бир-эки жолу араң көрүшөм.— Стакандарды узатты.

Стакандар колго тийип, бир дем тынчтык өкүм сүрдү. Эсине эми келдиби, Акмат чочугандай алга обдулду.

— Бу жигиттин аты Ашым, мектепте бирге окуганбыз, ишеничтүү эркек жигит,— деди.

Таанышууга арналган тост көтөрүлүп, анан Акматтын эсен-аман элине, жолдошторуна кайтып кошулганына, мындан ары андай кесепетке жолукпашы үчүн, отуруштун төрагасынын устаттыгы ушундабы, үчүнчүсүн алып жибериштн. Ашымдын ичи ысып, көптөн бери ооз тийбеген, дээринде ичимдикке шыгы жок неменин бүт баданы кызып баратты. Алгач жаман кыздарча тырбаландап «ичпейм» дештен тартынган, а эми «ичимдик көбөйсө экен» деп тилеп отурду. Анан аш келди. Чоң табактын түбүндө чүрүшкөн эки кишилик аш. «Алың, алың» деп атып, төрт алганда түгөндү окшойт. «Мынча аз аш? Же бирөөлөрдүн калдыгыбы?» деп ойлоду Ашым ичи чыкпай. Колго суу куюулуп, сары чийкил айткандай «жакшы аштан кийин маз-за кылып», көк чайга кириштн. Досторкон тазаланып, «маз-за кылып» көк чай ичкенче карта ойноо башталды.

— Гаспадин,— деди Буденный мойлоо.

«Госпадинге» карта тегеренди. Ашым ойной албасын билдирди. «Мейли» дешти тургандар жапырт, «конокту кыстамай жок, чоторчу болсун!» Картаны үчтөн тараткында Буденный мойлоо:

— Отуруш көңүлдүү өтсүн,— деди сары чийкилге көз кысып. Ошону эле зарыга күткөндөй сары чийкил (Ашымдын көздөрү ала чакмактап, жаңы таанышгардын аттарын небак унутуп калган) стакандарды толуктады, анан үн-сөзсүз шакшак алып жибериштн. Ашым саал кечиктиби, Буденый мойлоо «насип кошкон соң алып отуруң» деп ныгыра айтты. Ашым да шак алды бейм, Буденный мойлоонун үтүрөйгөн кабагы жазылгансыды.

Карта колдон колго өтүп бөлүнүп, утканы утуп, уттурган уттуруп жатты. Ар утуктан кайырчыга ыргыткансып Ашымга бир-эки сомдон, кийин карта кызып, дасторкон үстүнө акча додолонгондо төрт-беш сомдон ыргытып туруштү. Сөздүн маанисн кетти, ооздон чыккандын баары картага багышталат, картанын кызыгы, акчанын кызыгы менен ыркырашуулар көбөйдү. Бири экинчисин кекеткен-мокоткон сөздөр... Ашым үргүлөп кеткен экен, Буденный мойлоо:

— Ашым, зеригип кеттиңизби дейм, мына будан соруңузчу бир-эки,— деп тамызылган «Беломор-Канал» сунду. Үйдүн ичи тумандап, иттин өлүгүндөй сасык жыттанды. Ошондон кутулуш үчүнбү, Ашым «Беломорду» шашпай соруп, кадимкидей ичине тартты (Ашым сигаретти таштаганына бир жыл

ашып, кадыресе унутуп койгон эле), кандайдыр жан жыргаткан жагымдуулукту сезип, дагы бир сорду. Көңүлү көтөрүлүп, жаны жыргап эле калгансыды. Магдырап баратты. Чоторго көзү түштү. Бир тутамга жетиптир. Анан акчалар чоңоюп бараткансып күлкүсүн келтирди. Эч себепсиз күлкүсү келгени кызык! Отургандар да «Беломорду» кыдырата бир-экиден сорушту. Ашым дагы самады. Бирок, алардын берер түрү көрүнбөйт. «Сыйкырдуу „Беломор“» деди Ашым ичинен. Дагы береби деп кылчактап күттү. Буденный мойлоодон башкасы бирөө менен иши жок, жеп жиберчүдөй карталарына тигилишип, карталары жарылып кетчүдөн бетер акырын жылдырышып, анан ошерден калы уча каччуудай көздөрүн жүлжүйтө аңдып калышат.

Буденный мойлоо картасын жатка билеби, тыяк-быягына моюн созо мойлоосунан мулуюп, жаңы «Беломор» тамызды. Анан жетим балача «Беломордон» көзү өткөн Ашымды байкады.

— Экиден ашык сорбо, баарына жетсин, бу «Беломор» ансыз да тартыш,— деп көзүн кысты. Ашым сөз кайтарууга дарманы келбей, уурту жайыла ыржалактап, лып «Беломорду» алды да, эки ирет узак-узак соруп кайтарды. Чиркин дүйнө! Ушу «Беломорду» мыпдай укмуш деп иттин оюна келиптирби?!

Канча отурушканын ким билсин, бир маалда Буденный мойлоо:

— Түн ооп кетиптир, балдар, оюндун азы жакшы, кыздын тазы жакшы, кайталы, балдар! — деп байпагындагы акчаларды санап кирди. Калгандары да ошентишти.

— Эсеп так чыксын үчүн сен да сана, Ашым! — деди Буденный мойлоо. Чотор жүз элүү беш сом экен. Ошону санаганга араң кудурети жетти Ашымдын. Тигилердин бажылдаганын түшүнбөдү. Чацкылдап эле сары чийкилдин үнү чыгат. Сыягы көбүрөөк уттурса керек. Ашым ушинтип ойлоду. Эсеп-кысап бүткөн соң өңү кыйла кубарган сары уттурганы ичин тызылдатканын калп эле билдирмексен болуп, баары бир менин милдетим дегендей, ыргылжың козголуп, стакандарды кайрадан толуктады.

— Аттанаар аяк,— деди эми гана уйкудан ойгонгонсуп, көңүлү көтөрүңкү Жаныбек казы (ал да уткан го, антпесе Буденный мойлоодон озунуп сүйлөбөстүр) стакан кармаган колун бийигирээк көтөрүп.— Келген кадамга ыраазы болгула, балдар! Дүнүйө колдун кири, бир келет, бир кетет. Утканга сүйүнбөй, уттурганга күйүнбөй (утканына өзүнүн маашырланганын жашырууга аракеттенип), ким болбойлу, каерде жүрбөйлү, ассолому алейкум, алеки саламдан айрылбайлы!

Анан Ашымга айтаар бир сөз: насип буйруп бизге кошулупсуң, Акмат да мактады, мактоого арзып жүр. Бир келип кеткендей кептер эмессиң, бизге келиш да, кетиш да арзанга турбайт, акылдуу жигит көрүнөсүң, калганын түшүнөсүң. Жаныбек казынын бейбаштыгына жини келдиби же тантык сөздү токтотмок болдубу, айтор Буденный мойлоо анын оозунан сөзүн жулуп алды.

— Кана эмесе, балдар! — деп эч кимди күтпөстөн аракты алып жиберди. Ошондо гана кызууланганын сезе Буденный мойлоодон күнөөсү үчүн кечирим сурагандай, аны жалт карай элдин эң акыры Жаныбек казы көтөрдү стаканын...

Ошентип, отуруш бүттү. Акмат экөө келатканда «Беломордун» сыйкырын сурады.

— Жактыбы? — деп мурдунан күлдү ал.

— Жакты.

— Мурда чекпегенсиңби «Беломорду»?

— Жок.

— Койчу?

— Чын.

— Ким кошкон?

— Жаш балача сурайсың да, ким кошмок эле, чеккендер кошот да. Кандай экен наша?

— Жыргал го жыргал. Анан нашаны жаман, зыяндуу деп жүрүшпөйбү?

— Ал мышык майга жетпей «сасык» дегендей кеп да.

— Өкмөтчү?

— Өкмөт кайсы бирине жеткирет нашаны? Чеккенге эмес, дары жасоого, химияга таппай атпайбы.— Ашымга караганда көптү билгенине маашырланып, мадыра башка түшүндүргөнсүп көтөрүлө сүйлөдү Акмат.

— Ой, Тообо!

— Ошондой, дос!..

* * *

Мурун болгоолоп жүрсө, эми анын чындыгынан шек санабайт. «Сойку Ашымдын башын айлантканы анык! Кандай бузуку болду экен?..» Дилбар өлүк сымал кыймылсыз, көздөрүнөн мөлтүлдөп аккан жаш кулагына сарыгып, анан жаздыкка сиңип атты. «Заманың курусун, ээй, айдай жигит эмес беле?..»

...Пахта теримде жолугушкан. Анда Дилбар онду бүтүп, кыздар бригадасына кошулгандын экинчи жылы. Шыйпанда кечкисин өзүнчө майрам. Термечи жаштар топтошуп, бийлешет, ырдашат. Ашым бийге чыкырган, Дилбар аны көргөн

эмес, кайдан келе калганын да байкабаптыр. Ыманы ысык жигит экен, экинчи сунушун да кабылдап бийлеген Дилбар. Жөн жай, аркы-беркини сүйлөшкөн болуп тарашкан. Өзгөчө эсте калаарлык эчтеке болгон эмес ал кечте. Дилбарга ошондой сезилген. Бирок, уктаар алдында баягы жигиттин элеси көз алдына тартылган: узун бойлуу, кең далылуу, тегерек бет, ак жуумал жигит. Коюу кара чачы, чоң кара көздөрү, жылмайганына төп келген көзүнүн үстүнкү кабагында бир чекит калы...

Дилбардын жүрөгү зырп эткенсиди. «Бул эмнеси? Бойго жеткениби? Ушуга чейин жигит тандоо, сүйүү, турмуш куруу тууралу ойлонбогон окшойт? Же ошол сезимдер кечигип эми келдиби?..»

* * *

Оо, андан бери канча өткөнү Ашымдын жадында жок. Эсиндегиси: андан кийин да көп-көп отурушту го! Чотору миң сомдон ашып, быйыл кышта кызып-кызып, Ашым да «гаспадинге» кошулган. Ошого чейинки өмүрү Акмат айткандай, «пустой» өткөнүн ойлоп, «ата көрү, бекер эле үй күчүк болуп жүрүпмүн» деп арман кылган. Кийин чоторун уткуруп, оюндан чыгып калды. Ошентип, же оюнда жок болуп, артыкбаш телмирип отургандын бир күнү кокусунан Дилбар эсине келди. Аны көп аяды, айтпаса да түшүнүп эле келди. «Болду, мындан кийин таштадым отурушту» деп өзүнө өзү нечен жолу убада берди. Бирок, кайра ишембиге жеткенде эле эрки тайып... «Хватит» деди ичинен. А тышынан:

— Кечиргиле, жигиттер, отурушка экинчи келе албайм,— деди.

— Кой антпе, эси жок,— деди Акмат шашып.

— Чыдаганга чыгарган,— деди Буденный мойлоо.— Отуруш оюнчашак эмес, биздин сырды билип алып кетейин дейсиңби?! Ага жол жок, көпчүлүктүн абийири кеткиче кишинин шейит кеткени жеңил. Ушу сен кыгыбынын ити болуп жүрбө? — Ашым жакка обдула чөгөлөй калды.— Анда азыр ишиң бүтөт.

Ашым коркуп кетти. Төбө чачы тик туруп, эмне кылаар айласын таба албай алдастады. Бу иттерге теңелиш каяктан? Көздөрү иттин көзүндөй канталаган немелер кудайдан коркобу? «Ык» дедирип коюш буларга чымын өлтүргөндөй кеп да!

Ашым бөөдө кырсыктан кутулууга жан далбастады.

— Кайдагы кыгыбы, аке?! Мен тек гана, же ойпой албасам?! Чыккынчылык, кудай бар го, түшүмө да кирген жок.

— Эмне күч келди сага? Мейман деп же аракка же нашага пул төлөткөнүбүз жок. Ойлоп сүйлөсөң боло, Ашым! — Жусуп арага кыпчылды.

— Ушундан чыксам эле кутулуп кетем деп ойлобо, керек болгондо адамдарды катындарынын коюндарынан да сууруп чыкканбыз! Кана айт, кетесиңби же каласыңбы? — Буденный мойлоонун алайган көздөрүнөн чаар чымын учту.

— Калам,-- деди Ашым оозу бош.

— Ушундай дейм да.— Сары чийкил аралашты.

Ашым ичинен түйшүккө түштү. Ар ойногондо миң, эки миңден уттуруп, башкасы утуп, көздөрү канга толуп, уттургандары чыдабай итче ыркырашып барып токтогон нечен отуруштар эсине түштү. Деги кайдан табышат мынча акчаны? Ата насаатындагы ак жолунан адашканына, эми булардан оңой кутулбасына ишенди...

Ашым адаттагыдай чоторчу, алар картанын кызыгында. «Буденный мойлоо» тууралу Акматтын айтканын эстеди.

— Икрамдан абайлап жүр, ал жакшыга жакшы, жаманга жаман, ал жөнүндө бейтаанышка оозуңадан сөз чыкса угулбай койбойт. Жаман айтсаң кутулбас куяга кабыласың, атасын да аябайт.

— Үй-бүлөсү барбы?

— Бар, үчүнчү катыны менен жашайт. Биринчиси оорулуу болчу байкуш, о дүйнө кеткен. Айтмакчы, бир ичкинчиликте Икрам жаман катындан кутулуунун жолун бизге үйрөтүмүш эткен. Сыягы, өзү ошентсе керек? Антпесе күбүң-шыбың чыкпайт эле айылда.

— Кандай күбүң-шыбың?

— Бейажал өлгөн окшойт.

— Кантип?

— Анысын ким билсин, бизге үйрөткөнүндө кытыктуу катындан кутулуш оңой деген. Андайды керебетке жаткырып, колу-бутун таңып коюп, кытыктай берет экенсиң, айрыкча таманынан, акыры өлөт имиш. Ким өлтүргөнүн ит да таппайт имиш...

Ашымдын денеси дүр этип, башын чулгуй көтөрө «Буденный мойлоого» теше тиктеди. «Кан ичээр» деди ичинен. Анан башы айланганын сезди. Көзү тунарыктап, көңүлү да айланды. Эмнеден? Эмнеденге көзү жетпей, «сыйкырдуу «Беломордун» күчүнөбү? же бул жыттан да сасык чыгып жаткан тигилердин ыплас сөздөрүнөнбү?» деп түшүнө албай башы маң. А чын эле тиги канкор «Буденный мойлоонун» тез өлөйүн десе наздуу кыздай зарыктырып ажал келе койбой, өлбөшүнө көзү жетпей (себеби тозоктун торуна чырмап алып, «Буденный мойлоо» жан-алын калтырбай кытыктап

атса) көкүрөккө кере тарткан бир деми мына-мына түгөнүп, өңү көгөргөндөн көгөрүп, акыры деми түгөнгөндө карарып, «апа» деп айтууга кудурети жетпей, аны айтууга зар болуп, акыры алайган көздөрү чанагынан чыгып, тирүүлөй тозокко түшкөн «Буденный мойлоонун» жалган дүйнө менен армандуу коштошуп, көз көрүнөө акыретке жол тарткан аялына боор ачыгандан башы тегеренди окшойт?

«Канкор»,— деди ичинен, а сыртынан «лам» деш кайда?! Чоторго көзү түштү. Арам акчалар ого эле көп болуптур. «Мунун мага бир тыйынчалык, сокур тыйынчалык кереги жок. Арам пул ушу арамдарга буюрсун! Эмки келгенде өздөрүнө уткуруп кутулам. Кудайдан үмүтү жоктордун өздөрүнө уткуруп кутулам» деди ичинен. Деги ушу «ичиненди» жараткан Алла жакшы ыйгарган тура пендеге! Ичинен эмнени ойлогонуңду, сүйлөгөнүңдү, а тургай сөккөнүңдү бир жан сезбейт. Буга пенде миң мертебе ыраазы.

— Эй! — «Буденный мойлоонун» айкырыгы Ашымдын эсине келтиргенсиди. Ал «дагы эмнеден жаза тайдым?» дегенсип, «Буденный мойлоого» жалдырай карады. Бирок, анын Ашым менен иши жок, Жусуп экөө тирешкен окшойт?

— Өзүң жөн ойнобойсуңбу?! — деди Жусуп каны ичине тартып, таноолору кыпчылып.

— Кыссаңчы, эшек!

— Эмнеге кысам?

Ошондо былч этип «Буданный мойлоонун» чоң муштуму Жусуптун жаагына урулду. Ал ооп барып дасторкондун четине күп түштү. «Буденный мойлоодон» башкасы тура калышты. «Ушу итти иттей токмоктошкой эле» деп күттү Ашым. Бирок, алар антпеди. Тек колдору калчылдап, өңдөрү кубарып, «Буденный мойлоого» кол кайрууга батынбай, Жусупту тургузуудан да чочулашып, ичтеги заарын чыгара алышпай «Буденный мойлоону» «окутушка» кудурети жетпегенине заманасы куурулуп, аны жеп жиберчүүдөй теше тиктешип, кандары ичине тартып бир дем турушту. «Буденный мойлоо» Жусупту чачынан тартып, ордуна отургузду. Бечара уйкудан жаңы ойгонгонсуп, айланасына бүшүркөй карап, аз-аздан түшүндүбү, көк жыттаган эски дубалга чалкалай жөлөнө оор үшкүрдү.

— Отургула.— Эч нерсе болбогондой «Буденный мойлоо», тигилер ушуну гана күткөндөй лып-лып отурушуп, картаны көңүлдөрү үч көчкөн журттай жерип, эч болбосо бүгүн ушуну менен токтотсок деп тилеп, бирок өздөрүнүн чабалдыгын «Буденный мойлоого» билдирбеске калп эле карталарын кармалашат.

«Буденный мойлоо» Жусуптун каадалы адам сөрөйлөнүп

баш көтөргөнүнө ичинен кыжырданып, тартипти бошоңдотуп, буларды кыйла эркелеткенине өкүнө «ушу азыр чекелерине муш ойнотуп, акелерин таанытсамбы?» деп, бирок Жусупка жан тарта тигилердин тура калышканына сестене, нары булардын эртең да өзүнө керектигинен, ушулардын эсебинен тиргилик өткөргөнүн мойнуна ала оң колунун ачуусун сол колу менен тыюуга аргасыз. Анан тишин тишине баса анткор жылмайды.

— Кечир, Жусуп, бу кысталак, ит мүнөз калбайт тура, ушинтип эле күн өткөн сайын нерв козголуп баратат, иттигимди кечир, Жусуке! — дегенде Жусуптун эмелеки жетим баладай бозоруп, Икрамды чымынчалык аябастыгын, «жеп» гана коймоктугун, бирок ошенте албаган алсыздыгына заманасы куурулуп, тиги итке окшоп зоңкоюп төрөлбөгөнүнө арманы күчөп, бу жалган дүйнөдөн ушу чабалдыктын торунан чыга албай көрүнгөндөн кордук көрүп өтөөрүнө кейигени тарагансып, «Буденный мойлоонун» жибигенин өзүнчө түшүнө: «мен да киши окшойм, ушулардын арасында салмагым болбосо, тиги өлүп кетсе жумшармак эмес, анан менден ажыраса айына миң сомдонду о дүйнө кеткен атасы жөнөтүп турмак беле?» деп көңүлү кыйла жай алгансыды...

* * *

Жолдо келатканда Ашымдын көңүлү удургуп, эмелеки «Буденный мойлоонун» жоругу мээсин мыжып, ушунчадан бирди жарымы «Буденный мойлоого» ыкыс көрсөтө албас мажүрөөлүктөрүнө, бирине экинчисин кор жараткан тар дүйнөгө кейип-кепчип, ошондон сарасеп салбай алдыда коржоктоп бараткан Акматтын апкытын эки ирет басып, токтоно албай жыгылаарда Акмат кайрылып шилиден тартты.

— Ой, көзүң көзбү же постектин тешигиби? Жедиң го бутту, алдыга жүрчү, кудай жалгагыр!

— Ичим бышып чыкты, Акмат! Ушулардан кутулаар күн болобу?

— Өлүп кутулбасаң, тирүү кутулбайсың.

— Сага түшүнсөм өлөйүн, өзүң аз келгенсип, мени неге илээштирдиң бу жер куруткан түгөттөргө?

— Ошолорду мен сагынып турупмунбу? Көрөйүн деген көз желкеде, «Будённый мойлоого» жипсиз байланып, кайсыны айтайын, арман аттын башынан чоң. Сени эш тутканым чын да, экөөбүз эш болбосок, арман-асыретти ким угат? Ким коргойт биздей бечараны?

* * *

Дилбар акырындап көз жашынын басылганын сезбей, кабатырлыгы тарап, бара-бара унутулуп, жаштыгына сүңгүдү. Ошонусу түзүк, сасык сары санаадан ажыркы күндөрү жүдөп, кичинекей неме андан бетер чүрүшпөдүбү!

...Терим бүткүчө ар күнү кеч бийлешчү. Теримде жүрүп Ашымды сагынганын эстегенде аны башкалар да туйгансып, бети албыра уялчу. Анан анын сабырдуулугуна таң калат. Кыздарды жийиркенткени көбүнчө жигиттердин жеңил мүнөзү. Кээ бири таанышуунун эртеси эле кучактоого, анан өбүүгө ашыгат.

Дилбар мурдагы ушундай ойлорунан кээде баш тартып, ал тургай Ашымдын бир кучактап коёрун эңсеп, анан аша чапканына тилденет...

Дилбар ойгоолугун билдирбейм дегенин унутуп оодарылып, чалкасынан жатты. Зордоп жумуп жата берип көздөрү талып, оң ныптасы сенек. Мына эми аз-аздан колу-буту чымыраганы жазылып, бир демге ыракаттанды...

— Дилиш! — Ал акыркы күндөрү ушинтип айта турган.— Кайсы окууга барасың (кайсы окуусу ага баары бир эмеспи, тек келерки жылы окууга кетээр-кетпесин билгиси келсе керек)?

— Иштейм, алтынчы класста иним окуйт, менден башка караары жок.— Дилбар кайдагыны эске салганына улутунуп алды. Анан баары бир сурайт да дегендей өкүнүчтүү унчугуп, ата-энесинин оорудан жаш кетишкенин, караары жоктугунан иниси экөө абасынын бир бөлмөсүндө жашап калышканын, эми эптеп иштесе инисин элден кем кылбай кийинтип окутуу эң башкы максаты экенин айтты. Жигит үндөбөй, жашоо шартын, тууган-уругун мурда сурабагандыгына оңтойсуздады. Мындайды күтпөгөн, ал башканы ойлоп, Дилишке сүйгөндүгүн кантип билдирүүнү, ниеттери келишсе баш кошсокпу деп, ушу маанайда сөз козгогусу келген. Айта албай бушайман чеккенинин дагы бир себеби өзү бар болгону чайканачы. Жеке сезиминде бул ыйык ич атасынан калган мурас. Ыйыктыгы ушу — эртеден кечке атасы урунган пиала, чайнектерди, башка идиштерди кармайт, ар бир урунган буюмда ата колунун ысыктыгы сезилгенсийт, демин эш тутат. Ушулар аркылуу ар күнү атасы менен жолугуу, анын кыт-кыт күлгөнүн, аяр басып чайлашын отурган таанышгарына аския агытканын кадимкидей көз алдыга тарткан бул чайкана Ашым үчүн ыйыктын ыйыгы.

Башкаларга ата мурасына шылтоолоп, иниңдин улуулугун кантип далилдейсиң? Аларга бир чайканачысың да! Муну

Дилиш укса бырс күлүп басып кетээр?! Ушундан корккон. Азыр жигиттен көп неме жок. Арасында окумуштуусу, чондору, астында машинеси арылдаган шылуундары канча?! Чекесинен черте тандап, каалаганына турмушка чыкчу заман.

Алар Ак-Бууранын жээгинде унчукпай ар ким өз ою менен жай басып баратышты. Кеч күз. Ак-Буура жайындагыдай күрүлдөп-шарылдабай тартылып, кип-кичинекей бир арык суу...

* * *

Ал ичинен оор үшкүрүп, кирпик кага албасына көзү жетти. Таң да агарып калган. Дилбар ойгонбосун дегендей, аяр козголуп, шыбырт чыгарбай, ушу демде өз үйүндө өзүн уурудай сезип, этияттана кийинди. Эшикке умтулуп баратып, артына кылчая катып калды. Эки уулу эгиз козудай бөйтөйүп, ысылагандан шейшепти тээп салышып, бир оң, экинчиси сол колун жаактарынын алдына басышып, бейкапар уйкунун кучагында. Эки аттап жете бөйтөйгөн наристелерин кумары канганча жыттагысы келип, буга дейре балдарын жыттап көрбөгөндөй, аларды ушу азыр биринчи байкагандай кумарланып, бирок Дилбарды ойготкусу келбей (оюнда Дилбарды азапка салбайын деп), балдарынын жытына зарыга каңырыгы түтөп турду. Заманы куурулуп, уулдарына чейинки эки аттам аралык асман менен жердей алыстап, аттиң, бири кем дүйнө деп эзилип, таш эстеликтей балдарынан көзүн тарта албай өлүктөй катты. Муун-жүүнү бошошуп, ушу азыр өкүрүп-бакырып, ичиндеги бугун тышка аңтара өксөп, жаш балача ыйлагысы келди. Дилбардан сай-сөөгү сыздай жашыргандарын мөндүрдөй төккүсү келди.

Антүүгө дарман кайда! Ага Дилбар чыдабай калсын! Ботодой боздоп колу-бутуна оролошуп, эшикке чыгарабы! Анда жолдоштору «Эй, катын-параз! Катын-параз эмей эмнесиң? Ошон үчүн эркектерче чыга албайсың» деп бетине түкүрмөк.

Анан көптөн бери алыста-алыста аалам кыдырып, үйүн сагынып келген адамча айланасын сыдыра карады, өзү турган кире бериштен эки бөлмө тең даана көрүнөт. Бирөөндө ааламдан бейкапар бөйтөйүп уктап жаткан уулдары, сары санаадан эзилип, чарчап-арып айласы түгөнүп, дарманы куруганда жана эле үргүлөп кеткен Дилбар.

Ушу торгойдун уясындай чакан үйдө жашап өткөргөн бейбапаа күндөрүн эстеп, ошо бейпил турмушунун баркына жетпей, колдон учкан куштай жоготконуна арман кылды. Дилбардын жөтөлгөнү аны ойготконсуду. Чыгып баратып

дагы кылчайды. Доош чыгара албаса да, ичинен «Качан көрүшөбүз, мүмкүн көрүшпөй калаарбыз, жакшы калгыла, менин бейтаалайларым! Балдарга баш-көз бол, Дилбар! Ушу наристелерди кемсинтпей чоңойтсок дечү элем, айла канча?!» деп акырын чыгып жөнөдү.

Чайкана Кыр-Арыкта. Кыр-Арык Оштун күн чыгыш тарабындагы жөлөнүштө — Алай жолунун башаты. Ак-Буурадан бөлүнгөн бир чоң арык суу ушу кыр менен өтөт. Суунун үстүнө салынган чайкана. Сууну Увам деп коюшат. Ошто чайканадан көп неме жок. Бу чайкананы Увам боюндагы чайкана дешет. Түпкүлүгү ошондойдур? Демейде чайканасы көп деле айтылбайт, тек «Увам боюнан чай ичебиз», «Увам боюна кеттик» дешет.

Увам чайканасы ачык болсо, анда таң заардан чай иччүүлөр — алайлыктар. Алар Ошко автобусту көп күтө беришпейт, ала баш «ЗИЛдер» менен келишет. А «ЗИЛдер» кеңиричилик. Карыкка каттаган жүздөгөн «ЗИЛ» күнү-түнү кумурскадай жаны тынбайт. Алар ала келген алайлыктарды Увам боюна түшүрүшөт. Алайлыктардын Ошко бут таштагандагы бисмилласы ушу чайканадан башталат.

Ашымдын атасы эртелеп жөнөгөндө аялы «атасы, бу таң атпай каякка?» десе, «барайын, балдардын энеси, биз го жылуу үйдөбүз, тиги алайлыктар үшүп калышпасын» деп тамашалачу. Тамашага окшобой чын пейилден айтылгандай туюлчу. Алайлыктар базар-учарын бүтүрүп кайтканда да түйүндөрүн көтөрүнүп, көбүнчө базардан жөө-жалаңдап чарчай чыгып, айрыкча күн суукта бу чайканага бир тиймейин кетишпейт. Камтууга келбей үшүгөн колдору жылып, чыйрыккан бадандары жазылганча чай ичишип, качан бешенелеринен чыпылдап тер чыкканда гана кетүүгө козголушат. Тыйынын төлөп ичсе да, бекер ичишкенсип «ыракмат, кем болбоң, ылайым балдарыңыздын күнүн көрүң!» деп ыраазылыктарын айтып кетишет. Ашымдын атасы да ушуну гана күткөндөй, көңүлдөрүн алганым чын болсо, ушу бей-бечара, ниетинде кири жок букаралардын сообу тийсин уулума деп ичинен элжиреп, «жакшы баргыла, дагы келип тургула» деп колун боорона ала жадыраң-жайнай узатчу. Чайканага адам көп келсе жарпы жазылып, чечекейи чеч болуп, кырс-кырс күлүп, аскиясын күчөтөөр эле. Ушулардын кыйласы Ашымдын көз алдында өткөн.

Ашым бүгүн таң атпай чайканасын ачып, самоорго от койду. Таңдын атканы качан! Тек, маалынан муруп ачса ошентип коёт эмеспи элде. Чайнек, пиалаларды көрбөй жүргөнсүп, ар бирин аяр кармоо менен жуп-чайкап, этияттай тизди. Атасынын ыйык буюмдарын кир колу менен

кармагансып, көңүлү жипкирди. «Ырас эле ошондойбу?» дегенсип, колун жууду. Баары бир көңүлү жазылбады.

— Ассалоому алейкум! — Күтүүсүз үнгө Ашым чочуп кетти. Эки аксакал жайкала басып, бактын төрүндөгү чарпаяга өтүштү. Ашым чай демдөөгө шашты.

— Бу эрте ачыпсыз го, Ашым?!

— А-а, эрте ачтым, ава! — Алардын ким экенин тааныбады. Сыягы, мурда келип жүрүшкөн алайлыктардан го деп ойлоду.

— Туура кылыпсыз, биз Алайдан келатабыз, ачыкпы же жабыкпы деп бурула калдык. Зап гана бурулуппуз да! Чайдан бериң, уулум! — Бейкапар бакылдады ноопуруш аксакал. «Аттиң ай! Көңүлдүн тынчылыгына не жетсин!» деп ичи тыз этти Ашымдын.

— Атаңа ыракмат, балам! Атаң жакшы адам эле, раматылык! Мээнети текке кетпептир, атаңызды куп гана тартыпсыз. Ыракмат, балам! Атанын баласы ушундай болуш керек! — деп алкады чокчо сакал чүкчүйгөн аксакал. — Бата алууга жарасаңыз, мындан ашкан соопчулук жок, балам!

Ашым чайды жеткирүүгө араң жарап, артына бурулду, ушу жөп-жөнөкөй алкоолорго татыбаганына арман кылды. Жан дүйнөсү дүргүп, бир нерсе айтып жибере жаздап барып чайналды. Чай кайнатчу бөлмөгө бут сүйрөп эптеп жетти да, лак эте отурду. Узакка отурду. Аксакалдар чайлашып бүтүп, баталарын берип чыгып кеткендерин да байкабады.

Атаганат, арман ай! Лепилдеп чай демдеп, ушинтип келгендердин батасын алып, бала-чакасы кашында, эптеп эл ичинде жүрсө болбойт беле?! Атасынын арбагы да эки дүйнө кечире көрбөс!

Кимгедир кыжынып, каны ичине тартыла ачууланып, күрөө тамырлары көөп, тиштери кычырап кетти. Сүйлөп жаткандай эриндери арбаландап, бирок нымым үн чыкпай, башын чулгуп-чулгуп алып, жаны чыгып бараткансып, чыдай албай полду муштап-муштап алды. Ушу мээнетке чалдыккандын алгач күндөрү көз алдына элестеп итатайы тутулду. Арман ай, арман!..

* * *

Дилбар билинер-билинбес дирт эте чочуп, капылеттен баягы жаман ой кайдан-жайдандыр чагылгандай чартылдап, эмелеки жанын сеп алдырган жаштык элестеринин ташын талкандап өттү. Мына дагы башталды.

Артынан көлөкөдөй илээшип, күндүз тынчтык, түнү уйку бербей, мээсин, акыл-эсин мыжып жеп, акыркы күндөрү

жанын жай алдырбас болду го! Башы ооруп, чыкыйы чытырап чыкканда жанын коерго жер таппай, мээме кан куюлуп кетеби деп коркуп, жаны кашайганда кан куюлмактан куюлсун, өлүп кутулайын ушу балаадан деп жандан кечет бечара. Же мээсине кан куюлуп кетпей, же жайына койбой, Ашымды жакалап, ажаан катындарча өкүрүп-бакырып, бир чатак чыгарып, көкшүнүн суутайын десе, намыс өлгүр тизгиндейт (өлсүн ошо намыс!), анан да чатакты кантип чыгарат? Кошо жүргөнүн көрбөсө? Үстүнөн чыгып кармап албаса? Жада калса ал сойкунун атын билсечи? О түбүң түшкөн турмуш, ай! Мына дагы денеси от менен жалын! «Эмне кылсам?» деп жан алапайын таппай, башын бир чулгуп, онтоп-онтоп алды.

«Кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп коюп, төө көрдүңбү, жок, бээ көрдүңбү, жок» Дилбардын заманасы куурулуп, ич дүйнөсүнө түшкөн алааматтан, алаамат эмес эле кадимки тозоктон бейкапар көшүлүп уктаганын карабайсыңбы Ашымдын?! Негедир адаттагы коңуругу жок. Ичпей келгенден го? (Ашымдын эбак туруп кеткенин чарчаган бечара байкаган эмес). Деги турмуштун кызыгы көп кошойт? Кыз-жигит ымаласы келишип, турмуш жолун аттарда «жаным, бу дүйнөдө сенден бөлөк кымбатым жоктур, кааласаң жүрөгүмдү сууруп берейин, сен үчүн сууга чөгөйүн, отко күйөйүн» деп жалынып-жалбарып, анан мүдөсү ишке ашканда «мына эми сен ким, мен ким? жуурулушуп бир кишибиз, жаныбыз бирге» деген жакшы сөздөрдү кимдер айтпаган? Көрсө, кандай жуурулушканына карабай, ар бир пенде дегендин ички дүйнөсү башка-башка тура!

Коңуругу демекчи, акыркы эки айда ошонусу да күчөп, Дилбардын келип турган уйкусун безитип, жанына батканда батып, сөөгүнө өтүп баратат. Жанагысы бир тан, мунусу бир тан. Ошо экөө кошул-ташыл болуп, акыры жеп тынат окшойт? Коңуругу элдикине окшосо бир жөн. Күрүлдөп-шырылдап, үйдү жарып жиберчүүдөй күчөп, анан бара-бара сээлдеп, кыйылдап, кудум өлүп бараткансып кыйкылдап барып, дымы чыкпай калат. Алгач Дилбар өлүп калдыбы деп шарт тура калып, колдорун кармалап, жүрөгүн тыңшачу. Өлбөй эле тээ бир маалда «кар-р-р» этип жарылат. Анан ох-ох этимиш болуп оңолгонсуйт, анан кайра башынан түшөт.

Кийинчирээк мындайдан өлбөстүгүнө ишенсе да, адам деген адам экен, нечен жолу тура калбады дейсиң! Ит жандуу адам чыдай берет тура! Ит жан эмей эмне? Нерви чыңалып, тиштери кычырап, мындай кыйноодон сай-сөөгү сыздап, акыры чарчап-чарчап түн оогондо көзү илинет. Тиргилик деген тиргилик да! Ал уйкудан калганына токтобойт. Адам

болгон соң, анан да аялсың, таң заардан уйкулуу көзүңдү жыртып, бүткөн боюңдун өлүп-тирилгендей оорлошконуна, жанчылганына карабай, гөр тиргиликти улантышың керек. Анан адам ит жан эмей эмне? Кайра өзүнө-өзү каршы болуп, кайдагыны ойлогонуна көңүлү ооруп, Ашымга кымындай жамандыкты ыраа көрбөй, жылуу сезимде жүрүп, анан эми эле ушу бүгүн тынч уйкусуна ичи тарыганына уялды. Таң сөгүлгөндө гана көзү илинди...

* * *

«...Өлсүн ошо ажайып дүйнө!» Ашым буту тээп түшүргөн пиаланын тарс эткенинен эсине келди. «Баары ошо ажайып дүйнөнүн бир ыплас бурчунан башталбады беле?» деп наарасы күбүрөңдү. Ыргылжың козголду. Самоор шарактап кайнап аткансыйт. Бүт денеси жанчылгандай оорлошуп, иленсалаң басты. «Өлсүн ошо ажайып дүйнө! Баары ошо ажайып дүйнөнүн бир ыплас бурчунан башталбады беле?» Ал отту тартып, чайнек, пиалаларды максатсыз ары-бери жылдырымыш этти. Эмне иштегенин өзү ыпым сезбеди. Дагы жаңырды кулагына «Өлсүн ошо ажайып дүйнө! Баары ошо ажайып дүйнөнүн бир ыплас бурчунан башталбады беле?» Бул өзүнөн өзү каңгыраган башында кайра жаңырды.

— Ассалому алейкум! — Бул үндү Ашым алыстан-алыстан же жер түбүндөгү терең кудуктан эптеп-септеп уккандай болду. Үнгө маани бербеди. Бирок, ошо замат бирөө күндү тосконсуду. «Кандай неме күнгө асылган?» деп ошо күнгө асылганга сес көрсөтүүгө башын көтөрдү.

— Ашым аке, жакшысызбы?!

Көзү тунарыктап барып, анан маңдайындагы баланы көрдү. Ага кол берип учурашкан болду. Бирок, аны тааный албай бүшүркөдү. Кайсы бир өңү тааныш бала. И-и, эстеди: атасы чайканачы, атасына жардам берип чуркап жүрчү бала. Кайсы чайканачы эле?

— Ооруп атасызбы, аке?!

Ашым эми гана манас уйкудан ойгонгонсуп, көздөрүн ирмеп-ирмеп:

— Кичине табым айнып, чыйрыккансып турам. Жакшы келбединби, үкөм! Кишилерге чай узата турасыңбы, үкөм?! Ошентсең мен бир аз эс алайын.

— Куп болот, аке! Түшкө дейре бошмун, сиз беймарал эс алыңыз,— деп бала шыпылдап, ошо замат ишке кириштти. Чайкана ачылаар мезгилде бирин-серин чайкорлор келе баштады. Ашым балага карап «зап гана келипсиң» деп ойлоно басып, далдаадагы отургучка көчүк басты. Саатын карады,

«тогуз болуптур, бар болгону бир гана саат калыптыр, бир гана». Ушуга чейинкидей күйүп-бышпай, кацырыгы түтөп, ичи тызылдап ачыша арман кылбай, негедир ааламды сел алса тоотпочудай, өзүнүн эмелеки таш-пиши да эсинен чыккандай, деги эле андайга туш болбогондой отурду. Башы гана салмактана ооруйт. Мына жаны кичине сеп алмак болгондо ичи тыз этип, көз алдында дагы баягы короо...

Ашым селт эте чочуп, саатына карады: тогуз жарым. «Дагы жарым саат калыптыр, жарым эле саат. Анан бүттү». Атасынын ушу күндү көрбөй кеткенине «шүгүр» деди. «Байкуш азап чегип, бейажал өлмөк...»

...Бир дем алыш күнү чайкананы ичинен жаап алып, Икрам-баягы «Буденный мойлоо» экөө «гаспадин» тартышты. Акча жок, көцүлдөн аванс катары. Бирок, утулганы төлөп берүү жигитчиликтин касамында. Ашымга кол келип, лыпылдатып утуп атты. Икрамга байкатпай көз таштаса утук (жыйынтыгын дептерге жазып турушкан) беш миңден ашыптыр. Жаман оюнда утукту чыгымдоонун планын да түзүп жиберди: жетсе машине алат.

«Буденный мойлоо» «Беломор» тутантты. «Бая эле ошентпейсиңби!» деди ичинен. Ашым көцүлүндө «Беломорду» аябай эцсегенин сезди. «Беломордон» соң Ашымдын башы тегеренгенсиди, көптөн бери тартпагандыкы го. Бара-бара көцүлү көтөрүлүп, картаны март-март ойной баштады. Бирок, колу бузулду. Утук көздөн кайым болуп, эми утула баштады. Утулушту санашка жүрөгү даабай, мына азыр жандырам деп ойной берип, утулуш жүз кырк миңге жеткенде көзү умачтай ачылып, колдорун калтырак басты. Ошондо «Буденный мойлоо» баш көтөрүп:

— Дагы уланталыбы же? — деди. Анан табалагандай мыйыгынан жылмайганы жанга батты. Улантпаганда айласы канча?

— Ойнойлу,— деди Ашым тамагы буула каргылданган үн менен.

— Ашым, күн кечтеп баратат, дагы бир саат ойноп, болду кылалы.

— Куп болот,— Эми Ашымга баары бирдей, эптеп жандырыш керек.

Бир саат ойношту. Ашымдын колу оцолуп, жыйырма миңге чейин жандырды. Кайра колу кайтып, карызы жүз отуз миңге жеткенде оюн токтолду.

— Хоп, Ашым, жакшы кал. Баса, канча убакыт сурайсың?

Ашым кепке даяр эмес эле. Каны бетине дүргүп, эриндери эпке келбей дирилдеп, колдору калтылдап, «ба-а» деп бакырышка аз калган. Бар күчүн жыйнап:

— Азыраак ырайым кылың, Икрамжан! Анан бир апта берин!

— Макул, отузун кечейин, жүз миңин кийинки аптанын жума күнү ушерден санап алгандай болоюн,— деп шарт бурула машинесине отуруп, зуу койду. Ашым турган жеринде селейип катты. Эртеси Акматка арызданды.

— Бекер кылыпсың,— деди ал,— сага карта ойногонду ким койду? Эми таап берип кутулбасаң, шорун куруйт! Икрамдын ким экенин билесиңби? Үч ирет түрмөгө отуруп чыккан. Менчилеп соодадан дейсиңби? Жок, эң жаман иштер менен. Бекер кылыпсың.

Ошентип, ат теппей, теке сүзбөй азапка чалынды Ашым. Төлөп берүү колунан кайдан келсин?! Кайдан табат анча акчаны? Банкени эле чакпаса? Ушундан кийин (көсөөнүн акылы бешимде келет имиш) атасынын: «Арам оокат акыры бир күнү тамакка тыгылат, бешене териң менен жан бак, балам!» дегени күнүнө он ирет эсине келет. Эми андан не пайда? Өзүн күнүнө жүз ирет, миң ирет сөгөт. Учу-кыйыры жок санаа басып, өң-алеттен кетти. Эми эч шылтоосуз өзү иччү, атасынын өчү бардай иччү болуп...

Жума күнү чайкананын алдына жүрөк үшүн алган баягы «Жигули» токтоп, андан Икрам көрүндү. Жүрөгү шуу этти Ашымдын.

— Барбы?

— Сөз уксаңыз!..

— Барбы?

— Азыр жок эле, бирок...

— Анда жүр, акылдашабыз.

Ушу «акылдашабыз» дегени жылуу угулгансыды, бир ырайым кылгысы бардыр? Ушуну ойлоп Ашым «Жигулинин» артына отурду. Эки бейтааныш жигит эки тарабынан кыса отурушту. Ашым сестейди. «Жигули» зуу койду. Эч ким үн катпайт, а «Жигули» кетип эле баратат, кетип эле баратат. Акыры Ашым чыдабады:

— Кайда барабыз, Икрам аке?! — Коркконунан «аке» деп жиберди.

— Сени жүз миңге кумарчыларга сатып келем. Алар мендей эркелетише койбос? Өлтүрөт деп коркпо! Кудай канча өмүр берсе, ошончо жыл аларга катын болосуң! — деди шашпай Икрам.

Ашым иштин жөнүн эми түшүндү. Мындай шумдукту мурда бир кулагы чалганы бар. Анын бетин салбасын!

— Мени укпадыңыз да, аке!

— И-и, эмне билгениң бар? Дагы кайсы жыландын башын кылтыйткың келет?

— Айылдагы туугандардан жардам сурадым. Алар эмки дүйшөмбүгө топтоп бермей болушкан, аке. Ошо болбосо эрк өзүңүздө, аке! — Ишенбедиби дегендей Икрамга тигилет. Икрам ойлонуп калды. Бирок, «Жигули» дагы эле зырылдап бир калыпта баратат. Ушу тыным Ашымга жылдай сезилди. Икрамдын жообун, кайдагы жоон, өкүмүн зарыгып-зарыгып күттү. «Кайтаар бекен пейилинен? Же калпымды билип койдубу?» Ашымды дагы башка сезим бийледи. «Эгер пейилинен кайтпаса, чокуга бир муштап эсин оодарам. Болоору болду, ушу иттерди кошо ала жатайын» деп каны кызыды. «Бирден акмакты кошо ала жатсак, дүйнө тез эле тазарат» деп ушу менен өзүн өзү жубаткансыды. Эки колу менен алдыңкы эки отургучтун кырын кармады, беркилер беймарал үргүлөп баратышты. «Дагы беш мүнөт күтөм» деди ичинен. Кудай жалгап ошо саамда «Жигули» акырындап, анан артка бурулду. Ашым оор үшкүрдү. Аны байкаган Икрам:

— И-и, кандай? — деп кекээрледи. Ашым аз жерден «атаңдын башындай» деп жибере жаздап токтоп, жоон бербеди.— Болуптур, мунуңа да көнөйүн. Бирок, ойлоп койгун, башка убакыт берилбейт.— Икрам сөөмөйү менен кезеп буркулдады...

...Мына бүгүн ошо дүйшөмбү! Ашым саатын карады. Он, туптуура он! Өзүнө жат шамдагайлык менен ордунан атып туруп, мээ кайнаткан аптапка карабай өжүрөсүндөгү костюмун кийип келип, кайра баягы ордуна отурду. Тойго бараткансып көңүлү ток, кайгы-капа да эсинен учту.

— Барсыңбы? — Икрам жалгыз келе жатыптыр.

— Бармын.

— Барбы?

— Бар.— Ашым токтоо, кадыресе ишенимдүү бакылдады. Икрам чайканага кирбей, бактын четиндеги бош чарпаяга отурду, көңүлү жайдары, мылжыңдап деле бейкапар. Чайкананын терезесинен Ашым аны бир саам карап турду. Анан чай көтөрүп жетип барды.

— Ашым, шашып турам, жумуш көп,— деди Икрам Ашымдын кара чечекейиндей боорукер унчугуп. Ашым Икрамга чай сунду.

— Кабатыр болбоң, Икрам аке, мына азыр! — деп чайканага кетти. Көп өтпөй көк түйүнчөк алып чыкты. Заматта колдору калчылдап, дене бою дүрүлдөп, өң-алеттен кетип, куп-куу. Икрам ага көңүл бурбады, көзү түйүнчөктөн өтүп, жерден издегени көктөн түшкөндөй жайдары жылмайды. Ашым Икрамды айлана өтүп, түйүнчөктү алдына таштады, анан айланасына көз жиберди. Адамдар бактын көлөкөсүндө жыргап гана чайлашып олтурушат, эчтемеден бейкапар. Бейпил турмуш өз нугунда улануууда. Икрам чайын түгөтүп, пиаланы койду да, түйүндү чече баштады, санап алгысы келди.

— Санаңыз, Икрамжан, санаңыз! — деди Ашым анын артынан моюнун созо карап. Түйүнчөк чечилди: таңгакталган кагаздар...

— Акча кайда?— Икрам отурган калыбында артына бурулду. Ашып узун шамшарды ошо маалда сол далынын алдына матырды.

— Мына, акча, ыплас! — Желкесинен түртө бычакты бир толгоп сууруп алды. Икрамдын «а-а» дешке чамасы жетпеди. Жүрөккө дал тийсе керек. Канга боелгон шамшарды булактатып, Ашым жолго жөнөдү. Отургандай эми түшүнүштүбү, ызы-чуу түшүшүп, четке дүргүштү. Турган машинеге отуруп, «милийсага» деп Ашым буюра сүйлөдү. Анын колундагы кып-кызыл шамшарды көргөн рулдагы киши Ашымга алаңдай карап, жүрөгү дүкүлдөп, колдору калтырап, тизелери титиреп, тилден калган өңдүү педалын тепти. Ал эми көкүрөгүнөн диркиреп кан агып аткан Икрамдын жанында адамдар топурап, дүпүрөп жүрүштү... А жеңил машине милицияга карай баратты...

УУРДАЛГАН КУУ ТАЙГАН

«Эркин Тоо» гезитинин 1992-жылы 25-январдагы санында Э. Кудайбергеновдун «Уурдалган кубакай тайган» аттуу аңгемеси жарыяланып, редакция ал аңгемени ким кантип аяктайт деп жарыя берген эле.

Куу тайган өпкөсү дамыгып, мына-мына жыгыла жаздап, бирок жыгылууну эч бир ойлобой, бүт күчүн үрөп, буттарын эптеп шилтеп атып, акыркы дем менен өлө-тала ашуунун кырына чыгып, кардын адам бою ширендисине күп жыгылды. Өргө күчүркөнө чыккандыктан көкүрөгү туз куйгандай ачышып, көздөрү электене нымдашат. Суусагандан тили оозуна батпай акактап, өзү оонап жаткан кардан бир-эки сугунууга дарманы жетпей өпкө кага бир топко дейре жан алакетке түшкөн сымал чабалактады. Куугандан кутулудум окшойт деген ойго алданып, бүткөн бою салмактана жамбашы жер тартып, көзү илинээр-илинмексен ныксырап барат. Кулагында кацырыштаган мылтык үндөрү кайра жаңырып, ушу жакын эле жерден атылгансып, куугундар жете келдиби деп чочуп,

эки жагына элеңдей өйдө обдулду. Тайбас (Ташбалта уурдап келгенге чейин эле куу тайганды Бардан ушинтип атачу) коргошундай уюган денесин акырын сүйрөп жылып отуруп, кашаттагы кара ташка жетти да, тээ төмөндөгү ашуунун түбүндөгү Ташбалтанын уюгуна көз чаптырды. Ташбалтанын боз үйүнүн тегерегинде кумурскадай аркы-терки жүргөн караандар ого эле көп. Тайбаска чейин доош жетпеген менен ал жакта ызы-чуу түшүп жатканын далысында сезди. Куугандардан дарек билинбейт. Капчыгайдын токоюнда адаштырган эле аларды. Кыязы, ошо бойдон кыбыласы түзөлгөн эмес алардын. Не бир оокумда тоо тараптан Ташбалтанын үйүн көздөй түшүп бараткан төрт атчан көзүнө чалдыкты Тайбас жазбай тааныды атчандарды. Алар Тайбастын ташталканын чыгарууга аттанган куугунчулар. Эми кичине жаны жай алгансыды. Бирок, муундарынын калчылдаганы али басыла элек. «Карылыктын белгиси» дейт ичинен сыздап. Ит эки айда бир жашка чыгат имиш. Ошо чын болсо Тайбас отуздан ашты. Бу деген ит үчүн чоң жаш.

Канчыгы боз тайгандан ажырап, боз күчүгү Жолборсту бир көрүп калуу көздөн учуп, бирок ага жетип барууга жүрөк кургур даабай (Ташбалтанын желдеттери Бардандын айылын тинтпей коебу?), минтип карыганда баш калкалаар кепеден айрылып, жок жерден кылмышка түрткөн тагдырдын жазмышына таарына эми чымындай жанын кайда катаарын билбей каңгып турду Тайбас. Кадим адамдарча улутунуп, өпкө кага солуктап, көпкө жатты ошо кара таштын үстүндө. Оо, жалган дүйнө, бирде бетин көрсөтсө, бирде көчүгүн көрсөтөт деген ушубу? Боз тайган менен Жолборстун элесинен айрыла албай, анан аларга жетпей каңырыгы түтөп, кадим наристедей жашып, мына азыр бир пулга арзыбай бараткан өткөн өмүрү өөдүк-сөөдүк тартылды көз алдына...

Адам атмайдын баарын бир катарга коюп, баарын Бардан деген чен менен өлчөгөнү итчиликтин чоң жаңылыштыгы экенин эми гана баамдагансыды. Антпесе Бардан менен түгөнгүр Ташбалтаны кайсы жинди бир катарга коймок? Ырас, ит сүйлөй албайт, ал кудайдын буйругу. Сүйлөбөсөк да, алардын көп сөздөрүн түшүнөбүз го акыры! «Бизди бу дүйнөдө жаралган тирүү жандардын катарына кошпойбу адамдарың?» деп түтөйт Тайбас. Ташбалта... Ташбалта. Ушу Ташбалтанын өзү да, анан «ташбалта» деген сөз да Тайбастын көңүлүнө көк таштай тийип, ушу азыр жатышында да жаңырып, бирде «Ташбалта» деп угулуп, анын тултук бети, сары чийкил өңү көз алдына тартылса, бирде сөз эмес, мылтык үнүндөй тарсылдап, бирде көңүлүн жипкиринтсе, бирде селт эттире чочутуп, мазесин алды. Адамдын уругу

куруп кеткенсип, ушу Ташбалтага табыштаган тагдырына нааразы, ага туш келбесе бир иттин күнүн көрүп, бейкапар жашамак эле да!

Куйругун кескендеги, анан сарыга айландырам деп ыштагандагы тарткан азап-тозогун башка ит башына салбасын деп тилейт азыр да. Өлүп эле тирилбеди беле бечара ошондо. Анда ала көөдөн жаш кези эмес беле! Жер куруткан Ташбалтанын карөзгөйлүгүн аңдаган эмес. Ал тозок-мүшкүлдү ит аттуунун баарынын бешенесине келчү жазмыш катары түшүнүп, денеси канчалык зааркана ооруганына карабай, «ошо кыйынчылык бир эле мага түшүппү? бу дүйнөдө мага чейин нечен иттер чыдап келиптир, нечендери азыр да чыдап жаткандыр: мен кимден кем элем?» деп өзүнө-өзү кайрат айтып, тишти тишке баса чыдаган. Бу балекеттин баары Ташбалтанын кытмырлыгы экенин, куу тайганды (Тайбасты) Бардан тааныбай калсын деп анын куйругун кесип, өзүн ыштаганын кийин түшүнүп жүрбөйбү шоруң кургур! Ачуу түтүнгө камап, от табына кактап ыштаганда доош чыгарбай канчалык чымырканса да, чыдай албай, көздөрүнөн мөлт-мөлт жаш чубурганын кийин эстеген сайын Ташбалтаны чайнап таштагысы келип, каны кызыйт эле. Ит деген ит да! Кийин куйругунун кесилгенин эстен чыгарып, тээ мурункусундай зуулдап келип шарт токтойм деп нечент ирет оңко-чоңкосунан ала салып, айылдагы иттерге нечен курдай шылдың болуп, намысынан нечен жолу чымындай жандан түңүлбөдү беле! Боз канчыкка алаксып жүрүп, ошо кыйынчылыктарды жеңген. Боз канчыктын аты Иле. Бул атты ага Ташбалтанын баласы койгон имиш. Тайбас бу жалган дүйнөдө кимгедир милдеткер болсо, анда Илеге милдеткер. Ошо Иле байкуш Тайбасты жоголуп кетүүдөн сактады, ал тургай канчыктык айла-амал менен чөккөн көңүлүн көтөрүп, мурдагыдай кайраттуулугун, жанда жок алгырлыгын кайтарып бергенсиди. Анан Иле итчесинен көп эмес, аялдарчасынан бирди тууду. Буга өзү да айраң-таң. Туулгандан эле чыйрактыгынанбы же болпойгон толмочтугунанбы, айтор күчүктү Ташбалтанын балдары «Жолборс» деп аташты. Ушу жакшы аттын ыйгарылганын Тайбас бешенеси жылып сүйүнгөн. Бара-бара ичтеги арманы арылып, күчүк тарбиялоонун кызыгына сүңгүп кетти. Жолборсун жаныңдай көрөт эле.

Ошондой күндөрдүн биринде Ташбалтанын айылына күтүлбөгөн жерден Бардандын келиши Тайбастын эски жарасын козгоп, өзөгүнө от таштап, күйбөгөн жанын күл кылды. Анткени, чолтойгон куйругун, ышталган сары кейпин Бардандан кантип жашыраар айласын таппай, кысынгандан кысынып, жерге кирип кете жаздаган. Мындай өзгөртүлгөн

Тайбасты Бардандын тааныбай калаарын ит жаны кайдан ойлосун?! Барданды өйдө карап тиктей алган эмес. Башка учурда Барданга көз ирмемде учуп жетип жыттагылап, жалап-жуктап жибермек. Аттигинин, ай! Замандын тардыгы, ай! Барданды кандай гана сагынбады эле! Жанына жакын бара албаса да, мурду менен Бардандын тааныш жагымдуу жытын көңүлү тойбой искегиледи...

Ошо күнү Бардан Ташбалтадан Жолборсту сурап алып кетти. Иле үйдө жок болчу. Жолборсту алып кетип жатса да, Тайбас эч аракет жасабады. Аны бир нерсе ооздуктаган эле: «Жолборс Ташбалтанын кордугун тарткыча Барданга кетсе кетсинчи» деген. Канчалык ичи ачышса да чыдап, «жакшы адамга баратасың, кыйылбай кет, күчүгүм, кете бер, күчүгүм!» дегенди эки каңшылаш менен түшүндүргөн. А Жолборс Тайбастан жана Иледен ажыраары менен түк иши жок, тойго бараткансып, аалам түйшүгүнөн бейкапар борсоюп кетип калбадыбы! Мындай оор жоготууга чыдай албаган Иленин сыздай кыңшылашы бир апта басылбады го...

Жолборстун кайда кеткенин сурай берер эле Иле. Аны кантип билбесин Тайбас? Эки күндүк жол да. Илгери Барданда жүргөндө бу жолдон бир нече курдай катташканы күнү бүгүнкүдөй эсинде. «Кыш чыгып, күндүн мурду жылыса Жолборско барабыз, эптеп айласын таап, качып кетебиз, ак эмгек кылган ит Бардандан асти зыян тартпайт» дечү Тайбас. Ал эми Ташбалтанын кечээги акмактыгы Тайбастын жылуу үмүттөрүнүн таш-талканын чыгарып, күлүн көккө сапырды, замансын заң-зуң кылды. Асманда токумдай булут көрүнбөй, күн чайыттай ачылып, жер бети жаз жыттанган маалда Тайбас коңшу айылдан көңүлү көтөрүңкү келаткан. Кашатка чыга берерде ачуу атылган мылтык үнүнөн «каңк» эткен тааныш үн жүрөктүн үшүн алып, атырыла кашатка чыга берип, көргөн көзүнө ишенбей эндиреген. Иле бүк түшүп жатат, тили бултайып оозунан чыгып калган. Ок баш сөөгүн талкалап кетиптир. Ташбалта шашпай мылтыктын куру гилзасын чыгарып, найын «фу» деп үйлөп, «тил албаса ушуну көрөт» дегендей, Тайбаска мурчуя карады да, боз үйгө кирип кетти. Тайбастын көзүнөн от чагылып, бир саам эч нерсе көрбөй, жер астын-үстүн айлангансып, башы каңылдап, кулактарын чуулдак каптады. Өзүнүн бир «каңк» этип, анан Иленин жанына талп жыгылганын да сезбеди. Итке таандык акылынан адаша нес калыбында түнү бою былк этпеди. Кез-кез «фу-фу» деп бышкырганы болбосо, сырттан караганга өлүккө окшоп кыймылсыз. Бул түн Тайбас үчүн турмуштун түбү тешилип, жакшылыктан үмүт үзгөн түн эле. Эми ага баары бир. Ошентип таң атырды. Ал тургай күн аркан бою көтөрүлүп,

турмуш кадимкисиндей бейкапар жүрүп атканын, көнүмүш тиргиликтин камында ары-бери жүргөн жан-жаныбарларды көрүүгө, жаздын буруксуган илебин сезүүгө дарманы жетпеди.

...Ташбалта күндөгүдөй эле сейилге аттанып кеткен. Улуу шашкеде кайтып келди да, адатынча дамбал-көйнөкчөндөнүп, боз үйдүн ныптасындагы кийизге жата кетти. Ал күнгө кактанганы. Ушуну байкаганда гана Тайбаска жан кирип, өйдө обдула ордунан козголду. Ал Ташбалтанын арка тарабынан мышык басыгы менен келди да, ойлонгондой туруп калды. Денеси чыйрыккандай булчуңдары тартышып, жини кайнай көздөрү оттой кызарып чыкканын өзү кайдан билсин?! Анан башын бир чулгуду да, Ташбалтанын дыңкыйган май куйругунан оозуна батышынча тиштеп, бир булка үзүп алды да, качып жөнөдү. «Ташбалтанын куйругун ит да жебес» деп ойлоп, куйрукту күл дөбөгө таштап, андан ары артына бир кылчайбастан ашууга карай атырылды. Кулагында Ташбалтанын «апа-ай!» деген ач айкырыгы (ападан гана айланып кеткир дейт ичинен тайган), анан кыйладан кийин угулган мылтыктын тарсылдагы. Бу айылдан акыркы жолу уккан дооштор ушу болду. Бир тыныкпай, артына да кылчайбай, он беш чакырымдык ашууга чыгып кетти. Антпешке айласы канча?! Жете келсе Ташбалтанын желдеттери тирүүлөй боорун жемек...

МАЗМУНУ

ЮМОРДУК АҢГЕМЕЛЕР

«Өзүбүздүн» немистер 5
Күйгүзөт даа Чонтой 6
Партбюро 6
Шыбырашып 7
Кудай уруп 7
Демократия 7
Котормо 8
Баланын байкагычтыгы ай 8
Касапчыга мал кайгы 8
Куйрукпу 8
Ысырык 9
Майрамга келгиле 9
Аксакал өзүңүз эле... 9
Жаңылыштык 10
Эшегине жараша тушагы 10
Сырак этип 10
Кызарганча 11
Сарымсакты айтсаң 11
Зыкым 12
Кудайдын күнү көп 12
Шылтоо 13
Куурап кетпейби 13
Дос 14
Садирбай 15
Жарык 15
Бүтпөген иш 16
Унутчаактык 17
Акмак эшек 17
Сыйлык 17

САТИРАЛЫК АҢГЕМЕЛЕР

Зам... 18
Чыдабаган Чоко 20
Эрк сатылат 21
Баш жазуу 23
Акыйкаттык деп жүрүп 24
Согушка барам 28
Тилим кычышып 32
Кемелуптун кесепети 35
Самый главный айыпып кетүүнү ойлош керек 37
Телефон 40

ЖОЛ ТААСИРЛЕРИ:
1. Аэропортто 43
2. Мейманканада 43
3. Өзүбүздүкүлөр 47

Жарманке 48
Кыстара кетчү сөз 51
Катын 52
Айранга нан туурап 53

КЫЗГАНЧААК ЭРКЕК:

1. Бир коон, бир дарбыз 56
2. Жоголгон жээн же чатактын башы 58
3. Кайдасың Кара мурут 60
4. Чонтой күүлөнгөндө 62
5. Ышкырык 64
6. Кара мурут сенсиңби? 68
7. Балдыздын баяны 70

АҢГЕМЕЛЕР

Арман 73
Уурдалган куу тайган 95

Жээнбек Каримов

КЫЗГАНЧААК ЭРКЕК

аралаш аңгемелер

(кыргыз тилинде)

Кыргыз жазуучулар Союзунун адабият жайылтуу бюросу

Редактору *Маркабай Ааматов*
Сүрөтчүсү *Рыскан Исаков*
Тех. редактору *Лариса Пинская*
Корректору *Роза Асанбекова*

Терүүгө 11.12.1992 ж. берилди. Басууга кол коюлду. Басмаканалык № 1 кагаз. Форматы, көлөмү 5,5 басма табак, нускасы 5000, заказ 1218, наркы келишимдик баада.

Кыргыз жазуучулар Союзунун адабият жайылтуу бюросу. 720000, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 70.

ГКПП «Эркин Тоо» г. Бишкек, бульвар Эркиндик, 45.

00-9